Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАРБИЯ 11

## БАКЫТ ЖАНА ИЙГИЛИКТИН СЫРЛАРЫ

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
11-класс окуучулары үчүн окуу китеби

Өзбекстан Республикасынын Элге билим
берүү министрлиги басууга сунуштаган



Ташкент – 2021

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

UOʻK 373.3.016:17(075.3)
КBK 87.7я72
T 21

Тарбия [Текст]: 11-класс үчүн окуу китеби / Д. Кенжаев, Н. Исматова, З. Исламов, Д. Рахимжанов, Д. Розиева, З. Заманов, А. Махмудов, С. Шермухаммедова, С. Аккулова, Н. Халмухамедова, З. Жаббарова. Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. – 128 б.

**Жооптуу редактор:**
*Дилшад Кенжаев* – тарых илимдеринин кандидаты.
**Рецензенттер:**

| | | |
|---|---|---|
| *Вахаб Кочкоров* | – | Өзбекстан эл аралык ислам академиясынын профессору, саясат илимдеринин доктору |
| *Шерзадхан Махмудов* | – | Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын Тарых институтунун директорунун орун басары, тарых илимдеринин кандидаты, доцент |
| *Атабек Базаров* | – | Жогорку жана атайын орто билим берүү министрлигинин башкарма башчысы, философия илимдери боюнча философия доктору (PhD) |
| *Лилия Гайнутдинова* | – | Окуучуларды өнөр-кесипке багыттоо жана психологиялык-педагогикалык республикалык диагноз борборунун директору |
| *Хумаюн Рашидов* | – | Элге билим берүү министрлигинын башкарма башчысынын орун басары |
| *Шаира Раупова* | – | “Ziyo-zukko umumta’lim maktabı” МЭББМ мугалими |
| *Мохим Бабаева* | – | Ташкент шаарынын Мырза Улукбек районундагы 222-мектептин мугалими |

Республикалык Руханият жана агартуу борбору, Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитет жана Өзбекстан Жазуучулар уюмунун тиешелүү корутундуларынын негизинде басмага даярдалган.

ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

- Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар
- Ой жүгүртүү үчүн
- Чыгармачыл ишмердүүлүк
- Маалымат үчүн
- Руханият казынасынан
- Билесиңби?
- Өз алдынча ишмердүүлүк
- Сабактан оң жыйынтык чыгарып

Оригинал макет жана дизайн концепциясы
Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди.
Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттарынын эсебинен басылды.

ISBN 978-9943-7523-9-9

© Д. Кенжаев, Н. Исматова жана б.
© Республикалык билим берүү борбору, 2021

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# АРДАКТУУ ОКУУЧУ!

*Жакында өз алдынча жашоо босогосуна кадам коёсуң. Сени алдыда күндөлүк турмуштун жөнөкөй сыноолорунун «өйдө-төмөнүнөн» тартып жашоонун укмуштуудай сыналбаган жолдору күтүп турат. Анткени бул жашоо мейкиндигинде жакшылык жана жамандык, чынчылдык жана жалганчылык, адал жана арам сыяктуу артыкчылык менен кемчилдиктер учурайт. Алар жанаша жашайт. Албетте, турмуш мына ушунусу менен түркүн-түстүү, сырдуу болуп саналат.*

*Элестет, турмушта алгачкы жолу кыйын кырдаалга туш келдиң жана аны кандай жеңүүнү билбей жатасың. Ага каршы күрөшүү үчүн өзүңдө күч таба албай турасың. Кана, айтчы, сен кимге же эмнеге кайрыласың?*

*Албетте, мындай учурларда ата-энең жана жакындарыңдын ак ниет жана тазалыкка негизделген өздүк үлгүсү, тарбиячы-устаттарыңдын мээрим жана тартипке багытталган таалим-тарбиялары абдан пайда берет. Он бир жыл бою башка предметтер сыяктуу "Тарбия" китебинен да алган кооз тарбия, билим жана көндүмдөрүң жардамга келет.*

*Бул китепте "Эркин жана жыргал турмуштун мазмуну", "Чечкиндүү кадамдар менен чоң турмушту карай", "Үлгү мекени", "Миссионердик – жаштардын келечегине кол салуу", "Ренессанстын пайдубалы", "Адалдык вакцинасы" сыяктуу кызыктуу темалар, ой жүгүртүүгө чакыруучу чыгармачыл тапшырмалар берилген. Булар сенин келечекте мүдүрүлбөй, арзыбаган, пайдасыз иштерге чалгыбай, татыктуу турмуш жолуңду табууда ак пейил көмөкчү, жакын сырдаштын милдетин аткарат деп үмүт кылабыз.*

*Урмат менен Сен өңдүү ардактуу, үмүттүү жаштарды бакыт жана ийгиликтин сырларынан кабардар этүүчү, нурлуу келечекке карай багыттоочу*

***авторлор тобу***



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# I БӨЛҮМ. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАР

## 1-ТЕМА: МЕКЕНДИН ӨНҮГҮШҮНӨ МЕН ДА ЖООПТУУМУН

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Жоопкерчилик деген эмне?

2. Сен өзүңдү жоопкерчиликтүүмүн деп айта аласыңбы? Эмне үчүн мындай жыйынтыкка келдиң?

3. Мекенибиздин өнүгүшүндө сенин кандай салымың бар? Сен келечекте тандайын деген кесип Мекендин өнүгүшүнө канчалык таасир этет деп ойлойсуң?

4. “Руханий жашоо”, “материалдык байлыктар”, “адал инсан” деген түшүнүктөрдү өз ара салыштырып, жалпы жактарын айт.

5. Тиешелүүлүк деген эмне? Ал кандай шартта пайда болот?

6. Бурч, жоопкерчилик жана тиешелүүлүк бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

7. Коомдун активдүү мүчөсү катары биз эмнеге тиешелүү болушубуз керек?

Биздин жоопкерчилигибиз эмнелерден турат?

### Ой жүгүртүү үчүн

Адамдагы тиешелүүлүк сезими – кандайдыр бир иш-аракетке, жараянга тиешелүүлүк жана шериктикти билдирет. Ар бир жаран Мекендин тагдырына тиешелүүлүк сезими менен жашаса, анын коомдун алдындагы бурчу жана жоопкерчилиги да артып барат. Тиешелүүлүк сезими адамдарды бириктирет.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Үй-бүлө, маале, мамлекет жана коомдун ортосундагы тиешелүүлүк сезими жана жоопкерчилиги боюнча тизме түз. Аларды бири-бири менен байланыштыр.

2. Н. аттуу окуучу сабакка даярдыксыз келди. Мугалим аны класстын алдында уялтты. Н. болсо: “Мага эскертүү бергенге акыңыз жок, менин ата-энем бар, кааласам сабакка катышам, каалабасам – жок”, – деп жооп берди. Бул абалга сенин мамилең кандай? Бул жагдайга баа бер. Окуучулардын келечегинин мугалимге кандай тиешеси бар?

3. Баалуулук жана тиешелүүлүк түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы барбы? Оюңду негизде.





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

“Жарандар мыйзам менен белгиленген салыктар жана жергиликтүү төлөмдөрдү төлөөгө милдеттүү”.

*Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 51-статьясынан*

1. Бул эрежени тиешелүүлүк түшүнүгү менен байланыштырып түшүндүр. Оюңду мисалдар менен негизде.

2. Салыктарды өз убагында төлөбөө мамлекетин өнүгүүсүнө кандай таасир этет?


3. “Экономикалык билимдин негиздери” предметинен алган билимдериңе таянып төмөнкү суроолорго жооп бер:

– Салыктар эмне үчүн төлөнөт?

– Салыктардан түшкөн киреше кандай максаттарга сарпталат?

– Мамлекет жана коомдун өнүгүшү, тынчтык жана коопсуздукту камсыздоо, социалдык коргоону ишке ашырууга салыктардын кандай тиешеси бар? Бул жараяндардын камсыздалышы сенин жашооңо таасир көрсөтөбү?

## Ой жүгүртүү үчүн




### Татыктуу салым



“Биз чыныгы мааниде жаңы Өзбекстандын перзентибиз, – дейт Каракөл районундагы математикага адистешкен мектептин 9-класс окуучусу Анварбек Рахматов. – Республикалык жана эл аралык олимпиадаларда байгелүү орундарды багындырдым. Түштүк Африкада өткөрүлгөн предметтик олимпиадада алтын жана бронза, Азербайжанда өткөрүлгөн предметтик олимпиадада болсо күмүш, Жаутиков атындагы Эл аралык олимпиадада бронза медалына ээ болдум. Бул ийгиликтеримдин негизинде мамлекетибизде биз жаштарга берилип жаткан мүмкүнчүлүктөрдөн туура пайдалануум жатат деп ойлоймун.

Тилектерим өтө көп. Максатым бизге берилип жаткан бардык мүмкүнчүлүктөргө алтын медалдар менен жооп берүү аркылуу Мекенимдин даңкын дүйнөгө таанытуу”.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2021-жыл 28-июндагы Токтому менен Анварбек Рахматов “Mard o‘g‘lon” мамлекеттик сыйлыгы менен сыйланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





## Ой жүгүртүү үчүн

### Бака

Бир токойдо өрт чыгат. Жаныбарлардын бир бөлүгү күчү жеткен нерсе менен суу ташып, өрттү өчүрмөкчү болушат. Экинчи бөлүгү болсо мындан эч нерсе чыкпайт деп, четке чыгып, карап турушат. Бир бака өрттү өчүрүү үчүн оозунда суу алып келе жаткан эле. Муну көргөн карга аны шылдыңдап:

“Мына ушул сууң менен өрттү өчүрөм деп ойлоп жатасыңбы?” – дейт.

Бака ага мындай жооп берет: “Билем, бул суу өрттү өчүргөнгө жетпейт. Бирок мен бул аракетим менен жакшылык тарапта турганымды билдирем”.



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Коомдун өнүгүшү үчүн өзүңдү канчалык жоопту деп эсептейсиң?
2. Ой жүгүртүү үчүн берилген тексттердин өз ара кандай байланышы бар?
3. Баканын кыймылына баа бер. Бул иш ылдыйда берилген “Негизгиси – чынжырдын үзүлүшүнө сен себепчи болуп калбастыгың”, – деген накыл сөз менен канчалык байланыштуу? Оюңду негизде.
4. Өзбекстандын Баатыры Абдулла Ариповдун “Интеллектуалдык билим Мекенге болгон сүйүү менен шайкеш болгондо гана жогорку натыйжаларды берет”, – деген оюн чечмеле.

## Ой жүгүртүү үчүн

Токулган кездемеде ар бир жиптин өз орду бар экенин бил. Кездеменин кайсы жеринде жип чириген болсо, кезедеме ошол жерден баштап жыртылат. Жашоо чынжырында да кудум ушундай: ар бир адамдын өз орду жана милдети бар. Негизгиси – чынжырдын үзүлүшүнө сен себепчи болуп калбастыгың.

## Руханият казынасынан

Кимдин элге пайдасы тийип, ошол себеп бейпилдик тапса, ошол – жакшы адам.

*Юсуф Хас Хажиб*

Жоопкерчиликти мойнуна алуу адамга жеткилеңдик тартуулап, аны улуу даражага жеткирет.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк










1. Жогорудагы сүрөттөргө кандай ат коёт элең?

2. Сүрөттөрдө чагылдырылган эже-синди, ага-ини мамилелеринде кандай баалуулуктар жашынган? Оюңду билдир.

3. 1-сүрөттөгү кызга: “Өзүң кичине экенсиң, желкеңдеги жүк оордук кылып жатпайбы?” деп суроо беришти. Кыздын жообу кандай болгон деп ойлойсуң?

4. Сүрөттөрдү төмөнкү “Камкордук” аңгемеси менен байланыштырууга аракет кыл. Алардын жоопкерчилик жана тиешелүүлүктүн маңызы менен кандай байланышы бар? Сүрөттөгү балдар кимдин алдында жооптуу? Сенин үй-бүлө мүчөлөрүңдүн алдында кандай жоопкерчилигиң бар? Үй-бүлөнүн алдындагы жоопкерчилик менен Мекендин алдындагы жоопкерчиликти өз ара байланыштырып түшүндүр.

## Ой жүгүртүү үчүн


### Камкордук

Балдар үйүнө бала асырап алуу үчүн бир үй-бүлө келди. Алардын көзү ата-энеси автокырсыкка учураган 7 жашар балага түштү. Бала: “Мен силер менен кете албаймын”, – деди. Андан мунун себебин сурашты.

“Мында менин кичинекей карындашым бар, мен – агамын, аны таштап кете албаймын. Ата-энеме убада бергем”, – деп жооп берди бала.

Мындай камкордукту көргөн адамдардын көзүнө жаш келди жана ага-карындашты бирге перзенттикке алууну чечишти.

## Руханият казынасынан



Аброй менен таанымалдыгың атаңдан,
мээрим жана боорукердигиң апаңдан.

*Махмуд Замахшарий*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

Жолдун четинде чамасы 60 жаш курактагы бир киши жүрөгүн мыкчып жерде жатат. Жанынан адамдар кайдыгер өтүп жатышты, эч кимдин бул адам менен иши жок. Бир жаш жигит болсо четте туруп, жерде жаткан адамды телефонго сүрөткө тартып жатты...

1. Сен мындай жагдайда кандай жол туткан болот элең?

а) бул адамдын алдына барып, ага жардам керекпи же жокпу, деп сурамакмын;

б) убактыма карайм, шашылыш болбосом жардам бермекмин.

Өз сунуштарыңды билдир.

### Ой жүгүртүү үчүн



...Айнагүл мектептен келаткан. Жолдун четинде жаткан адамды көрүп: “Бул адам ооруп калды бекен? Балким жардам керектир?”, – деп жардамга шашты. Ал адамдын абалынан жүрөгү ооруп турганы байкалып турду.

Айнагүл аялдамада турган адамдар жакка чуркап барып, жагдайды түшүндүрдү. Кимдир бирөө кол телефонунан “Тез жардам”га телефон чалды, дагы бирөө ошол адамдын алдына келип, аны ыңгайлуураак жаткырды. Жашы 40 тан ашкан бир аял анын алаканын укалады. Кимдир бирөө кол жоолук менен желпиди.




Эки жигит болсо жараянды кол телефонуна сүрөткө тартып жатты. Алардын бул иши Айнагүлгө жакпады окшойт, наараазы болуп карады. Жигиттер нары кетишти, бирок өз иштерин уланта беришти.

Көп өтпөй “Тез жардам” машинасында дарыгерлер да жетип келди.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Окуя катышуучуларынын аракетине мамиле билдир. Сүрөтчү балдардын максаты эмне? Сен да ушундай максатта сүрөткө аласыңбы?

2. Тексттин “Жакшылыкты ар ким, ар күнү кылышы керек” деген накыл сөз менен байланышын негизде.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Ишкер шербет өндүрөт. Ал жоопкерчиликти сезген түрдө адамдардын ден соолугуна зыяны тийбей турган эң жакшы азык-заттардан пайдаланат. Ар бир азыкты тандап, экспертизадан өткөрөт.

2. Дарыгер оорулууга дарылоо жазуудан мурда аны жакшылап текшерет, кан жана башка анализдерди тапшырууга буюрат.

3. Чек арада турган аскер кунт коюп айлананы күзөтөт. Дайыма сергек турат.

4. Самолёт Ташкент аэропортуна келип конду. Паспорт көзөмөлүндө турган кызматчы ар бир жолоочунун паспортун көңүл буруп текшерип, эринбей компьютер аркылуу көзөмөлдөн өткөрөт.

5. Самолёттордун учушу жана конушун тартипке салуучу диспетчер кезметчилик учурунда көзүн монитордон албайт. Зарыл учурда гана учуучуларга жол көрсөтөт.









6. Элестет, жогорудагы кесип ээлери өз милдеттерине карата кайдыгер, жоопкерчиликсиз болсо, кесепети эмне болот?

7. Шербетти технологиялык экспертизадан өткөрбөө, доктордун анализ натыйжаларысыз дарылоого жазышы, чек арачынын сергектикти жоготуусу, паспорт көзөмөлүндөгү көңүлкоштук, диспетчердин өз милдетине кайдыгер мамилесинин кесепеттери сенин да жашооңо тиешелүүбү?

8. Асманда учуп бараткан самолёттун өз дарегине ийгиликтүү жетип баруусунда техникалык жумушчунун тиешелүүлүк даражасын талда. Сенин буга тиешең барбы? Оюңду негизде.

*(7-беттеги 3-суроодогу кыздын жообу: “Бул жүк эмес, менин иним!”)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2-ТЕМА: ЭРКИН ЖАНА ЖЫРГАЛ ТУРМУШТУН МАЗМУНУ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сен жыргал турмушту кандай элестетесиң? Төмөнкү сүрөттөр аркылуу оюңду негизде.

2. “Тынч жана бейпил турмуш”, “материалдык жана руханий жашоо”, “адал жана берилген адам” түшүнүктөрүн салыштырып, окшош жактарын айт.

3. Мамлекетибизде жыргал турмуш, журт тынчтыгы, коомдун өнүгүшү үчүн кандай иштер аткарылууда?

4. Кандай ойлойсуң, материалдык турмуштун өзү менен жашоого болобу? “Руханий жашоо” түшүнүгүнүн жыргалчылык, тынчтык сөздөрү менен кандай байланышы бар?









## Ой жүгүртүү үчүн

Адамдын иш-аракетинде эки маанилүү фактор – материалдык жана руханий дүйнө өз ара айкалышып, кош канатка айланганда, адам, мамлекет жана коомдун турмушунда өсүү-өзгөрүү, өнүгүү жараяндары жүрөт. Ошону менен бирге билим жана тажрыйбасы, акыл-идиреги, кесиптик тажрыйбасы жетиштүү болгон, мыйзамдарды, өз укук жана милдеттерин жакшы билген адам гана бардык тармакта оң натыйжаларга жетише алат. Бул руханияттын өндүрүш, экономикалык өнүгүү менен түздөн-түз байланышын көрсөтөт. Антпесе, коомдо руханий-ахлактык мамилелер бүлгүнгө учурайт, адамдын аброю, кадыр-баркы тепселет.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн



## Түбөлүктүккө таандык

Махмуд Мирзаев жаштайынан көчөттөрдү кыйыштырууга, жаңы сортторду жаратууга, бакчылыкка абдан кызыкчу. Бул кызыгуу аны Ташкент айыл-чарба институтун карай жетеледи.

Институтту аяктап, бакчылык-жүзүмчүлүккө адистештирилген Кыбрай чарбасында башкы агроном болуп иш баштады. Эми ал дипломдуу адис. Анын мойнунда чоң жоопкерчилик бар.

Агроном илимий иш менен да алектенди. Бакчылык-жүзүмчүлүккө тиешелүү изденүүлөрүнүн натыйжасын 300 дөн ашуун илимий чыгармаларга түшүрдү. Агрономдуктан академиктик даражасына чейинки татаал жана сыймыктуу жолду басып өттү.

Махмуд Мирзаев айыл-чарба илимий академиясынын бакчылык жана жер-жемиш өстүрүү бөлүмүн көп жылдар башкарган. Анын жетекчилигинде таяныч илимий иштер – "Өзбекстан жемиш изилдөө (помология)" жана "Өзбекстан ампелографиясы" (жүзүмдүн түрлөрү жана сорттору жөнүндө) даярдалды. 2013-жылы илимий изилдөө институту академик Махмуд Мирзаевдин урматына анын аты менен аталды.

Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Материалдык жана руханий жашоонун шайкештигин академик Махмуд Мирзаевдин жашоосу мисалында түшүндүр. Анда материалдык жана руханий баалуулуктар айкалышканбы? Эмне үчүн? Махмуд Мирзаевдин ишмердүүлүгүнүн коомдун жыргалчылыгына кандай таасири бар?

2. Сен тандаган жол тынчтык жана жыргалчылыкты чындоого канчалык даражада салым кошот деп ойлойсуң?

3. *"Түбөлүктүккө таандык"* текстин жыргалчылык, тынчтык, руханият сыяктуу терминдердин мазмуну менен байланыштырып түшүндүр.

Руханият казынасынан

Эмгекке болгон мамиле ахлак категориясына кирет. Эмгекке болгон мамиледен адамдын бактылуу болуусу келип чыгат. Демек, бул түшүнүктөрдү туташ, удаалаш койгондо: бакыт – ахлак дегени, ахлак – эмгек дегени болот. Ахлактын жеткилеңдиги бак-таалайга жетүүнүн стимулу болуп саналат.

*Гафур Гулам*



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

Байлык менен кедейлик жанаша жүрөт... Болгону, алар маал-маалы менен орун алмашышат. Ошондуктан байлыгыңа кубанба, ал өткүнчү.

Жокчулукка көп да кайгырба, бул да өткүнчү... Эгерде адам акылдуу болсо, ар бир жакшы-жаман иштерден өзүнө керектүү жыйынтыктарды чыгарып алат...

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Сен мектептен бош убактыңда эмне менен алектенесиң? Кандай фильмдерди көрөсүң же китеп окуйсуң?

2. Көргөн фильмдериң же окуган китебиңдин таасиринде жүргөн учурларың болгонбу? Ошол жагдайды сүрөттөп бере аласыңбы? Кино же чыгарманын каармандарынын тагдырлары, алардын кийинки жашоосуна таасир этиши мүмкүн болгон окуялар жөнүндө ойлогонсуңбу?

3. Эч ойлоп көрдүңбү, сенин күндөлүк турмушуңда боло турган айрым окуялар, жараяндар көргөн фильм жана окуган чыгармаларыңдагы окуяларга окшоп кетеби?

4. Изгиликке эмнелерди мисал кыла аласың?

5. Кантип адамдар изгилик себеп жеке турмушта да, коомдо да акча жана башка байлыктарга ээ болот?

6. Сен турмушуңда акча жана башка байлыктарга ээ болуу үчүн эмнелерди пландадың? Максатыңа жетүү үчүн жол картасын иштеп чык. Мында, албетте, изги максат, изги иштерге көңүл бур.

**Ой жүгүртүү үчүн**

Руханият – адамдардын ортосундагы өз ара ишеним, урмат жана көңүл буруу, элдин жана мамлекеттин келечегин бирге куруу жолундагы изги умтулуулар, үлгүлүү сапаттардын жыйнагы болуп саналат.

Башкача айтканда, руханият – коомдогу бардык саясий-социалдык мамилелердин мазмуну жана сапатын белгилей турган пайдубал болуп эсептелет.

*Шавкат Мирзиёев, Өзбекстан Республикасынын Президенти*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Кандай сапаттар үлгүлүү деп айтылат? Кайсы сапаттарыңды үлгүлүү деп эсептейсиң?

2. Руханият социалдык мамилелердин мазмуну дегенде эмнени түшүндүң? Оюңду 10- жана 13-беттеги сүрөттөрдүн негизинде чечмелөөгө аракет кыл.

3. Үлгүлүү сапат ээлеринен кимдерди билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Руханият казынасынан**

Акча изгиликти жаратпайт, тескерисинче, изгилик себеп адамдар жеке турмушта да, коомдо да акча жана башка байлыктарга ээ болушат.

*Сократ*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Сүрөттөрдүн негизинде “Материалдык турмуштун руханий жактары эмнеден турат?” деген суроого жооп бер. Коомду кризиске алып келиши мүмкүн болгон жагдайларга негиздүү мисалдар келтир.

2. Гүлназа айылдагы дүкөнгө кирип, бир нерселер сатып алды, бирок уялып, алган нерселеринин чегин сурабады. Гүлназа кандай эрежелерди бузду? Анын бул аракети кандай көйгөйлөргө себеп болушу мүмкүн?

3. Сен дүкөндөн нерсе сатып алганыңда алган нерселериңдин чегин сурайсыңбы? Эмне үчүн? Оюңду негизде..









4. Эгерде адам бай болуп, бирок билими, пайдалуу өнөр-кесиби болбосо, топтогон байлыгы канчага жетиши мүмкүн?

5. Руханияттуу адамдын тапкан байлыгынан кимдер пайда табат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 3–4-ТЕМА: ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМДАР МЕНЕН ЧОҢ ТУРМУШТУ КАРАЙ














## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сүрөттөрдөн пайдаланып мамлекетбизде жаштарга берилип жаткан мүмкүнчүлүктөр жөнүндө айтып бер.

2. “Таалимди тарбиядан, тарбияны болсо таалимден ажыратууга болбойт” дегенде сен эмнени түшүнөсүң?

3. Жеткилең адам болуу үчүн кандай сапаттарга ээ болуу керек? Жообуңду негизде.

4. Бүгүн Равшан үчүн башкача күн. Математикадан өткөрүлгөн республикалык олимпиадада биринчи орунду ээлеп, эл аралык олимпиадага жолдомо алды. Ал жөнүндө телевидениеде көрсөтүү берилгенде ата-энеси, классташ жана айылдаштары да кубанышты. Равшандын мындай ийгиликке жетүүндө кимдердин кызматы бар? Анын бул ийгилиги коомубузга кандай пайда келтирет?

5. Мекендештирибиз эл аралык мелдештерде жеңип, алардын ийгиликтеринин урматына мамлекетибиздин гимни жаңырганда эмнени туясың?

## Маалымат үчүн

Абу Наср Фарабий: “Адамдын бардык жандыктардан айырмасы анын акыл-эстүүлүгүндө” дейт.

Абу Райхан Беруний болсо, адамды Кудай жаратканын айтып, анын бүткүл жашоосу жана физиологиялык түзүлүшү географиялык факторлорго байланыштуу экенин көрсөтүп өткөн.

Газзалийдин оюнча, адам улуу жандык жана анын алдында дайыма кооп-коркунучтар болуп турат. Кейгейлөрдү, кооп-коркунучтарды жойгон адам гана бактылуу болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Руханият казынасынан

Тирүүлүктүн сыры илим, адеп, аң-сезимдүү ишмердүүлүк болсо, анын негизи терең акыл, улануучулугу – натыйжалуу эмгек болуп саналат. Бул жараянда убакыттан үнөмдүү пайдалануу сырлардын сыйкырын табууга жардамдашат.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. “Текке кеткен убакыт кайрып берилбейт” деген ойго кандай карайсың?

2. Азирети Алишер Наваийдин ушул накыл сөзүнө көңүл бур:

*“Xazon sipohig‘a, ey bog‘bon, emas mone,*
*Bu bog‘ni tomiga gar ignadin tikan qilg‘il”.*

Башкача айтканда адам өз жашоосун ийнелүү зым тосмолор менен бекем ороп койсо да, эч качан убакыттын тездигинен өзүн асырап кала албайт. Демек, ар бир көз ирмемдин баркына жетүү керек!

3. Чоң турмушта мүдүрүлбөө үчүн убакытты кандай сарптоо керек?

Оюңду күндөлүк ишиң менен байланыштырып түшүндүр. Кандай кулк-мүнөзгө ээ болуу керек? Кайсы сапаттарды зарыл деп ойлойсуң? Тизмесин түз. Алардан кайсы бири сенде калыптанган? Эмнелерге көңүл бурушуң керек?

4. “Мен кандай адаммын?” деген өз портретиңди сызып көр. Өзүңдөгү өзгөчөлүктү 10 баллдык шкалада баалап чык.

| | | |
|---|---|---|
| 1.2.3.4.5 | Акылдуу | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Чынчыл | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Адилеттүү | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Күчтүү | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Мээримдүү | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Киришимдүү | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Эр жүрөк | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Боорукер | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Талап кылуучу | 6.7.8.9.10 |
| 1.2.3.4.5 | Чечкиндүү | 6.7.8.9.10 |

### Ой жүгүртүү үчүн

Адамдын өзүнө берген баасын күзгү менен салыштыруу мүмкүн. Эгерде күзгү кыйшык болсо, адамдын түспөлү да кыйшык көрүнөт. Кудум ушул сыяктуу адамдын өзүнө болгон баасы туура эмес, калыс эмес болсо, ал кыйшык күзгү сыяктуу туура эмес сүрөттөлүштү көрсөтөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Эзелтеден Чыгышта ушундай: адамдын турмуш жолунда ага туура жол көрсөтүүчү, өз бата жана тилектери менен ийгилик жана жетишкендик тилөөчүлөр – ата-эне жана устаттары болушат.

Ошондуктан коомдо мындай урматтуу адамдардын түрү өзгөчө ардактоого татыктуу болуп, аларга ар дайым зарылдык сезилген.

Бул окуя – Улуу Чыгыштын жашоо мүнөзүнүн, атүгүл, анын ыйык адамдык баалуулуктарынын пайдубалын түзгөн жана азыр да ушундай.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. “Армандуу дүйнө” фильмин көргөнсүңбү? Абдурахим мугалимдин чечкиндүүлүгү жана кайратынын натыйжасына баа бер.

2. Чөлдүн ортосундагы таштуу жерди тазалап, ар кандай кыйынчылыктарга туруштук берүү, суусуз жерге суу алып чыгуу фильмдин башкы каарманы Абдурахим мугалимге эмне үчүн керек эле?

3. Сен ушундай каршылыктарга туш болсоң, баштаган ишиңди аягына жеткире аласыңбы?

4. Өмүрүңдө канча көчөт эккенсиң? Эккен көчөтүң азыр кандай болду?



5. Эккен көчөтүңдү кароосуз таштап койбогонуңдай, баштаган жакшы ишиңди да токтотпойсуң. Айтчы, бул жолдо сен негизинен эмнелерге таянасың?

6. Өз алдынча турмушка кадам коюуда эмне үчүн адамда туруктуу эрк, ишеним, жакшылыкка гана умтулуу сыяктуу сапаттар болушу керек?

### Руханият казынасынан

Эгерде бир жылды көздөсөң, шалы эк. Эгерде 50 жылды көздөсөң, дарак эк. Эгерде 100 жыл пайда беришин көздөсөң, перзент тарбияла.

*Кытай эл накыл сөзү*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Баланы кайсы өнөр-кесипке багыттоо керектигин аныктоо үчүн анын талантын билүү керек. Али жаш боло туруп, чоң ийгиликтерге жетишип жаткан баланы көргөндө: “Өзү анын дээринде бар”, – дешет.

Ата-бабаларыбыз перзентине ата-бабаларынын ата-тегин үйрөтүшкөн. Мындан алар кимдерге татыктуу перзент болушу керектигин билишкен. Кудум ушул сыяктуу азыркы жаштар да ушул Мекенде эрезеге жеткен, дүйнөлүк илим-билимдин жана маданияттын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон улуу ата-бабаларыбыздын өмүрү жана ишмердүүлүгүн үйрөнүүсү милдеттүү болуп саналат.

1. “Дүйнөлүк илим-билим жана маданияттын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон улуу ата-бабаларыбыздын өмүрү жана ишмердүүлүгүн үйрөнүү милдеттүү болуп саналат” деген ойду кандай түшүнөсүң?

2. Сен бул милдетти аткаруу үчүн эмнелер кылып жатасың?

### Руханият казынасынан

Жашоодо ийгиликке жетүү үчүн үч нерсе керек: кунт, тартип жана аракет.

*Жалалиддин Румий*

### Билесиңби?

**Хазрат Салимжанов** – КМШ жаштары ортосунда болуп өткөн “Жылдын эң жакшы жаш окумуштуусу – 2021” эл аралык сынагынын “Мехатроника” багыты боюнча сыймыктуу 1-орундун, алтын медалдын ээси.



“Жыл студенти – 2019” кароо-сынагынын “Жылдын эң ойлоп тапкыч инноватор студенти” багыты боюнча жеңүүчү деп табылып, Ислам Каримов атындагы жана Өзбекстан жаштар союзу уюштурган стипендияларга татыктуу болгон.

Студенттердин республикалык предметтик олимпиадасында “Материалдардын каршылыгы” предметинен 2-орунду ээлеген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Мадина Саматбаева** – Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинин студенти. КМШ мамлекеттеринен 200 дөн ашуун таланттуу студент катышкан эл аралык сынакта "Эң жаш окумуштуу – 2021" багытында алтын медалга ээ болгон.



**Файзулла Яхяев** – Ташкент шаарынын Шайхантахур районундагы 19-жалпы билим берүүчү мектептин өзбек тили предмети мугалими. КМШ мамлекеттеринин ортосунда өткөн "Жылдын эң жакшы жаш окумуштуусу – 2021" эл аралык сынагында 14 мамлекеттен келген талапкерлердин ичинен филология багытында 1-орунга ылайык көрүлүп, алтын медаль менен сыйланган.



**Фаррух Фаттаев** – илимий изденүүлөрүн АКШда жүргүзүп жаткан физика илимдеринин доктору. Кесиптештеринин гравитациялык толкундар боюнча жасаган изденүүлөрүнөн пайдаланып, ядролук заттардын абалы теңдемесин аныктоого, о.э, нейтрондук жылдыздын радиусу теңдемесинин 14 км ден жогору боло албастыгын далилдөөгө жетишкен.

Жаш аалым Сурхандарыя облусу Сарыасия районунда төрөлүп өскөн. Физика фундаменталдык илим болгондуктан, физик окумуштуу болуп жетишүүсүнө мектептеги бардык предметтерге бирдей кызыгуусу себеп болгонун айтат.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Жогоруда аттары келтирилген жаштар да жакында эле кудум силердей мектеп окуучулары болчу. Алардын тынымсыз окуу жана изденүүлөрү илимдин чокуларын багынтууга негиз болду.

1. Эмне деп ойлойсуң, жеткилең адис болуу үчүн кайсы предметтерди мыкты билүү керек? Оюңду негизде.

2. Илим-билимдин өнүгүшүндө математиканын орду кайсы жактары менен маанилүү деп ойлойсуң? Эмне үчүн?

## Руханият казынасынан

Жакшы адам өзүнөн бакыт, жаман адам өзүнөн тажрыйба, адашкан адам өзүнөн сабак, жеткилең адам өзүнөн из калтырат...

*Жалалиддин Румий*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Коомдун башкаруусунда сен кандай катышышың мүмкүн?
2. Өз эркин туюнтуу дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Классташтарыңдын ичинен класскомду кандай критерийдин негизинде шайлайсың?
4. Он сегиз жашка толгондон соң өз саясий эркиңди туюнтууга киришесиң. Шайлоо жараяндарына катыша баштайсың. Мында эмнелерге көңүл бурушуң керек болот?

**Маалымат үчүн**

Өзбекстан Республикасынын Президенти, Мыйзам чыгаруу палатасынын депутаттары жана жергиликтүү Кеңештердин депутаттарын шайлоо жалпы болуп саналат.

Шайлоо күнү он сегиз жашка толгон Өзбекстан Республикасынын жарандары шайлоо укугуна ээ.

Жарандар жынысы, расалык жана улуттук тиешелүүлүгү, тили, динге болгон мамилеси, социалдык келип чыгышы, ынанымы, жеке жана социалдык бедели, маалыматы, ишмердүүлүгүнүн түрү жана өзгөчөлүктөрүнөн көз карандысыз түрдө тең шайлоо укугуна ээ.

*Өзбекстан Республикасынын Шайлоо кодекси, 4-статья*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**



1. 18 жашка толгон жеке инсан кандай укуктарынан толук кандуу пайдаланат? Бул укуктар кандай жоопкерчилик жана милдеттерди келтирип чыгарат?
2. Өзбекстан Республикасынын Конституциясынан шайлоого тиешелүү статьяларды тап жана темага байланыштырып түшүндүрүүгө аракет кыл.
3. Байкадың беле, үй-бүлө мүчөлөрүңдөн жашы улуулар шайлоо жараяны жакындаганда үйдө өз ара талкуулай башташат. Алар көбүрөк коомдогу, үй-бүлөдөгү кандай баалуулуктар жөнүндө сүйлөшүшөт? Эмне үчүн ушундай?
4. Шайлоодогу үгүттөө жараяндарын күзөткөнсүңбү? Бул жараяндар коомдун өнүгүшү үчүн канчалык маанилүү?

**Билесиңби?**

Мамлекет жана укуктун негиздери предметинен алган билимдериңдин негизинде жооп бер:

Шайлоолор жалпы, тең, түздөн-түз жана жашыруун добуш берүү жолу менен өткөрүлөт. Айтчы, “бир паспорт – бир добуш” дегенде эмнени түшүнөсүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



Ата өлүмүнөн мурда уулун чакырып, колуна бир саат карматты:
– Бул саат 200 жыл мурда жасалган. Бизге чоң атаңдын чоң атасынан мурас. Сен муну мааленин башындагы саат устага алып барып сатмакчы экениңди айт жана анын жообун мага жеткир, – деди. Уулу барып, саат устадан “Мунуң эски экен, беш доллар берем” деген жообун алып келди.

– Эми муну сейрек буюмдар сатылуучу дүкөнгө алып бар, – деди атасы. Ал жерге барган уул дүкөнчүнүн “беш миң доллар берем” деген жообу менен кайтты. Атасы уулун дагы жөнөтө туруп:

– Эми муну мамлекет музейине алып барып, сатмакчы экениңди айт, – деди. Музейге барып, атасынын жанына өтө таң калган түрдө кайткан уул:

– Музейдегилер бир адисти чакырып, аны жакшылап текшергенден соң, ушул кымындай гана темирди бир миллион доллар деп баалашты! – деди.

Ошондо атасы:

– Балам, оболу бардык нерселер да убакыттын окумуно баш ийип, эскирип калбайт. Турмушта убакыт откон сайын баа-баркы артып баруучу баалуулуктар бар. Ошондуктан баа жеткис улуттук баалуулуктарыбызды асырап-абайла жана келечек муунга жеткир.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Эмгектин үзүрү адамдын татыктуу жашашы үчүн зарылдык десек, анын натыйжасы коомдун өнүгүшүнө кандай таасир этет?

2. Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, төмөнкү инсандар кантип көпчүлүктү өзүнүн артынан ээрчите алгандыгын айт. Сиддхартха Гаутама (Будда), Тумарис, Гай Юлий Цезарь, Конфуций, Кун Цзи, Спартак, Иса пайгамбар (а.с), Спитамен, Мухаммад пайгамбар (с.а.в), Нажмиддин Кубра, Амир Темур, Махатма Ганди, Нельсон Манделла, Исмаил Гаспирали, Махмудкожо Бехбудий.

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. “Мекенибиздин берилген перзенттери” дегенде кандай жаштар көздө тутулат?

2. QR кодду сканерле. Сен келечекке кандай кадам коюп жатасың? Кандай талантым бар деп ойлойсуң? Бул талантыңды өнүктүрүү үчүн эмнелерге көңүл бурушуң керек?

3. Өз алдынча турмушка кадам коюуда кандай эрежелерге көңүл буруууну сунуштайсың. Тизмесин түз жана ар бир сунушуңду негизде. Өз алдынча турмуштун жол көрсөткүчтөрүн иштеп чык. Мында мамлекет жана укуктун негиздери предметинен алган билимдериңден да пайдалан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 5-ТЕМА: ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЖООПКЕРЧИЛИГИ, АБРОЮ ЖАНА БАРКЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сүрөттөрдөн пайдаланып үй-бүлө руханияты жөнүндөгү өз түшүнүгүңдү айт.
2. Үй-бүлөнүн ыйыктыгы эмне менен өлчөнөт?
3. Үй-бүлөгө мүнөздөмө бергенде "Үй-бүлө кичи Мекен", делет. Сен бул ойго кошуласыңбы? Жообуңду негизде.
4. Абдулла Ариповдун "Өткөн күндөр" романынан үй-бүлөлүк баалуулуктар чагылдырылган үзүндүлөрдү эсте.


1


2

## Ой жүгүртүү үчүн

Үй-бүлөдөгү чөйрө адамдын өзүнө таандык руханияты, көз карашы, элес жана ынанымынын калыптануусунда, өнүгүүсүндө маанилүү фактор болот. Адамдын дили жана аң-сезиминдеги эң аруу, таза сезимдер, алгачкы турмуштук түшүнүк жана элестетүүлөр дал ушул үй-бүлөнүн ичинде калыптанат.

Бул ыйык туракта перзент дүйнөгө келип гана калбастан, о.э. руханий жана ахлактык жактан кооз тарбиянын ээси болгон адам эрезеге жетет. Үй-бүлөдө адамзаттын муундары өсүп-жетилет. Ата-бабаларыбыз эзелтеден үй-бүлөнүн бекемдиги, дени сак муундун тарбиясына дайыма көңүл бурушкан. Мындай мамиле муундардын дили жана аң-сезимине сиңдирип барылган.


3


4

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. "Бул ыйык туракта руханий жана ахлактык жактан кооз тарбиянын ээси болгон адам эрезеге жетет" деген ойду сүрөттөрдүн негизинде түшүндүрүүгө аракеттен.
2. "Адамдын дили жана аң-сезиминдеги эң аруу, таза сезимдери, алгачкы турмуштук түшүнүк жана элестетүүлөр" дегенде эмнелерди түшүндүң? Мисал келтирүүгө аракет кыл.
3. Ага-ини, эже-сиңди мамилелеринде жоопкерчилик барбы? Жообуңду негизде.
4. 5-, 6-сүрөттөрдүн негизинде аңгеме түз. Сүрөттөрдү кандай атайт элең?


5


6



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Билесиңби?

Окумуштуулардын аныктоосу боюнча, табиятта адамдар, киттер жана пилдердин үй-бүлөсүндө “чоң ата” же “чоң эне” бар экен. Жаш пилдер 5 жашка чейин чоң энелери менен бирге жүрөт экен. Улуу жаштагы пилдер жаш пилдердин тарбиясы менен түздөн-түз алектенишет. Алар жаш пилдерге тамак-аш табуу, тузактардан коргонуу, башка пилдерди урматтоо сыяктуу турмуштук эрежелерди үйрөтүшөт.

### Ой жүгүртүү үчүн

Үй-бүлө ар бир элдин, улуттун улануучулугун сактоочу, улуттук баалуулуктардын өнүгүшүн камсыздоочу ыйык турак да болуп саналат. Үй-бүлөдө биз жана муундарыбыз тарбияланып, улгаябыз, дүйнөнү тааныйбыз жана бардыгыбыз түрдүү кулк-мүнөзгө ээ болуп барабыз.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Үй-бүлөлүк бейпилдик түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.
2. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде үй-бүлө маселесине кандай көңүл бурулууда? Бул жөнүндөгү оюңду негизде.
3. “Үй-бүлө – ыйык коргон”. Бул түшүнүккө 21-бетте берилген сүрөттөр аркылуу мүнөздөмө бер.

### Ой жүгүртүү үчүн

Үй-бүлө эзелтеден ыйык турак катары бекталган. Үй-бүлө мүчөлөрү белгилүү жашоо мүнөзүнө, тартип-эрежелерди сакташкан. Тажрыйба арттыруу, тыкандык жана үнөмчүлдүк, туруктуулук жана чынчылдык сыяктуу адеп-ахлак нормаларын калыптандыруу эзелтеден үй-бүлөнүн негизги милдети болуп келген.

Эгерде үй-бүлөдө шериктештик, биримдик, өз ара урмат-сый, бири-бирине ишеним күчтүү болсо, чынчыл, боорукер, мээримдүү, өз жакындары, тууган-уруктары, коңшуларына дайыма жардам берүүгө даяр болгон адамдар өсүп чоңоёт.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк



1. Үй-бүлөдө ата-энең сен же ини-карындаштарыңды эркелеп кандай жылуу сөздөрдү айтат?
2. Үй-бүлөнүн бекемдигине сен кандай салым кошосуң? Оюңду негизде.
3. Төмөнкү текстти оку жана өз үй-бүлөңдөгү жагдай менен салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ата ымыркайын аздектегенде бийик көтөрөт. Бул – менден да улуу бол балам, дегени. Бул – чыныгы камкордук жана баланы бардык нерседен, жадагалса өзүнөн да ардактай билүү түшүнүгү. Ата баласы мектепке барганда аны кучагына алып, маңдайынан өптү. Бул – бактың жарык болсун дегени. Анда эртеңкинин үмүтү бар, ошол мээримде баласынын келечеги үчүн ар нерсеге даяр туруу сезими болот. Аскердик кызматка күзөтүп жатканда ата уулунун белинен шарт көтөрөт. Бул – Мекен кызматына байлаган белиң бекем болсун, дегени. Окууну аяктап, уулу колунан ишин алганда ата батага кол ачат: “Жолуң жарык болсун, балам...”


Ошондо анын көздөрү жаштанганын көрбөйсүң, жүрөгүндөгү сыймыкты элестете албайсың. Баласынын изги иштерди жасаганын көргөндө “атанын уулу” деп барктайт, кызына болсо “жаным кызым” деп кайрылат... Мунун негизинде мындай даанышмандык бар: “Бүгүн сени аздектесем, эртеге сага таянам!”

*Басма ЖМК материалдарынан*

4. Коом жана мамлекеттин өнүгүшүндө жеке тиешелүүлүктүн орду кандай?

5. “Жеке инсан”, “үй-бүлө”, “коом” – бул үч түшүнүктү кандай байланыштар тыгыз бириктирип турат?

6. Венн диаграммасынын негизинде тиешелүүлүк, руханий жеткилеңдик, жоопкерчилик, аброй, кадыр-барк сөздөрүнүн туташкан сызыктарын аныкта жана алардын коомдун тынчтыгы жана жыргалчылыгына тийгизген таасирин аныкта.




**Руханият казынасынан**

Бир үй-бүлөнүн бактысы жана урматы, албетте, ошол элдин ички тартиби жана ынактыгына байланыштуу. Ал эми тынчтык жана ынактык ошол улуттун үй-бүлөлөрүнүн тартибине таянат, мамлекет менен улут да ошондой күчтүү жана ырааттуу болот.

Эгерде бир мамлекеттин эли ахлаксыздык жана түркөйлүк менен үй-бүлөлүк мамилелерди алсыратып жиберсе жана тартипсиздикке жол берсе, ошондо бул улуттун бактысы менен турмушу күмөндө калат.

*Абдурауф Фитрат*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Үй-бүлөнүн бактысы эмнеде? Үй-бүлөңдүн бактылуу болушунда сенин жоопкерчилигиң кандай даражада болушу керек?

2. Бакыттын пульсун сызып чык. Пульс төмөндөп кетпесин үчүн аны кайсы ритмде кармап турууну сунуштайсың?




### Руханият казынасынан

Тууғандарга ырайымдуу болуу, жумшак мүнөз жана жакшы коңшучулук – журтту абат жана өмүрдү узун кылат.

### Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Үй-бүлөнүн токчулугу эмнеге байланыштуу?

2. Сенин үй-бүлөңдө үй-бүлөлүк ишкердик жолго коюлганбы? Эмнеге үй-бүлөдө кандайдыр бир өнөр үйрөнүү керек дейилет?

3. Элестет, үй-бүлө мүчөлөрүң менен үй шартында чакан бизнес баштадың. Сен жаратып жаткан продукцияны сенден мурда маалеңдеги башка бир үй-бүлө өндүргөн жана базарда өз кардарына ээ. Мындай жагдайда кандай жол туткан болот элең?







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II БӨЛҮМ. АДАМДЫН РУХАНИЯТЫ

## 6-ТЕМА: ҮЛГҮНҮН ТУРАГЫ

**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар**

1. Эмне үчүн маалени *баалуулуктар бешиги дешет?*
2. Сен жашаган аймакта кандай маалелер бар? Алардын аты кандай баалуулуктар менен байланыштуу?
3. Мааленин тынчтыгы, жыргалчылыгы үчүн кимдер жооптуу? Маалелерге ошондой адамдар керекпи? Эмне үчүн?
4. Мааленин элин кандай баалуулуктар бириктирет?

**Ой жүгүртүү үчүн**

Класcташ кыздар экзамендерге чогуу даярдануу үчүн Дилфузанын үйүнө бардык. Дарбаза алдындагы орундукта отурган Исамжан атанын: “Сен Гыяс атанын небересисиңби? Чоң-энеңдин өзү болупсуң”, “Сен, кызым Саадулланын неберелерине окшоп жатасың, үнүң кудум апаңдын үнүндөй экен”, “Кел, кел, Пазылжандын кызы, сен кудум атаңдын кызы болупсуң!” дегенинен Дилфуза: “Кызык, чоң ата, бардык курбуларымды чоң ата-чоң энеси, ата-энелерине окшотуп, анык тааныдыңыз. Үйдө отурсаңыз да, баарын тааныйсыз!” деди.

“Маалечилик ушул да балам, адамдар бири-бирине тууган болуп кетишет. 80 жашка кирдим. Досторуңдун ата-бабасы менен бирге чоңойдук, тоюбуз, өлүмүбүз, жакшы-жаман күндөрүбүз бирге өттү. Адам адамга керек, балам”, деди чоң-ата үгүт айткандай.

**Маалымат үчүн**

Маале адамдын турмушу, жашоо мүнөзү, тагдыры, эң негизгиси, тарбиясында негизги ролдордон бирин ойноочу чоң күч болуп эсептелет. Анткени, адамдын өмүрүнүн балалык жана өспүрүмдүк, о.э, карылык жылдары дал ошол мааледе өтөт. Маале – элди бириктирүүгө жана багыттоого, коомду өнүктүрүүгө кызмат кылуучу, о.э, өз аймагында аруулук, чынчылдык, калыстык, ак ниеттүүлүктү калыптандыруучу күч болуп саналат. Маале улуттук үрп-адат жана салттар, ашар жана башка иш-чараларды ишке ашыруунун каражаты да болуп саналат. О.э, маалени адамдар бири-биринин ысык-суугунан, кайгы-капасынан кабар алып туруучу эң куттуу жай деп бекеринен айтышпаган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Маалеңде жашоочу классташтарыңдын ата-бабаларын билесиңби? Үйдө чоң атаң, ата-энеңден маалеңдегилердин тарыхы жөнүндө айтып берүүлөрүн сура. Чоңдордун айткандары менен досторуңдун сырткы көрүнүшү, мүнөзүндө эмне окшоштуктар бар экенине көңүл бур.
2. Дос тандаганда, үй-бүлө курганда чоңдордун кеңешине кулак салуу шартпы? Эмне үчүн? Оюңду негиздөө үчүн беш мисал келтир.
3. Адам узак сапардан соң өзү туулуп өскөн маалесине келсе, эмнелерди туят? Ошондой жагдайлардын күбөсү болгонсуңбу?

**Ой жүгүртүү үчүн**

## Мен мардикер эмесмин

Көп кабаттуу үйдө жашайбыз. Үй башкаруучубуз Айт майрамы алдынан ашар жарыялады. Жаш-кары таңдан шыпыргы, күрөктөрү менен чыгып ырааты менен иш баштады. Үйүбүздүн алдындагы эс алуу үчүн ажыратылган жердеги сөрүгө жууркан салынып, улуулар үчүн келиндер таттуулардан, мөмө-жемиштерден алып чыгышты. Кичине балдардын чоңдорго жардам берүүгө ашыкканы, айрыкча, баарын кубантты.

Баары иш менен алек болуп, 5-кабатка жаңы көчүп келген коңшунун уулун байкашпады. Ал болсо эч нерсе көрбөгөндөй, телефондо сүйлөшүп үйүнө кирип кете баштады. “Уулум, сен топтолгон чыгындыларды таштап кел”, – деди ага туш келген атам. “Мен мардикер эмесмин, жогорку окуу жайын аяктаганмын”, – деп ал жигит наааразыланган үн менен күңкүлдөдү.

## Акчасын төлөсөңөр...

Маалебизде ишемби күнү ашар жарыяланды. Күн көтөрүлүп кеткенине карабастан, коңшулардын бири да көрүнбөйт. Абдусаттар чоң ата үй-бүлөсү менен машинасына отуруп кетип жаткан Ашраф аганы токтотуп, уяткармак болуп: “Ашрафжан, жол болсун, бул күндү ашар деп жарыялаган элек. Балдарың да чоңоюп калышты, баарыбыз биригип көчөбүздү тазалап койбойбузбу – деди. “Бир мардикер жалдап иштетиңиздер, акчасын берип коёбуз”, – деди кекиреңдеп Ашраф ага.

“Чет элдерде ар кандай эмгек үчүн акы төлөнөт, бизде дайым эле ашар болот, акчасын төлөсөңүз, тазалап коё беребиз”, – деди кызын мектепке алып бараткан коңшунун келини.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Ашарлар эмне максатта уюштурулат? Тазалыкты сактоо үчүн тазалоочу ишчилердин кызматы жетиштүү эмеспи?
2. Ашардын адамдардын биримдиги, өз ара ынактыгында кандай мааниси бар?
3. Сенин үй-бүлөң да ашарда катышабы?
4. Тазалык – ден соолуктун күрөөсү, дейилет китептерде. Үйүбүздүн ичи таза болуп, көчө, маале, жолдор, суу көлмөлөрү, айлана-чөйрө булганса, тазалыкты сактап жатабыз деп айтууга болобу?
5. Кандай ойлойсуң, жугуштуу оорулар, экологиянын бузулушуна тартипсиздик, айлананы таза тутпоо себеп болушу мүмкүнбү?
6. Мааледеги түрдүү жагдайлар менен байланыштуу сценарийлерди түз. Өз ара ролдорду бөлүштүрүп, маале башчысы, маале активи, аялдар маселелери боюнча кеңешчи, психолог, мааледегилердин образдарын жарат. Түрдүү жагдайларды сахналаштыр.

**Маалымат үчүн**

## Темурийлер доорунда да тазалыкка көңүл бурулган

Амир Темур доорунда мааледе биримдик, тазалык маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Элди ичимдик суусу менен камсыздоо үчүн көптөгөн жасалма көлмө, арыктар казылган. Тарыхый булактарда келтирилген маалыматтарга көрө, Амир Темур жана темурийлер доорунда жугуштуу оорулар тез-тез тарап турчу. Мунун алдын алуу үчүн керектүү чаралар көрүлгөн. Алсак, тазалыкка чоң маани берилген, айрыкча, арык жана жасалма көлмөлөрдөгү суулар абдан таза кармалган.

**Руханият казынасынан**

Кандайдыр бир адам мааледе жашап туруп, андан "сыртта" боло албайт. Маале өз ара ишеним, жардам жана коргоо мамилелерине негизделет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Алишер Наваий социалдык келип чыгышы, аброюнан көз карандысыз түрдө, адамдарды барктаган. Адам деп аталган жандыкка улуу урмат менен караган. Адамдардын ахлактык жана инсандык сапаттарын өз чыгармаларында көккө көтөргөн. Жакшыларга кошулууну, жакшылардын маегинде болуп, дайыма сылыктык, айкөлдүк жана адамгерчилик менен элдин урматына татыктуу болуу мүмкүндүгүн айтып келген.

Наваий динди жана ар-намысты бекем туткан, бул жолдон такыр адашпаган улуу инсан эле. Ал ыйман, нысап, намыс, берешен, адамгерчилик сыяктуу адамзаттык баалуулуктарды дайыма сактап жашаган.

Башкаларды да ушуга үгүттөгөн. Бүт өмүрү жана ишмердүүлүгүн адамдын бак-таалайы, элдин жыргалчылыгына арнаган. Айрыкча, Наваий вазирлик доорунда бүт күчүн мамлекетте тынчтык жана бейпилдикти орнотууга, аны андан да абат кылууга сарптаган. Тарыхчы Хандамир Алишер Наваий Хурасанда 52 рават, 20 жасалма көлмө, 16 көпүрө, бир нече мечит-медресе, суу тогоон, арык, мончо жана башка үй-орозгерчилик имараттарын курдурганын жазган.

Наваийдин учурунда Герат ири маданий борборго айланган, илим-билим, таалим гүлдөп өскөн. Ойчул акын элди ойлоп, анын бак-таалайы үчүн берилгендик көрсөтүүнү эң үлгүлүү өмүр деп билген. Ал элге иш менен да, сөз менен да пайда келтирүү керектигин айтат:

*Naf yetkurmakka shior aylading,*
*O'zungga ul nafni yor aylading.*
*Nafing agar xalqqa beshak durur,*
*Bilki, bu naf o'zungga ko'prak durur.*

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Улуу ойчул Алишер Наваий акылдуу акын гана эмес, о.э, элдин түйшүгүн ойлогон мекенчил адам катары тирүү деген ойду негизде.

2. *"Naf yetkurmakka shior aylading"* деп башталуучу ырды көңүл буруп оку. Түшүнгөндөрүңдүн негизинде "Менин мааледеги ордум" темасында эссе жаз.

3. Эмне үчүн маале үлгүнүн турагы дейилет? Мааледе кандай үлгүлүү иштер жасалууда?

4. "Маалемдин абаттыгында менин ордум" темасында өзүң аткара ала турган сунуштар жана аларды ишке ашыруу планын иштеп чык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 7-ТЕМА: КЕҢ ПЕЙИЛДҮҮЛҮК

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Кең пейилдүүлүк дегенде эмнени түшүнөсүң? Сен өзүңдү кең пейилдүү адам деп эсептейсиңби?

2. Кең пейилдүү болуунун коом жана мамлекеттин өнүгүшүнө кандай таасири бар?

3. Мамлекетке карата “кең пейилдүү” сөзүн колдонуу мүмкүнбү?

4. Төмөнкү маалыматтарды оку жана 3-суроого берген жообуң менен салыштыр:

*а) 2019-жылы 10-октябрда Өзбекстандык 64 бала Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринен атайын авиарейсте Ташкент шаарына алып келинди.*

*б) Өзбекстанда окутуу жети тилде жүргүзүлөт. Бул үчүн өзбек тилинде жаратылган бардык китептер алты (каракалпак, орус, казак, тажик, кыргыз, түркмөн) тилине которулуп, окуучуларга жеткирип берилет. Кандай ойлойсуң, мамлекеттин бул иш-аракетин кең пейилдүүлүк деп баалоо мүмкүнбү? Оюңду негизде.*




## Ой жүгүртүү үчүн

Ортобуздагы достук алакалары бардык тармактарда байкалууда: ар бир православдын мусулман достору бар болгондой, чиркөө кызматкерлери менен имамдардын ортосунда да достук мамилелери өтө жогору. Мусулман досторго ишкердик багыты же конституция маселесинде жардам менен кайрылсак, сөзсүз, суралган нерсени алабыз. Бизде келишпестиктер тургай, түшүнбөстүктөр да жок.

*Митрополит Владимир*

1. Жогоруда берилген пикирди темага байланыштырып, адамдардын өз ара камкор жана кечиримдүү болушу жөнүндө пикир билдир.

2. Сен жат адамдарга карата да кичи пейил жана кечиримдүү боло аласыңбы? Мындай жол тутууңда кандай баалуулуктар үстөмдүк кылат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Бир адам ар күнү базардан үч нан сатып алчу экен. Үчтөн көп да, аз да албайт экен. Аны байкап жүргөн наабай бир күнү андан сураптыр:

– Эй курбум, сени кыйладан бери күзөтөм. Күндө үчтөн нан сатып аласың. Көп да эмес, аз да эмес. Мунун себеби эмнеде?

1. Эмне үчүн наабай дал ушул кардарга көңүл бурду?

2. Наабайдын суроосуна кардар эмне деп жооп берген болушу мүмкүн?

– Туура, – дептир кардар. – Күндө үч нан алам. Анын бирин карызыма берем, дагы бирин карызга берем. Калган бирин өзүм жейм!

Наабай кардардын бир нанды өзүм жейм деген сөзүн түшүнүптүр, калганын түшүнбөй таң калыптыр.

3. Кардар кимден карыз? Андан ким карыздар болушу мүмкүн?

4. Кимдердин алдында өзүңдү карыздар деп эсептейсиң?

Ошондо кардар айткан сөзүн чечмелеп берди:

– Карызыма дегенимди ата-энеме берем. Себеби, алар мени балалыгымда кудум ушундай нан берип, багышкан. Карызга дегенимди болсо, балдарыма берем. Бир күн келип, алар да карыздарын үзүшөт...

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Ошондон кийин наабай кардардын оюна кандай мамиле билдирген болушу мүмкүн?

2. Бул аңгемедеги кардар жөнөкөй адамдык бурчун аткарып жаткан киши дейли, ал үч нан алып барбаса, кандай жагдай болушу мүмкүн? Сен анын ордунда болсоң кандай жол тутат элең?

3. Сен адатта канча нан сатып аласың? Эмне үчүн?

### Руханият казынасынан

Канаттуулар сыяктуу абада учууну үйрөндүк. Балыктар сыяктуу деңиздерде сүзүүнү үйрөндүк. Бирок азыркы күнгө чейин жер бетинде ага-инидей жашаганды үйрөнбөдүк.

*Мартин Лютер Кинг*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. “Жер бетинде ага-инидей жашаганды үйрөнбөдүк” дегенде эмне назарда тутулган?

2. Айлана-чөйрөдөгүлөр менен дос-курдаш болуп жашоо үчүн адамда кандай сапаттар калыптанган болушу керек деп ойлойсуң?

### Ой жүгүртүү үчүн

Улуттар аралык ынтымак идеясын ишке ашырууга жолтоо боло турган эң коoптуу тоскоолдук – агрессивдүү улутчулдук жана шовинизм болуп саналат. Мындай илдет, зыяндуу идеянын тузагына түшүп калган коом талашсыз түрдө кырсыкка жүз бурат.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Тарых предметинен алган билимдериңе таянып, агрессивдүү улутчулдук жана шовинизмге мисалдар келтир.

2. Фашизмдин расисттик саясаты кандай кесепеттерге алып келди?

3. Агрессивдүү улутчулдук жана шовинизм сыяктуу илдеттерди жоюу үчүн кандай сунуш бере аласың? Бул жараянда сен кандай катышасың?

### Маалымат үчүн

Азырга чейин фашизм, шовинизм, расисттик идеяларын өнүктүрүп, улуттар аралык ынтымак, биримдик идеясына каршы “кресттүүлөр жортуулдары” сыяктуу аракеттерди уюштурууга умтулуп жаткан күчтөрдүн бар экени баарыбызды сергектикке чакырышы керек.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Коопсуздук жана туруктуулуктун маанисине кандай баа бересиң?

2. Жашы улуу карыялардан согуш жана тынчтык жөнүндөгү ойлорун сурадың беле? Алардын жооп берип жаткандагы абалдары кандай болгон?

3. Бүгүн бүткүл дүйнөдөгү стабилдүүлүккө коoп салып жаткан эң чоң коoп эмне деп ойлойсуң?

4. QR коддо берилген үзүндүнү көрүп, сен да өз пикириңди билдир жана “Жогорку кең пейилдүүлүктүн үлгүсү” жөнүндө айтып бер.

5. Бүгүнкү күндө кең пейилдүүлүк багытында мамлекет тарабынан жасалып жаткан иштерге мисал келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Маалымат үчүн

Юридикалык жактан таанылганы же таанылбаганынан көз карандысыз түрдө, бардык мамлекеттер дин жана ынаным эркиндигине урмат менен кароолорун жарыялашкан.

Дүйнөдөгү диндердин баары изги идеяларга негизделет, адалдык, тынчтык, жакшылык жана достук сыяктуу бир канча изги сапаттарга таянат. Алар адамдарды адалдык жана аруулук, мээрим-сүйүү, адамгерчилик жана кең пейилдүүлүккө үгүттөйт.



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Жер бетиндеги 1600 дөн көп улуттун болгону 200 дөн ашууну өз мамлекетине ээ. Өз мамлекетине ээ болгон улуттардын мойнунда кандай жоопкерчилик жана милдеттер бар?

2. Журтубуздагы 16 диний конфессия, 2200 дөн ашуун диний уюмдар диний кең пейилдүүлүктүн негиздерин сактаган түрдө өз ара тынч-ынтымакта жашашууда.

Бул пикирди Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 4-статьясы менен байланыштырып түшүндүр.

3. XXI кылымдын башында мамлекет менен диндин өз ара мамилелери кандай болгонунан келип чыгып, дүйнөдөгү мамлекеттерди топторго бөл. Мисалы: кандайдыр бир динге мамлекеттик дин статусу берилген мамлекеттер – Катар, Пакистан, Коста-Рика... Дин мамлекеттен ажыратылган мамлекеттер – Россия, Франция, Германия, Өзбекстан... .





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Эзелтеден өз ара боордош жана дос болгон мамлекеттерибиз көптөгөн аймактык жана глобалдуу маселелер, социалдык-экономикалык өнүгүү боюнча жакын кызматташтыкта аракет кыла баштады. Дүйнөлүк саясат таануучулукта "Борбордук Азиянын руху" деген сөз пайда болду...

Коомубузда улуттар аралык ынтымак жана кең пейилдүүлүк чөйрөсүн чыңдоого багытталган иштерибиз сапат жагынан жаңы баскычка көтөрүлүүдө. Жыл сайын Эл аралык достук күнү катары кең белгиленүүчү 30-июль Өзбекстанда "Элдердин достугу күнү" деп жарыяланган. Быйыл бул майрам мамлекетибизде биринчи жолу кеңири белгиленди. Муну да ички жана сырткы саясаттын факторлору бириге турган шайкеш окуя катары кабыл алуу мүмкүн.

*Шавкат Мирзиёев, "Жаңы Өзбекстанды куруу – бул объективдүү зарылдык". "Жаңы Өзбекстан" газетасы 2021-жылдын 17-августу*

## Ой жүгүртүү үчүн

Маалыматтарга караганда, мындан жүз жыл мурда республикабыздын аймагында 70 ке жакын улуттун өкүлдөрү жашаган. 1926-жылы мамлекетибизде 90 улут жана элдердин өкүлдөрү жашаган болсо, 1959-жылы алардын саны 113 кө, 1979-жылда болсо 123 кө жеткен, ал эми 1989-жылдан бүгүнгө чейинки убакытта 130 дан ашкан.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Коопсуздук камсыздалбаган коомдо туруктуулук кандай даражада болот? Бүткүл дүйнөдөгү туруктуулукту кандайча кепилдөө мүмкүн?
2. Коопсуздукту камсыздоодо улуттар аралык ынтымактын мааниси эмнелерден турат?

## Маалымат үчүн

Кең пейилдүүлүк принциптери Декларациясындагы "толеранттуулук" сөзү кыргыз тилине "кең пейилдүүлүк" деп которулгандыктан, ал тилибизде орношуп калды. Орус тилиндеги "терпимость" сөзүнүн синоними "снисходительность", б.а. кең пейилдүүлүк маанилерин билдирет. Диний багыт жөнүндө сөз болгондо орус тилинде "веротерпимость" сөзү колдонулат. Кыргызчада "диний кең пейилдүүлүк" сөзү дал ушуга туура келет.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





### Маалымат үчүн

"XIX кылымда Россиянын борбордук аймактарынан мажбурлап көчүрүлгөн крестяндар начар абалга түшүп калганда жергиликтүү эл аларга ар тараптуу жардам көрсөткөн. Ошол доордун окуяларын көргөн иеромонах Харитон: "...Жергиликтүү калк байкуш көчмөндөргө боорукердик менен мамиледе болушту, ансыз алардын көпчүлүгү ачкачылык жана муктаждыктан өлүп кетишмек", – деген эле.

*Архиепископ Владимир*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бул накыл сөздө келтирилген сапаттарга адам канча жашынан ээ болушу керек деп ойлойсуң?

*"Устаттын сөзү боюнча, жакшылыктын ээси тогуз сапатты эңсейт: көзү курч, куйма кулак болсо, жүзү күлүп турса, аракетинде береке, жасаган иши мыкты, айтканы чындык болсо, экиленгенде сурагандан уялбаса, ачууланганда жасаганынын кесепетин ойлосо, дилинде адилет нуру болсо, өз убагында пайданы билсе..."*

*Конфуций*

2. Акылың курч, оюң терең, билимдүү болсоң, бирок мээримсиз жана каардуу болсоң, мындай илдеттен кантип арылуу мүмкүн? Оюңду темага байланыштырып түшүндүрүп бер.

### Ой жүгүртүү үчүн

Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев 2017-жылдын 19-сентябрында БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында дүйнөлүк коомчулуктун алдында турган олуттуу маселелерге токтолуп, "Агартуу жана диний кең пейилдүүлүк" деп аталган атайын резолюцияны кабыл алуу боюнча сунуштарын билдирген болчу. 2018-жылы 12-декабрда БУУ Баш Ассамблеясы 73-сессиясынын 51-жыйынында "Агартуу жана диний кең пейилдүүлүк" резолюциясы 193 мүчө мамлекет тарабынан бир добуштан кабыл алынды.

1. Мамлекет башчысынын демилгеси менен кабыл алынган "Агартуу жана диний кең пейилдүүлүк" резолюциясынын негизги максаты эмне деп ойлойсуң?
2. Агартуусуз диний кең пейилдүүлүк болушу мүмкүнбү? Оюңду негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Имам Бухарий калтырган хадисте айтылышынча, Пайгамбар алейхиссалам алдынан өтүп жаткан башка дин өкүлүнүн жаназасына урмат көрсөтүп, ордунан турду. Мындан таң калган адамдарга карап, анын да адам экендигин эскертти.

1. Берилген тексттеги "Анын да адам экендиги..." деген пикирди сен кандай түшүндүң? Адамгерчилик, инсандык дегенде эмнени түшүнөсүң?

2. Адамдагы кайсы сапаттар анын мээримин, кең пейилдүүлүгүн, токтоолугун жана боорукердигин көрсөтөт? Сен өзүңдө ушул изги сапаттарды калыптандыргансыңбы? Мунун кандай кыйынчылыгы бар?



3. Көңүл бурдуң беле, кайсы динге таандык болушунан көз карандысыз түрдө, маек учурунда адамдар "Жаратканга шүгүр", "Кудай буюрса" сыяктуу сөздөрдү көп айтышат. Эмне үчүн ушундай? Оюңду негизде.

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Адамды табият жана коом менен байланыштырып турууда диндин тарбиялык мааниси чоң экендигине өз күндөлүк турмушуң менен байланыштырып мисалдар келтир.

2. Көптөгөн сапаттарга ээ болсо да, кең пейил болбосо, мындай адамды жакшы адам, айкөл деп айта алабызбы? Эмне үчүн?

3. Мамлекет жана дин мамилелеринин кандай моделдерин билесиң? Өзбекстан Республикасы бул моделдердин кайсы бирин колдогон?

4. Мамлекетибиз Конституциясынын 61-статьясында мамлекет жана дин мамилелерине тиешелүү кандай пикир бекемдеп коюлган?

5. Өзбекстан Республикасы мамлекеттин дин жана диний уюмдар менен өз ара мамилесинде кандай принциптерге негизделет?

6. Өзбекстан Республикасы Конституциясынан темага байланыштуу эрежелерди тап. Укук сабагынан алган билимдериңе таянып, ушул эрежелерди бузганы үчүн белгиленген жоопкерчиликтердин тизмесин түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8–9-ТЕМА: КСЕНОФОБИЯ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Ксенофобия, христианофобия, юдофобия, исламофобия деген терминдерди уккансыңбы? Алардын мазмунун ачып берүүгө аракет кыл.
2. Коркууга кандай окуялар көбүрөк себеп болот?
3. Коркууну жеңүү үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?
4. Жасалма коркуу эмне экендигин билесиңби? Биологиялык коркуу менен жасалма коркуунун айырмасы эмнеде?

## Ой жүгүртүү үчүн


Ксенофобия бул табигый болбогон, адамдагы кандайдыр бир бейтааныш нерсеге карата чектен ашыкча жек көрүү сезиминин пайда болушу, нерв системасынын изден чыгуу абалы болуп эсептелет. Адамдагы бул психологиялык касиет ар кандай жаңылыкты, ал жакшы же жаман болушунан көз карандысыз түрдө, андан кооптонгон түрдө кабыл алуудан турат.

Ксенофобия – (грекче ksenos – жат; fobos – коркуу) грек тилинде жат, бейтаныш болгон нерсе же түшүнүктөн коркуу маанисин билдирет.

Өз доорунда Галилео Галилей (1564–1642), Николай Коперник (1473–1543) сыяктуу окумуштуулардын гениалдуу ачылыштары чоң күмөн жана коркуу менен кабыл алынган.

XIX кылымда жергиликтүү элдин ортосунда “Тунуке там жабылган үйгө периште кирбейт”, “картошка – мусулмандардын тамагы эмес” сыяктуу түркөй пикирлер тараган.

Мындай сөздөрдү укканда күлүп коёсуң. Бирок XXI кылымдагы цивилизация жараяндары тездешүүсү доорунда да адамдардын арасында оң жаңылыкка карата коркуу сезими жоголбойт. Коркуунун объекти гана өзгөрөт.



Медицинада бул сөз адамдагы бейтаныш инсан, нерсе, окуя жана башкалардан коркуу же аларды жек көрүү сезимдерин билдирет. Жат нерселерден жатсырап коркуу, айрыкча, жаш ымыркайларда даана көрүнөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

...Кечээ эле мектеп окуучусу, а бүгүн чет элдеги беделдүү жогорку окуу жайынын студенти Севара кубануу менен жакындары жана досторунун куттуктоолорун кабыл алып жатты. Албетте, анткени ал көптөн эңсеп жүргөн мамлекетине окууга кетүү алдында турат, Севара грант жеңип алды. Анын тилеги ишке ашып жатты жана тез арада аларды көздөй учуп кетет...

Майрамдык маанайдагы Севараны кандайдыр ички коркуу басты. Ал эмнедендир кабатырга түштү жана чочулай баштады...

Ксенофобия расалык же диний кемсинтүүлөргө себеп болот.

1. Эмне деп ойлойсуң, Севара эмнеден чочуду?
2. Элестетип көрчү, ички коркууда эмнелер камтып алынган?
3. Севара кандай жол тутушу керек? Кеңеш бер.

### Маалымат үчүн



АКШда XIX кылымда болгон “Ку-клукс-клан” тобу кара денелүүлөргө каршы ак денелүүлөрдүн улутчулдугу катары пайдаболгон эле. Бул топ тарабынан кара денелүүлөргө карата өткөрүлгөн басым жана террорчулук аракеттеринин натыйжасында коомдо бир кыйла тартипсиздиктер келип чыкты. “Ак расизм” аты менен белгилүү болгон бул жашыруун жамаа АКШда 1861–1865-жылдардагы жарандар согушунан кийин түштүктүк мурдагы аскерлер тарабынан түзүлгөн эле.

Алар белгиге алган кара денелүү “олжого” эмен дарагынын бутак-шактары же апельсиндин уруктарын таштап кетишчү.

Бул белгини алган адам айтылган иштик кылышы же мамлекеттен чыгып кетиши керек эле. Антпесе, аны сөзсүз өлүм күтчү.

*Ку-Клукс-Клан. АКШда ак расисттик кыймылы. (Белое движение в США. McVeigh, Rory)*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Диний ксенофобиядан сырткары этникалык, улуттук, расалык ксенофобиянын түрлөрү бар. Кандайдыр бир элге (этноско) карата коопсуроо, коркуу менен кароо жана ошол көз караштар менен байланыштуу иш-аракеттер этникалык ксенофобиянын бир көрүнүшү болуп саналат. Массалык маалымат каражаттарында “терроризм” жана “ислам” сөздөрү өтө көп жагдайларда чогуу иштетилүүдө, натыйжада исламдан коркуу – исламофобия түшүнүгү пайда болду.

Исламофобия кээде “диний кемсинтүү” (диний дискриминация) көрүнүшүндө пайда болушу мүмкүн.

“Диний кемсинтүү” адамдардын укуктарын диний таандыктыгына карай чектөөдөн турат.

Ислам динин өзүнө беткап кылып ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан экстремисттик топтордун ишмердүүлүгү исламофобиянын күчөшүнө алып келет.

Мындай топтор ислам булактарын бузуп, өз кызыкчылыктарына ылайык түрдө сүрөттөшөт. О.э, алар өз кызыкчылыктары жолунда эч кандай ыйык нерсени – динди, нысапты, улут жана Мекенди таанышпайт. Мындай топторду исламдын аты менен байланыштыруу, алар жүргүзүп жаткан бузукулуктарды “исламдын шарттары” катары сүрөттөө мүмкүн эмес.

Диний ксенофобиянын көрүнүштөрү башка дүйнө диндерине карата да иштетилет. Мисалы, христиан динине карата терс мамиле “христианофобия”, еврей динине карата терс мамиле “юдофобия” деп аталат.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Исламофобия коомдогу тынчтык жана туруктуулукка кандай таасир көрсөтүшү мүмкүн?

2. Диний ксенофобия жана этникалык, улуттук, расалык ксенофобиянын өзүнө мүнөздүү жана жалпы жактарын аныкта.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Диний ксенофобиянын келип чыгышына кандай факторлор себеп болот?

4. Исламофобиянын руханиятка коркунучу барбы? Оюңду негизде.

5. “Кемсинтүү” мамлекетибиздин мыйзамдарында кандай укук бузуулардын объекти болушу мүмкүн?

6. Өзбекстан адам укуктары боюнча канча эл аралык документтерди аткаруу жоопкерчилигин мойнуна алган?

Исламофобия – коомдогу тынчтык жана туруктуулукка зыян келтирүүчү диний ксенофобиянын бир көрүнүшү болуп, ал ислам динине, ага ынануучуларга жана ошол дин менен байланыштуу объект жана түшүнүктөргө бир жактуу, б.а. терс жактан жакындоонун натыйжасы болуп саналат.

### Руханият казынасынан

Исламдининин тынчтыкты жактоочулук мазмунунан ыйык булактарынан бири Хадиси шарифте “Тынчтык жана бейпилдик эки улуу байлык, буга көп адам жетпеген” – дегенинен да билүү мүмкүн (Имам Бухарий). Ушул аяттагы “Тынчтык жана бейпилдик” сөзү бир тараптан, бардык адамдардын бириккен түрдө тынчтык жолун тутуулары, аны орнотуу үчүн бүт мүмкүнчүлүктөрүн колдонуулары жана баркына жетүүлөрү керектигин билдирет.

### Маалымат үчүн

2020-жылдын 15-октябрында Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруу палатасы жана Олий Мажлис Сенаты Кеңештеринин “Расалык кемсинтүүнүн бардык формаларын жоюу жөнүндөгү Эл аралык конвенсиянын эрежелерин аткаруу боюнча Өзбекстан Республикасынын Онунчу – он экинчи сезондук докладдарын көрүп чыгуунун жыйынтыктары боюнча БУУ Расалык кемсинтүүнү жоюу боюнча комитетинин корутундулоочу жыйынтыктары жана сунуштарын аткаруу боюнча 2020–2022-жылдарга арналган Улуттук аракеттер планы жөнүндө”гү Кошмо мыйзамы кабыл алынды.

### Ой жүгүртүү үчүн

Христиан динине таандык бир үй-бүлө бараткан автомобиль аскердик аракеттер күчөгөн аймактан өтүп баратты. Жоочулардан бири алардын автомобилин токтотуп: “Сен мусулмансыңбы?” деп сурады. Үй-бүлө башчысы “ооба” деп жооп берди. “Анда Курандан бир сүрө окуп бер”, – деди жоочу. Үй-бүлө башчысы Инжилден бир аят окуду. Жоочу аларды коюп жиберди. Жолдо баратып аялы күйөөсүнө: “Бул эмне кылганың? Баарыбызды коопко койдуң. Эгерде ал адам Инжилден окуганыңды билип калса, эмне болот эле?” – деди. “Коркпо, ал Куранды билбейт, билгенде жоочу болбойт эле”, – деп жооп берди үй-бүлө башчысы.

1. Эмне үчүн үй-бүлө башчысы мындай жооп берди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Маалымат үчүн

**“Расалык кемсинтүүнүн бардык формаларын жоюу жөнүндө”гү эл аралык Конвенсия**



1965-жылы 21-декабрда кабыл алынган. 1969-жылы 4-январда күчкө кирген.



Мүчө мамлекеттердин саны – 182.



Конвенсиянын аткарылышы үстүнөн мониторингди БУУнун Расалык кемсинтүүнү жоюу комитети ишке ашырат.





Өзбекстан бул Конвенсияга 1995-жылы 31-августта кошулган.



Ратификация кылбаган мамлекеттердин саны – 3 (Бутан, Палау, Науру).



Конвенсия Өзбекстанда 1995-жылы 28-октябрдан күчкө кирген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Дүйнөдө канча мамлекет жана улут бар?

2. Дүйнөдөгү бардык улут, эл, раса жана дин өкүлдөрүн бирдей абалга келтирүү мүмкүнбү?

3. Эки түрдүү улут өкүлү өз ара жаңжалдашып жатканын көрсөң, аларды элдештирүү үчүн кандай сөздөрдү айткан болот элең?

4. Ислам390 тинде башка дин өкүлдөрү менен кандай мамиледе болууга чакырылган?

5. Дүйнө диндери жөнүндө маалыматка ээсиңби? Кандай диндер бар экендигин маалымат булактарынан оку.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Ушул методика адамдагы стресс даражасын аныктоого арналган.

Көрсөтмө: 12 жагдай берилди. Тиешелүү жоопторго төмөнкүчө балл коюлат:

*Өтө бат-бат – 6 балл*
*Бат-бат – 5 балл*
*Кээде – 4 балл*
*Өтө чанда – 2 балл*
*Эч качан – 1 балл*

1) Жаман уктайсың;
2) Дайыма чарчап жүрөсүң;
3) Өзүң билбеген түрдө адаттан тыш (тизелерди кыймылдатып отуруу, терменүү, бармактарды тиштөө ж.б.) аракеттерди жасайсың;
4) Досторуң менен жолугушууну каалабайсың жана жалгыз калууну каалайсың;
5) Көп тердейсиң;
6) Ачуулуу болуп калгансың;
7) Соңку учурларда себепсиз ыйлап жибере турган адат чыгаргансың;
8) Дем алуудан кыйналасың;
9) Тынчсызданып жүрөсүң;
10) Табитиң кээде жакшы, кээде жоголот;
11) Ашказаныңдын иши бузулуп турат;
12) Кээде тигил же бул жериң ооруп турат.

*Жооп:*

***40 баллдан аз.*** *Кээде стресс абалына түшөт, бирок өзүн башкара алат;*

***40–48 балл.*** *Маал-маалы менен орточо стресс абалына түшөт;*

***48 баллдан жогору.*** *Жогорку даражадагы стресс. Жашоо мүнөзүн кайра көрүп чыгуу керек. Стресстен чыгуу үчүн психологго кайрылуу зарыл.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 10–11-ТЕМА: МИССИОНЕРЛИК – ЖАШТАРДЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ КООП ТУУДУРУУ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Миссионерлик жана прозелитизм жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Миссионерлердин негизги максаттары эмнеден турат деп ойлойсуң?
3. Өзбекстандын мыйзамдарында миссионерлик жөнүндө эмне дейилген?
4. Миссионерликтин коомго кандай таасири бар?

**Секта** өз ынанымын гана "чыныгы дин", адамдарды "куткарууга жеткирүүчү" деп ынандыруучу, чындыгында болсо белгилүү бир саясий жана экономикалык максаттарды көздөөчү топ болуп саналат.

## Ой жүгүртүү үчүн

**Миссионерлик** – анык максатка каратылган идеологиялык таасир өткөрүү аркылуу жеке инсанды (бир топ адамдарды) өз динине киргизүү максатында ага (аларга) диний көз караштарды мажбурлап сиңдирүүгө жана диний окуусун таратууга байланышкан ишмердүүлүк.

**Прозелитизм** – миссионерлик ишмердүүлүгүнүн бир конфессияга ынануучуларды башка конфенссияларга өткөрүүгө каратылган формасы.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Мекенден жатташуу кандай кесепеттерге алып келет? Жообуңду негизде.

2. Мекен түшүнүгүн тануу аркылуу өз-өзүнөн дагы кайсы түшүнүктөр четке кагылат? Кандай баалуулуктарга зыян жетет?

3. "Оруулуу балага кан куюу зарыл болуп калганда кан берүүчү донор табылбаса..." Сүйлөмдү улант. Оюңду негизде.

Көпчүлүк секталар "Мекен" түшүнүгүн таптакыр чанышат. Кээ бир секталарда бир адамдын канын башкасына куюу күнөө болуп эсептелет.

ДССУ статистикасы боюнча темир жетишсиздиги анемиясы 25% учурларда бөбөктөрдө, 4 жашка чейин болгон балдарда 43% га чейин, 5–12 жаш аралыгындагы балдарда 37 % жана бойго жеткен жаштагы балдарда болсо 30 % учурларда катталган.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Маалымат үчүн

Мыйзамда белгиленген милдеттерди аткаруудан эч ким өз диний ынанымдарын себеп кылып баш тартышы мүмкүн эмес. Диний ынанымдарын себеп кылып бир милдетти аткарууну башкасына алмаштырууга мыйзамда көздө тутулган жагдайларда гана жол берилет.

*Өзбекстан Республикасынын "Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө"гү Мыйзамы 6-статьясынан*

### Ой жүгүртүү үчүн

1970-жылда 2200 чет элдик миссияда 240 000 профессионалдуу миссионер иш жүргүзгөн болсо, 2000-жылда 4800 чет элдик миисияда 420 000 миссионер үгүт өткөрүп келишкен. 1970-жылда чет элдик миссиялардын ишмердүүлүгүнө 3 миллиард АКШ доллары сарпталган болсо, 2000-жылда бул көрсөткүч 12 миллиардга жеткен. Алдыңкы миссионерлик борборлору катары "Миссиялар жана бүткүл дүйнөлүк христиандык мектеби" (Бирмингем), "Генри Мартин борбору" (Кембриж, Улуу Британия), Григориан жана Урбаниан университеттери (Ватикан), "Чет элдик миссияларды үйрөнүү борбору" (Нью-Хейвен, АКШ) сыяктууларды жазуу мүмкүн.

### Руханият казынасынан

Адам өзүнө-өзү баш ийүүнү жана өз мыйзамдарына моюн сунууну үйрөнүшү керек.

*Цицерон*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

"Адам өзүнө-өзү баш ийүүнү үйрөнүшү" дегенде эмнени түшүндүң?

"Өз мыйзамдарына моюн сунууну үйрөнүшү" дегендечи?

Оюңду "Пикирге каршы пикир, идеяга каршы идея, түркөйлүккө каршы агартуу" принциби менен байланыштырып түшүндүр.







Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Миссионерлер белгилүү бир аймакта өз ишмердүүлүгүн жолго коюуда керектүү аймактарды белгилеп алышат. Алсак, азыркы күндө христиан миссионерлеринин көңүлү алар тарабынан “10/40 күзгү” деп аталган аймакка каратылган.

Ушул аймакта элинин көпчүлүгү ислам, будда, конфуций жана индуизм диндерине ынануучу мамлекеттер жайгашкан. Дал ошол аймакта дүйнөдөгү эң ири газ, нефть, уран запастары, материктер аралык стратегиялык мааниге ээ транскоммуникация жолдору, кысык жана булуңдар жайгашкан.

Бүгүнкү күнгө келип, протестант миссионерлик уюмдарынын конушуна айланган мамлекеттердин мыйзамдарында чет элдиктер үчүн визасыз кирүү мүмкүнчүлүгү берилген. О.э, диний мекемелерге чет элден кайрымдуулук жардамдарын өз алдынча алып, таратууга да уруксат берилген. Диний үгүттөөгө чектөө коюлбаганы жаңы диний конфессиялар, айрыкча, евангелисттик протестант жамааларына кең мүмкүнчүлүктөр ачып берүүдө.




10- жана 40-параллелдердин арасындагы Атлантика океанынын жээктеринен Кичи жана Борбордук Азия, Араб жарым аралдары, Түштүк Азиянын Тынч океанынын жээктерине чейин созулган аймак “чыр-чатактар зонасы”болуп саналат.

*Альфред Мехен, саясатчы*

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Тарых жана география сабагынан алган билимдериңе таянып картадан 10- жана 40-параллелдерде кайсы мамлекеттер жайгашканын тап.

2. Бүгүнкү күндө социалдык-саясий курч жагдайлар, куралдуу чыр-чатактардын көпчүлүгү “10/40 күзгү” ичиндеги мамлекеттерде болуп жатат. Мунун себеби эмнеде деп ойлойсуң? Оюңду мисалдар менен негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

...Кеч күз. Бир күнү иштен кайтсам, адатта мени босогодо кубанып күтүп алуучу аялым жана эки балам кандайдыр көрсөтүүнү кунт менен көрүп отурушуптур. Ошол күнү балдарым менин алдыма чуркап чыгышпады, дасторкон тегерегинде адаттагыдай, бирге отуруп тамактанбадык, уйкуга жатаардан мурда да бири-бирибизге жакшы тилектер айтпадык. Үй-бүлө мүчөлөрүмдү кызыктырып койгон Виссиарион атанын бир канча видео лекцияларын көргөндөн кийин, аялым ысык тамак даярдабай койду. Балдарымды бышпаган сулу жана өндүрүлгөн буудай менен бага баштады. Балдарга эт, сүт жана дарыларды берүүдөн баш тартты. Балдарым көз алдымда кубатсыз боло башташты, алар бат-бат ооруй турган болушту, бирок аялым дабалоо жана дары берүүнү таптакыр четке какчу, атүгүл ал балдарымды узак бир айылга жибермекчи экенин, аларды түбөлүк турмушка даярдоо жөнүндө сүйлөй баштады...

Күндөрдүн биринде кичине уулумдун дене табы көтөрүлүп, жөөлүй баштады. Мен “Тез жардам”ды чакырдым. Аялым болсо уулумду бекем кучактап, аны таштап кетпестигин жалбара баштады. Уулумду ооруканага алып кетишти. Ошондон соң аялымдын көзүндөгү парда көтөрүлгөндөй болду. Ал ыйлап, өзүн Масих деп атаган кишинин түркөйлүк торуна, үгүттөөлөрү таасирине түшүп калганын айтып берди. Бул сөздөн мен коркуу жана дүрбөлөңгө түштүм. Аялымды күчтүү рухий таасир астына түшүп калганын түшүндүм жана чара көрүү жолдорун издедим.

Катымды окугандардын баарына кайрылып муну айткым келет: газеталар, радио жана телеканалдар, интернет барактарында берилип жаткан маалыматтарды дайыма талда.

Эсиңде болсун, материалдык кызыкчылык үчүн, тар чөйрөдөгү адамдардын кызыкчылыгы үчүн өз өмүрүң жана жакындарыңдын өмүрүн коопко койбо.

*Р.Н., Краснодар өлкөсү*

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Баласынын ооруп калышы аялдын бул жолдон кайтышына себеп болду. Эмне деп ойлойсуң, баласы оорубаганда, бул жолдун аягы эмне менен аяктайт эле? Аялдагы кайсы сапаттар көзүндөгү парданын ачылышына себеп болду?

2. Адам өз максатын ишке ашыруу жолунда жакындарынын, айланасындагылардын өмүрүн коопко коюшун кандай баалайсың? Оюңду негизде. Коопко коюу кандай кесепеттерге себеп болушу мүмкүн? Оюңду үч багытта түшүндүр: 1) үй-бүлө мүчөлөрүнө; 2) жаштардын келечегине; 3) коом жана мамлекетке карата.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Сүрөттөрдү чечмеле. Аңгеме түз.

2. 11-сүрөттөгү жагдайдын алдын алуу мүмкүнбү? Өспүрүмдүн бул аракеттери коомдун тынчтыгына таасир көрсөтөбү?

3. 5-, 6-сүрөттөрдөгү жагдайды “маңкурттук” деш мүмкүнбү? Эмне үчүн?

4. Миссионерлик жана прозелитизмдин чыныгы максаты эмне?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

## Адашкандар

Сапардан кайткан Салахиддин менен Матлюба Ормонхандын ишканасына келишти.

– Сапар кандай өттү, Салахиддинбай? – деди Ормонхан милдет жана какшык түрүндө.

– Эң жакшы даражада! Барганыбызда баары биз менен жакшы мамиледе болду. Анан да көп нерсени үйрөндүк. Көөөп нерсени үйрөндүк... Эң кызыгы, жарым жыл кандай өтүп кеткенин билбей калыптырбыз...

Матлюбанын бирөөдөн чоң карыз алып, аны кандай кайтарууну билбей, “Эми кандай болот?” деген ойлорун күйөөсүнүн кыска жөтөлгөнү бузуп жиберди. Дароо сергек тартып, үйрөтүлгөн тоту куштай сайрай баштады:

– Сиздин жардамыңыз менен ушул даражага жеттик. Бул үчүн сизден өлө-өлгүчө ыраазыбыз, Ормонхан ага.

– Кудум ушундай, – аялынын сөзүн тастыктады Салахиддин.

– Жакшы, жакшы, бул – башталышы. Али чогуу көп иштер кылабыз...

Матлюба “дагы эмне?”, “кандай иштер?” дегендей күйөөсүнө карады. Анын карашын сезип турган Салахиддиндин жүзү өзгөрүп да койбоду. Көзү Ормонханда эле.

– Силер чет элде окуп, анча-мынча нерсени үйрөнүп келдиңер ээ? Эми адамдардын арасына кирип, өзбек тилинде түшүндүрүү иштерин жүргүзөсүңөр. Тарапташтарыбызды мындан да көбөйтүүбүз керек.

– Ормонхан ага, бардыгы кудум сиз айткандай болот, – деди Салахиддин бир нерседен үмүттөнүп. Матлюба күйөөсүнө “Туура сүйлөп жатамбы?” дегендей бир карап койду да:

– Мен мааледе кыз-келиндерди ушул жолго үгүттөйм, – деди.

– Эң оболу, жардамга муктаж, турмушта кыйналган адамдарды табуу керек. Мындай адамдарды акча менен алдоо оңой. Анын бул сөзү Матлюбага “Акчасын алдыңбы, эми айтканымды кыласың...” дегендей угулду. Ормонхан тапшырманы улантып:

– Негизгиси, ынанымы күчсүз жаштарга көңүл бурушубуз керек. Анткени келечекте аларды...

Ормонхандын сөзүн Салахиддин бөлдү да:

– Башкаруу оңой болот, – деп өзүнүн тилектештигин көрсөттү.

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. “Ынанымы күчсүз жаштар” дегенде кимдерди түшүнөсүң? Эмне үчүн?
2. Салахиддин менен Матлюба кандай себептерге көрө миссионерлик жолуна кирип калган деп ойлойсуң?
3. Ормонхандын чыныгы максаты эмне эле? Салахиддин менен Матлюбанын сапар каражаттарына демөөрчү болушунан максаты эмне болгон?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Матлюба чет элден кайтып, ата-энесин көргөнү келди. Маек учурунда кызынын башка динди кабыл алганын уккан ата:

– Эс-акылыңды жый, кызым, бул ишиңдин акыры жаман болот, ыймандан кайткан адамдын айбандан эмне айырмасы бар? – деди. Атанын үнүндө камкордук менен жалбаруу бар эле. Матлюба кудум ошол мүнөздө:

– Айлам жок, күйөөңүзгө сөз бергенмин ата, деди.

Матлюба жерге карады да, сөзүн улантты:

– Эгерде бул жолдон кайтсам, ал мени да, балдарымды да үйдөн айдайт.

– Кебетеси курсун ошол күйөөнү, ажыраш, кызым, тирүү экенбиз, силерди жалгыздатып койбойбуз... – атасы кызына жалынды. Матлюба бул сөздөн дендароо болуп калды. Бир апасына, бир атасына карап алды. Атасынын көзүнө тик карады да:

– Атакебай, көрүп билип туруп, балдарымды тирүү жетим кылайынбы? Сиз балдарыма аталык кыла аласызбы?

Матлюбанын мындай маанайда сүйлөшүнө атасы жалт этип аялына карады. Бул көз караштан "Сен эмне унчукпай отурасың?" деген маанини билүү кыйын эмес болчу. Ал да күйөөсүнүн абалын көрүп, орунсуз сөз айтып жибербесин деп шашканча сөзгө аралашты:

– Күйөөңдүн өзү ыймансыз бир адам болсо, анда аталык мээрими эмне кылсын? Балдарыңды эми ойлоп калдыңбы? Аларды таштап, жарым жыл каергедир жок болуп кеттиңер. Жарым жыл жол карап ыйлашты байкуштар. Дагы мээрим жөнүндө сүйлөйсүң да? – деп таарынган болду да, күйөөсүнө "болобу?" дегендей карады. Атанын көздөрү кудум кызынын дилиндегисин окууга тигилгендей эле. Матлюба отурган жеринен өзүн оңдоп алды да, башын бийик көтөрүп, маанилүү бир нерсени жарыялагандай, чечкиндүү түрдө минтти:

– Мени бул жолдон кайтарбаңыз, апа.

– Себеп...

– Андан көрө, сиздер да бизге кошулуңуздар, кем болбойсуздар...

Кызынан мындай сунушту уккан ата столго ушундай муштады, аялы кийинкиси кызына түшүп калбасын деп аны кармап калды.

– Кызым, эмнелер деп жатасың, уялбайсыңбы мындай дегени? – күйөөсүнүн колун бекем кармады апасы. Кызынан мындай сөздү күтпөгөн атанын деми кысылды. Тамагына эмнедир туруп калгандай болду. Кудум кимдир бирөө аны буул жаткандай, үнү чыкпагандай. Ата терең дем алды да, столго ийилип турган башын көтөрдү, бар күчүн топтоп:

– Жогол көзүмдөн, сендей кызым жок! Берген тузума ыраазы эмесмин! – деп кыйкырды...

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бир ойлоп көр, ата кандай жагдайларда "Жогол көзүмдөн, сендей кызым жок! Берген тузума ыраазы эмесмин!" – деп кыйкырышы мүмкүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Матлюба менен анын ата-энесинин ортосундагы чырлуу жагдай коңшулар, мааленин башка мүчөлөрүнүн ортосунда да болсо, бул кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн?

## Маалымат үчүн

Миссионерлердин ишмердүүлүгү себеп: XX кылымдын 70-жылдарында АКШнын Сан-Франсиско шаарында Жим-Жонс атту адам негиз салган "Элдик ибадаткана" аталышындагы уюмдун ишмердүүлүгү натыйжасында 912 адам, Техас штатында Девид Кореш калыптандырган "Давиддин муундары" аттуу сектанын иши натыйжасында 100 гө жакын, АКШда пайда болгон "Асмандын дарбазасы" сектасынын мүчөлөрүнүн 60 тан ашууну, Угандада пайда болгон "Кудайдын он буйругун кайра калыбына келтирүү кыймылы" сектасынын мүчөлөрүнүн 1000 ден ашууну өз жандарын кыйышкан.

## Ой жүгүртүү үчүн

**Миссионерлер өз ишмердүүлүгүн төмөнкү усулдар аркылуу жүргүзүшөт:**

– жаштарга англис, корейс тилин, компьютерде иштөөнү үйрөтүү шылтоосу менен окуу курстарын ачуу жана ушул жерлерде өз динине үгүттөө;

– чет мамлекетке окууга, ишке же чет эл жараны менен үй-бүлө куруу үчүн жөнөтүүдөн пайдалануу;

– балдар жана өспүрүмдөрдү жай мезгилинде тоолуу аймактардагы эс алуу лагерлерине чакыруу жана ушул жерде аларга рухий таасир өткөрүү;

– кайрымдуулук жардамын көрсөтүү (акча, дары-дармек, кийим-кече, тамак-аш азыктарын таратуу), үйдү ремонттоого жардамдашуу маалында миссионерлик аракеттерин жүргүзүү;

– акысыз медициналык жардам көрсөтүү шылтоосунда оорулууга таасир этүү;

– социалдык камкордукка муктаж үй-бүлөлөргө эчки, уй сатып алып берүү, майрам күндөрү маалелерде балдарга белектер таратуу, "Майыптар үйү" жана "Карыялар үйүндө" майрамдык столдорду уюштуруу.

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 57-статьясын Мамлекет жана укуктун негиздери сабагынан өтүлгөн "Тынчтык жана коопсуздукка каршы кылмыштар" темасына байланыштыр жана талда.

2. Амир Темур: "Дагы мындайча буюрдум: аскерлердин үчтөн бир бөлүгү чек араларды коргоо ишине бөлүнсүн, калган эки бөлүгү болсо дайыма мамлекеттин кызматына даяр турсун".

а) Амир Темур эмне үчүн ушундай жол туткан? Ой жүгүрт.

б) "Темурдун түзүктөрүндөгү" бул ойдун журттун тынчтыгына тийгизген таасирин талда жана иш дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 12–13-ТЕМА: КИБЕРМЕЙКИНДИКТЕ МААЛЫМАТТЫ ПАЙДАЛАНУУ МАДАНИЯТЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Төмөнкү сүрөттөргө кунт коюп кара кара жана аларга мамиле билдир.
2. Оюңду "идеологиялык иммунитет", "улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулук", "адеп жана ахлак", "ыйбаа менен уят", "массалык маданият" сыяктуу терминдердин негизинде түшүндүр.
3. Экинчи катардагы сүрөттөр адамдын психикасына, айрыкча, жаш балдардын психикасына кандай таасир көрсөтөт деп ойлойсуң?



## Ой жүгүртүү үчүн

Радио, телевидение, телефон, интернет сыяктуу маалымат тармактары аркылуу узатылып жаткан маалыматтар түрдүү көрүнүшкө ээ. Алардын арасында текст, сүрөт, видео, түрдүү белгилердин системасы жана башкалар бар. Кинематография бүгүнкү күндө маалымат узатуунун эң интенсивдүү усулуна айланган. Кино маалымат узатуу гана эмес, о.э. тарбиялоо, идеология, көз караш жана ынанымды калыптандыруу милдетин да аткарып жатат.

Маалымат – адамдын өз сезүү органдары аркылуу кабыл алуучу бардык сигналдардын комплекси.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Таңда уйкудан ойгонгон маалыңдан кеч уйкуга кеткенге чейинки убактыңда айланаңдагы нерселерге көңүл бургансыңбы? Алар өздөрү жөнүндө маалымат берет деп айта аласыңбы?

2. Маалыматтарды керектүү же керексиз ге ажырата аласыңбы?

3. Кандай маалыматтар сен үчүн керектүү болушу мүмкүн?

4. Айрым учурларда дүйнөлүк маалымат тармагынан сен сурабаган же жалпы адамзаттык адеп-ахлак эрежелерине каршы болгон маалыматтар келип калышы мүмкүн. Мындай зыяндуу кабарларды жайгаштыруудан кимдер кызыкдар? Эмне үчүн?

## Ой жүгүртүү үчүн



Түрдүү миссионердик уюмдар кинематография аркылуу ар түрдүү көрүнүштө өз идеяларын илгери сүрүүсү – айдан-ачык белги берүү, жашыруун, психологиялык таасир этүү жана башка жолдор менен ишке ашырышы мүмкүн.

Ар бир үй-бүлөдө сүйүп көрүлө турган түрдүү батыш жана башка мамлекеттердин сериалдарда үй-бүлөнүн досу чиркөө кызматкери бардык көйгөйлөрдү чече турган, үй-бүлө мүчөлөрүнүн сырларынан кабардар адам катары көрсөтүлөт. Же индиянын кинолорунда кайсы бир динге сыйынуу иш-чарасы (пил, маймыл, уй же башкалар аркылуу) көрсөтүлөт жана алар куткаруучу катары мүнөздөлөт.


Мунун натыйжасы ...га алып келиши мүмкүн.

Чекиттердин ордуна өз позицияңды билдир.

## Руханият казынасынан

Ар кандай нерсеге ар тараптуу көз сал – пайдасын да, зыянын да көр. Башкалардын пикирин ойлоп отургандан көрө өз үстүңдө көбүрөк иште.

*Лев Толстой*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Төмөнкү аңгемени оку. Азиз ини-карындашын кантип ойнотуп турушу мүмкүн?

2. Азиздин иш-аракетине баа бер. Сен эмне кылган болот элең?

3. Жообуңду төмөнкү берилген “Руханият казынасы” жана “Ой жүгүртүү үчүн” рубрикасындагы ойлор менен байланыштыр.

### Эми менин кезегим

Азиздин ата-энеси кечки аземге чакырылышканы үчүн ага иниси менен карындашына карап турууну, өз убагында тамактанууну, компьютерге чалгып, инилерин эстен чыгарып койбоону катуу уктуруп кетишти.



Азиздин карындашы али 4 жашка да кирбеген. Иниси болсо 6 жашта. Балдар телевизордо берилип жаткан мультфильмдерди көрүп отуруп, “жомок-жомок” ойномокчу болушту. Азиздин карындашы агасына: “Мен Аппагай болом, көзүмдү жумуп турам, сиз эринимден өөп тирилтесиз”, десе, агасы: “Жок, мен Макулукмун, сен Сулуу болосуң, эринимден өөп тирилтесиң”, деп өз ара тартышып калышты...



Алардын бул жаңжалын көрүп турган Азиз тез барып телевизорду өчүрдү. Аларга: “Эч кандай мультфильм да, жомок-жомок да жок”, деп ачууланды, бирок ини-карындашын эмне менен чалгытууну билбей калды...

“Маалыматтык согуш” терминин биринчи борлуп физик окумуштуу Томас Рон колдонгон. Ал 1976-жылы ушул маселеге бардык жоопту адамдардын көңүлүн бурган.

## Руханият казынасынан

Ыйбаа менен ыйман экөө бири-бирине жакындаштырылган. Качан алардан бири жоголсо, экинчиси да жоголот.

*Хадистен*

Кибернетика (грекче, башкаруу өнөрү) – маалыматты кабыл алуу, аны кайра иштетүү жана андан түрдүү жараяндарды башкарууда пайдалануу менен алектене турган илим.

## Ой жүгүртүү үчүн

Уятсыздык бардык диндер тарабынан караланат. Бул илдет жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга да каршы келет.

Инилериң көрүп жаткан мультфильм жана кинолордо кандай окуялар болуп жатканына көңүл бур. Анткени, мындай маалыматтар аркылуу адеп-ахлак эрежелерине каршы болгон адаттар алардын жашоо мүнөзүнө айланып калышы мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Төмөнкү сүрөттөргө кунт коюп кара жана аларга мамиле билдир. Берилген жадыбалды дептериңе сыз жана толтур.

| Мультфильмдердин темасы: | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Алардагы адеп-ахлакка терс түшүнүк жана идеялар: | | | | | | |
| Улуттук жана диний баалуулуктарга терс болгон идеологиялык коркунучтар: | | | | | | |
| Коркунучтуу окуялар: | | | | | | |
| Алардагы ырлар: | | | | | | |
| Сен жактырган окуялар: | | | | | | |
| Алардын негизги идеясы: | | | | | | |
| Ини-карындаштарыңа кайсы мультфильмдерди көрүүнү сунуштайт элең? | | | | | | |
| Адамдын нерв системасын изден чыгарышы мүмкүн болгон окуялар: | | | | | | |
| Кайсы каармандардын катышуусундагы мультфильмдерди жаратуу керек деп ойлойсуң? | | | | | | |
| Мультфильмдеги идеялар эмнеге кызмат кылышы керек? | | | | | | |


1


2


3


4


5


6



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн

## Жалган сөздөр

Мен Москва шаарына иштөө максатында барган элем. Бош убактымда интернет сайттарына киргенди адат кылдым... Акырындап социалдык тармакта ачылган түрдүү группаларга мүчө боло баштадым. Бул группалар аркылуу бир нече жаңы достор арттырдым. Бул “досторум” мени өздөрү билгендей диндин түрдүү эрежелери менен тааныштыра башташты.

Кийинчерээк Москва шаарында бир нече жаңы “бурадарлар” менен тааныштым... Интернет мүмкүнчүлүктөрүн ишке салып, Пакистан, Ооганстандагы жоочулардын лагерлеринде боло турган лекцияларды жана Сириядагы салгылашуулар түшүрүлгөн видеолорду көрдүм. Мен



негедир алардын иштерине өтө кызыгуу менен карачумун.

Москвадан үйгө кайтып жатканымда үй-бүлө мүчөлөрүм жана досторума да тааныштыруу, үйрөтүү максатында өзүм менен бирге флешкага жазылган лекцияларды, интернеттен алынган видеолорду да алып келдим. Өкүнүчтүүсү, мен чет элде жүрүп, интернетте тапкандарым жалганчы закым, бузгунчу маалыматтар экенин, “бурадарлар” мага түшүндүргөн нерселер чыныгы ислам дининен таптакыр алыс, жалган сөздөр экенин кеч түшүнүп жеттим

*“Интернеттеги коопторудон коргонуу” китеби*

Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. “Ким маалыматка ээ болсо, дүйнөгө ээлик кылат” деген ойду сен кандай түшүнөсүң?
2. Интернеттеги расмий жана расмий эмес маалыматтар дегенде эмнени түшүнөсүң? Расмий эмес маалыматтарга канчалык ишенесиң?
3. Жалган кабар таратуу, бирөөнүн тынчын алуу улуттук баалуулуктарыбызда кандай бааланат?
4. Мобилдик телефонуңа же электрондук почтаңа белгисиз адамдар кабар жөнөтсө, буга кандай мамиледе болосуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн

## Мен караңгылыктан нур издепмин

Өз башымдан өткөн окуяларды үлгү болуш үчүн силерге айтып бермекчимин. Бир күнү чөнтөк телефонума “Хижрат кылышың керек” деген кабар келди. “Хижрат” эмне экенин түшүнбөгөнүм үчүн бул жөнүндө маалымат издедим. Социалдык тармактардан биринде мага бул жөнүндө түшүндүрүүчүлөр табылды. Алардын узак түшүндүрүүлөрүнүн негизинде Сириядагы кыймылдарда катышуу үчүн даярдык көрө баштадым. Чек араны мыйзамсыз кесип өтүп, четке да чыгып кеттим. Катарыбызды кеңейтүү максатында өзүмө окшогондордун кол телефондоруна түрдүү үгүттөрдү жөнөттүм.

Менин иштеримди ким каржылап жатканын билчү эмесмин. Телефонум 24 саат өчпөй иштечү. Компьютерди жакшы билгеним үчүн негизинен түрдүү маалыматтарды мен кабыл алчумун. Аларды социалдык тармактарга жайгаштырчумун. Бул маалыматтардын бардыгы дин беткабы астында эле.



Мага тапшырылган милдет – адамдардын арасында мамлекетке каршы ушак-айың таратуу, адамдардын алсыз жактарын аныктоо жана аларды катарыбызга кошуп алуу болчу. Украина, Кыргызстан, Сириядагы окуяларды көрүп да көзүм ачылган жок.

Мына бүгүн кара отургучта отуруп, кылган иштеримди талдап жатам. Уйсүз калган үй-бүлөлөр, майып болуп калган, ата-энесинин жансыз денесин эмне кылаарын билбей отурган балдар көз алдыман бирме-бир өтө баштады...

Адвокаттарым мага элибизден, президенттен кечирим сура, айыбыңды мойнуңа алдың, сени кечиришет, ырайым кылышат, жок дегенде жазаны жеңилине алмаштырышат деп түшүндүрүштү.

Мени президент кечирээр, балким кең пейилдүү элим да кечирээр, бирок абийиримчи?.

Сен мен кылган бул каталарды кайталаба. Мен караңгылыктан нур издепмин. Тынчтык менен эркиндиктин кадырына жет.

*“Адашкан”*

Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Ар эки аңгеменин жалпы жактары эмнеде?
2. “Бирок абийиримчи?” деген суроону кандай түшүндүң?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





### Маалымат үчүн

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 2014-жыл 20-январдагы 10-сандуу Токтому менен "Өзбекстан Республикасынын аймагында диний мазмундагы материалдарды даярдоо, алып кирүү жана таратуу ишин аткаруунун тартиби жөнүндөгү" Токтому тастыкталган.



"Касперский лабораториясы" күбөлүк бергендей, Өзбекстанда киберчабуулга туш болгондордун 1,6%ына банк-трояндары зыян тийгизүүдө. Мобилдик курулмалар кооп-коркунучу географиясына ылайык, Өзбекстандагы мобилдик курулмаларга жыл сайын 1000 ден 50 миңге чейин вирустуу тиркемелер зыян тийгизет.

### Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Өзбек фильми сахналарынын биринде бир-бири менен мушташуу максатында чогулган жаштар: "Март бол, эркек бол, доско дос бол..." деген ыр ырдашты. Бул сүйлөмдөгү дос болуу, эркек болуу түшүнүктөрүн "Ачуусу келгенде өзүн тутуп тура алуучу адам эң күчтүү адам болуп саналат" деген накыл сөз менен байланыштыр.

2. Адамдын аң-сезими үчүн болгон күрөштө маалыматтын орду кандай?

3. Кандай ойлойсуң, адам маалыматтан пайдалануу маданиятына ээ болушу шартпы? Эмне үчүн?

4. Кинофильмдер сенин жашооңдо кандай орунга ээ? Сен кандай кинофильмдерди кызыгып көрөсүң? Ар бир көргөн фильмиңден кандай таасир аласың?

5. "Диний мазмундагы материалдарды мамлекеттин дин таануучулук экспертизасынан өткөрүү тартиби жөнүндө"гү жобо кандай аракеттерди тартипке салат экен? Бул жобонун текстин оку жана мазмунун түшүндүрүп бер.

### Руханият казынасынан

Xiradmand chin soʻzdin oʻzga demas,
Vale bari chin ham degulik emas.
Kishi chinda soʻz desa zebo, durur,
Necha muxtasar boʻlsa avlo durur.

*Алишер Наваий, "Махбуб ул-кулуб"*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 14–15-ТЕМА: ДҮЙНӨ ДИНДЕРИНДЕ ТЫНЧТЫК ИДЕЯСЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. “Бир күн жаңжал болгон жерден кырк күн береке кетет” деген макалдын маанисин түшүндүрүп бер.

2. Согуш жана бузгунчулук кандай кесепеттерге алып келиши жөнүндө үч мисал келтир.

3. Коопсуздук жана туруктуулукту камсыздоодо улуттар жана диндер аралык ынактыктын мааниси кандай? Оюңду мисалдар менен негизде.

## Ой жүгүртүү үчүн

Ар кандай дин өз издештерин тынчтык жана адамгерчиликке чакырат. Эч кайсы дин орунсуз кан төгүү, согуш отун тутантуу жана бузгунчулукту үгүттөбөйт. Ата-бабаларыбыз жакшы жана изги иштер үчүн кызматташуу инсандык сапат экендигине көп басым жасашкан.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Ушул текстти оку, андагы “идеологиялык иммунитет” терминин чечмеле.

“Маалым болгондой, ар кандай оорунун алдын алуу үчүн, оболу адамдын организминде ага каршы иммунитет калыптандырылат. Биз да перзенттерибиздин дилинде Ата Мекенге, бай тарыхка, ата-бабалардын ыйык динине саламат мамилени калыптандыруубуз, башкача айтканда, алардын идеологиялык иммунитетин күчөтүүбүз зарыл”.

*Ислам Каримов*

## Руханият казынасынан

“Эй перзент! Индия мамлекети түрдүү мазхабдардан турат. Субханаллах таала урматы, сага мына бул буюрулду: ар бир мазхабга ак ниет менен карагын, ар бир мазхаб жана тарыйкатка адилеттүү болгунуң. Мисалы, уйду өлтүргөндөн сактан, анкени бул Индия элинин эң ардактаган жаныбары жана муну менен бул вилаяттын калкы падыша тукумуна жакшы ниет менен мамиледе болот. Падышанын буйругуна баш ийген калкты кордобо. Адилеттүүлүктү туу тут. Мына ошондо шах элинен, эл шахынан көңүлү тынч болот. Исламдын өнүгүшү кайрымдуулук жолу менен жакшыраак жүрөт. Зулум, күч жолу менен эмес”.

*Захириддин Бабурдун Хумаюнга жазган “Осуятнаамасынан”*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Берилген сүрөттөр жана төмөнкү тексттин негизинде мамлекетибиздеги дин менен мамлекеттин өз ара мамилелерине мүнөздөмө бер.








Мамлекетибизде ыйман эркиндигин камсыздоонун негизги басымдуу багыттар төмөнкүлөрдөн турат:

жарандардын динге мамилесинен көз карандысыз түрдө, диний көз караштарды мажбурлап сиңдирүүгө жол койбогон түрдө, алардын ыйман эркиндигине болгон өз укуктарын ишке ашыруусу үчүн тең шарттарды жаратуу;

конфессиялар ортосундагы тынчтык жана ынтымакты чыңдоо, коомдо диний кең пейилдүүлүктү камсыздоо;

ыйман эркиндигин камсыздоодо светтик мамлекет курулушун сактап калуу;

ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамчылыктын жарандар жана диний уюмдар тарабынан сакталышын камсыздоо;

жамааттык тартипке, Өзбекстан Республикасы жарандарынын саламаттыгы жана ахлагына, укук жана эркиндиктерине кооп салуучу диний идеялар жана көз караштардын сиңдирилишине жана таратылуусуна каршы күрөшүү.

## Маалымат үчүн

1. Согушту ар кандай усулда үгүттөөгө мыйзам аркылуу тыюу салуу керек.
2. Кемсинтүү, душмандык же зордук көрсөтүүгө үндөөчү улуттук, диний же расалык жек көрүү маанайындагы ар кандай аракетке мыйзам жолу менен тыюу салынган болушу керек.

*Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт, 20-статья*

Өзбекстан Республикасынын Жазык Кодексинин 156-статьясында улуттук, расалык, этникалык же диний душмандыкка чакыруучу материалдарды таратуу максатында даярдоо, сактоо же таратуу үчүн жоопкерчилик белгиленген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Дүйнөдөгү зордукчул жана агрессивдүү күчтөр кайсы бир эл же мамлекетти өзүнө багынтып, баш ийдирмекчи, анын байлыктарын ээлемекчи болсо, оболу, аны куралсыздандырууга, б.а. эң чоң байлыгы болгон улуттук баалуулуктары, тарыхы жана руханиятынан ажыратууга умтулат.

Самарканддагы Бибиханым мечити



XIX кылымдын аягы



XX кылымдын

Ташкенттеги католиктик чиркөө



XIX кылымдын аягы



XX кылымдын

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Борбордук Азия аймагында көп улуттуу жана түрдүү конфессияга таандык калк жашашынын себептери эмнеде?

2. Казакстан, Кыргызстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан-дагы диний картина жөнүндө маалымат бер. Өзгөрүүлөрдү диаграммада көрсөт. Диаграмманын негизинде Өзбекстандагы өзгөрүүлөрдү Конституциянын 4-статьясында берилген эрежелердин иш жүзүндөгү аткарылышы менен байланыштырып түшүндүр.

## Маалымат үчүн

Борбордук Азия аймагында жайгашкан мамлекеттер – Казакстан, Кыргызстан, Түркмөнстан жана Өзбекстанда XXI кылымдын башында өзүнө мүнөздүү диний картинага күбө болушубуз мүмкүн. Казакстан Республикасында расмий түрдө 18 диний конфессиянын курамында 3600 дөн ашуун диний бирикме бар. Мамлекетте 246 салттуу эмес диний топтор жана жаңы жамааттар (миссионерлер) да ишмердүүлүк көрсөтөт.

Түркмөнстан Республикасында 13 диний конфессия каттоого алынган. Мамлекетте 128 диний уюм бар.

Кыргызстан Республикасында 30 дан ашуун диний конфессия бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Илим-билим, маданият, экономика жана башка бардык тармактардын өнүгүшү тынчтык, бейпилдик менен байланыштуу. Жыл сайын мамлекеттер тарабынан коргоонуу системасы жана аскердик тармакка бөлүнүп жаткан каражаттардын артып барышы пикирибизди тастыктайт. Бирок жалаң гана заманбап курал-жаракка ээ болуунун өзү эле тынчтыкты камсыздабайт. Заманбап бузгунчу күчтөр артыкча согушпай, тескерсинче кокустан террордук актыларды колдонуу, аскерлерди эмес, тынч элди бутага алуу сыяктуу караөзгөй усулдардан пайдаланып жатышат.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Төмөнкү тексттерди оку. Алардын жогорудагы текст менен кандай байланышы бар?

2. Экинчи тексттеги абалда сен эмне кылган болот элең? Мындай фейктер (жалган кабарлар) коомдун тынчтыгына кандай доо кетирет?



– 2021-жылдын 13-июль күнү болжол менен саат 22:30 дарда Ташкент шаарына Инстаграм жана Ютубда “Subo” аты менен таанылган, С. аттуу россиялык блогер келди. Маалым болгондой, мындан мурдараак ал өзүнүн баракчасында тез арада Ташкентте болоорун жана катталуучулары менен учурашып, аларга акча таратаарын билдирген. Ташкенттин Амир Темур сейил багында С.ны күтүп алуу үчүн 150–200 гө жакын жаран чогулган.

*Ташкент шаарынын ИИББ Басма сөз кызматынын маалыматы*

### Руханият казынасынан

Дүйнөгө акыл көзү менен караган адамга дүйнө да акыл менен карайт.

*Хаким ат-Термезий*

Дүйнөнү катуу кармагандарды дүйнө да катуу кармайт.

*Камариддин Исламов, ардактуу журналисттин чөнтөк дептеринен*

Адепсиз, тарбиясыз жана бузук мүнөздүү адамдар менен тартышпа.

*Имам Газзалий*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. “Дүйнөгө акыл көзү менен кароо...”, “Дүйнөнү катуу кармоочу...” деген сөздөрдүн ортосунда кандай байланыш бар?

2. “Тынчтык жана бейпилдик болсун” дегенде эмнелер көздө тутулат? Бул тилек башка дин өкүлдөрүнүн баалуулуктарында да учурашын эсепке алып, оюңду билдир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн



**Буддизм** байыркы дүйнөлүк диндерден саналат. Бул дин адам өлтүрүү, уурулук, адашуу, жалган сөз, мас кылуучу нерселерден сактанууну жактайт. Буддизмде адамдар гана эмес, атүгүл кайсы бир тирүү жандыкты өлтүрүү да чоң күнөө эсептелген.

Байыркы будда кечилдери оозуна чиркей кирип өлүп калбасын үчүн атайын тор тутуп жүрүшкөн. Чыныгы буддист өз өмүрүндө сакташы шарт болгон беш шарттын биринчиси эч бир тирүү жандыкка зыян тийгизбөө болуп саналат. Ошондуктан буддисттер өздөрүн дүйнөдөгү эң адамгерчиликтүү дин өкүлдөрү деп аташат.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1995-жылдын март айында Буддизмден бөлүнүп чыккан секта – “Аум Синрикё” тарабынан Токио (Япония) метросунда жасалган террористтик аракеттин натыйжасында 12 адам өмүр менен кош айтышып, 5 миңден ашуун адам түрдүү даражада ууланган.

“Аум Синрикё”нун бул кылмышы Буддизм окуусуна канчалык туура келет? Сектанын ишине баа бер. Оюңду “Руханият казынасы” рубрикасында берилген Будданын пикири менен негизде.

### Руханият казынасынан

Жамандык кылба, күнөөдөн сактан. Дайыма жакшылык жаса. Башкаларды сүйсөң, өзүң да, башкалар да бактылуу болушат.

*Будда*

### Ой жүгүртүү үчүн

**Христиандык** дүйнөдө эң кеңири тараган дүйнөлүк дин болуп саналат. Бул **динди беткап** кылып бузгунчулук, кан төгүү максатында пайдаланылганы, “Кресттүүлөрдүн жортуулдары”, “Инквизиция” аталыштары астында көптөгөн шаарлар кыйратылганы, миңдеген адамдардын курман болгону белгилүү. Чындыгында, христиандыкта эч кимге жамандык кылбоо жөнүндө үйрөтүлөт, тынчтыкты сүйүүгө, жакшылык кылуу жана изгиликке чакырылат.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Мухаммад (с.а.в) пайгамбардын Нажрандын башкы епискобу Абулхариске жиберген катында төмөнкүлөр маалымдалган. “... Баш епископко, анын чиркөө кызматкерлери жана башка епископторго маалымдалсын: сиздердин чиркөөлөрүңүз, ибадатканаларыңыз кандай болсо, ошондоюнча калтырылат. Силер өз ибадатыңарда эркинсиңер. Бириңер да өз мансабы жана даражасынан четтетилбейт. Диний аземиңерде эч нерсе өзгөртүлбөгөнү сыяктуу, ушулардан да эч нерсе өзгөртүлбөйт...”

*К. Жоржио, Италиялык изилдөөчү*

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Дүйнө диндеринде тынчтык идеясына өзүнчө көңүл бурулушу боюнча 5 факт келтир.
2. “Дин террор эмес, террор дин эмес” деген ойду чечмеле.
3. Берилген текстти оку. “Агымдарга бөлүнбөө” бүгүнкү күндө кандай мааниге ээ? Оюңду негизде.

“Динди курагыла жана анда агым-агымдарга бөлүнбөгүлө!”

*Курани карим, Шуро сүрөсү, 13-аяттан*

“Ыйык Курани каримде мусулмандарга карата агымдарга бөлүнбөгүлө деген мазмундагы көрсөтмөлөр бар. Бул түрдүү агымдарга бөлүнүп, адамдарды туура жолдон адаштырууга динибиз таптакыр каршы экендигине даана далил эмеспи?”

*Шавкат Мирзиёев, Өзбекстан Республикасынын Президенти*

## Маалымат үчүн



Ташкент шаарында 2018-жылы 11–12-июнда “Терроризмге алып келүүчү агрессивдүү экстремизм жана радикализмдин алдын алуу жана аларга каршы күрөшүүдө жаштардын ролу” темасында эл аралык конфереция болуп өттү.

Конференцияда БУУ, Европа Кеңеши, ЕККУ сыяктуу беделдүү эл аралык уюмдар, ондон ашуун мамлекеттердин делегациялары, чет элдик эксперттер, сенаторлор, депутаттар, Өзбекстан жаштар союзунун активдери, илимдин ишмерлери катышышты.

## Ой жүгүртүү үчүн

Б.з.ч 628-жылы мусулмандар менен мушриктердин ортосунда “Худайбия тынчтык келишими” деп аталган келишимге кол коюлган. Келишимге ылайык, узак мөөнөткө уруулардын кол тийгистиги, тынчбейпилдиги камсыздалган. Соода мамилелери бекемделген. Эки тараптан тең туткунга алынгандар бошотулган. Бул келишим тарыхта тынчтык келишими катары калган. Абу Бакр Сыддык: “Ислам тарыхында Худайбия тынчтык келишиминен чоңураак жеңиш болгон эмес” деп айткан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**Түштүк Ирак, Сирия жана Емен, IX кылым:** Исламдын атынан иш жүргүзгөн карматийлер экстремисттик тобу 899-жылы Бахрейнди басып алган. 930-жылы ажылык сезонунда Меккеге чабуул уюштуруп, Каабаны талап-тоногон. Ажылыкка баргандарды өлтүрүп, бир бөлүгүн кул кылган.

**Франция, 1572-жыл.** Герцог Франсуа Гиз өзүнүн көп сандуу сакчылары менен ибадат кылып жаткан протестанттарга кол салган. Көптөгөн адамдар өлтүрүлгөн. Тарыхта “Варфоломей түнү” аты менен эсте калган бул түндө 6 миң протестант (балдар, аялдар, карыялар) өлтүрүлгөн. Бул окуя Францияда 36 жылга созулган диний согуштун башталышына себеп болгон.



**Жаңы Зеландиянын** Крайсчерч шаарындагы “ан-Нур” жана “Линвуд” мечиттеринде 2019-жылдын 15-мартында болуп өткөн кайгылуу террористтик аракети 51 ден ашуун адамдын өмүрүн алган, 40 ка жакын мусулман жараланган.




Бул окуя ксенофобия жана исламофобиянын курчушунун натыйжасы эле. Террористтик чабуулду Жаңы Зеландияда жашоочу теги австралиялык Брентон Таррант ишке ашырган.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

### “Баалуулуктар” сабагы

ТЫНЧТЫК, ДЕН СООЛУК, МЭЭРИМ, АДАЛДЫК сөздөрүн 4 даана өзүнчө баракка жаз.

Аларды маанилүүлүк даражасына карай иретте. Бул байлык жана сапаттардын биринен баш тартууң керек болсо, кайсы биринен баш тартат элең?

Бир-бирден ушул байлыктары жана өзгөчөлүктөрүнөн эмне үчүн баш тартып жатканыңдын себебин түшүндүрүп бара бер.

Ар жолу алардын биринен баш тартып жатканыңда эмнени туйдуң?

Эгерде аларды бир-бирден кайтаруу мүмкүнчүлүгү жаралса, кайсынысын биринчи кайтарат элең? Эмне үчүн? Бул баскычта эмнелерди туйдуң?

Классташтарың менен натыйжаларды талдагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Тынчтыктын баркына жетүүчү жана бул байлыкты барктабай тургандар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

2. Ыйык китептерде тынчтыкка чакыруучу дагы кандай идеяларды билесиң? Бардык диндерде тынчтык идеясы башкы идея катары белгиленет. Сенин оюңча мунун негизи эмнеде?

3. Адам тынчтык жолунан барышы үчүн зарыл болгон сапаттарды сана.

4. Текстти оку, дин жана диний ынаным таптакыр четке кагылса, коом үчүн анын кесепети кандай болушу мүмкүндүгү жөнүндө жыйынтык чыгар.

“Светтик бул – атеисттик дегени эмес. Дин жана диний ынаным таптакыр четке кагыла турган жашоо кандай инсандыкка жат көрүнүшкө ээ экенин биз кечээ өткөн тарыхыбыз мисалында жакшы билебиз. Мындай идеологиянын кооптуу жагы мында: ал канча кылымдар бою диндин негизинде калыптанган, элдин турмушунун ажырагыс бөлүгүнө айланып кеткен баалуулуктар – бул жазма же оозеки, материалдык же руханий мурас болобу, ахлак же каада-салттар болобу, улуттук көз караш же жашоо мүнөзү болобу – булардын бардыгын четке кагат”.

*Ислам Каримов, “Жогорку руханият – жеңилгис күч” китебинен*

### Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Тынчтыкка зыян келтирүүчү кандай коопторду билесиң? Тынчтыкка зыян келтирүү кимдерге жана эмне үчүн керек деп ойлойсуң?

2. Тарбияны тынчтык, бейпилдик, ынтымак жана биримдиксиз ишке ашыруу мүмкүнбү?

3. “Тынчтык жана коопсуздук – коомдун жыргалчылыгынын гаранты” темасында презентация даярда.

### Маалымат үчүн

Россиялык окумуштуулардын айтымында, адам баласы жаман сөз сүйлөсө, уят сөз айтса, бирөөнү тилдесе, акарат айтса, бул нерсе дароо ошол адамдын клеткаларына таасир этет экен. Масоро Эмото деген япониялык окумуштуу бир идишке суу куюп, тажрыйба жүргүздү. Суунун алдында жакшы сөздөрдөн сүйлөсөң, микроскопто суунун молекулалары кооз кристаллдарга айланып жатат. Жаман сөздөрдөн айтсаң, сөгүнүү, акарат сөздөр айтылса, суудагы кристаллдар бузулуп кетип жатат.

Дайыма сөгүнүү, акарат менен, ыймансыз сөздөр менен жашап өткөн адамды көрсөң, анын жашоосунда эч бир жакшылык болбогонун көрөсүң, анткени ал өзүн өзү кыйратып, жок кылып жатат, канын, генин бузуп жатат. Бирок ал өзүн гана бузбай, ошондой эле бул бузулуш анын жети муунуна чейин мурас болуп калат.

*Р. Сайфуддинов, “Ислам – туруктуулук жана тынчтыктын дини”*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# III БӨЛҮМ. КООЗ САПАТТАР

## 16–17-ТЕМА: СЕЗИМДЕРДИН АР ТҮРДҮҮЛҮГҮ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сүрөттөрдөгү мультфильм каармандары эсиңдеби? Бул мультфильмдин кайсы бөлүгү эсиңде калган?
2. Ар бир сүрөттө берилген адамдын жашоосундагы өзгөрүүлөргө мүнөздөмө берип көр.
3. 3-сүрөттөгү абалга окшош жагдайлар сенин да жашооңдо болгонбу? Кийинчерээк кандай жол туткансың?
4. QR-коддо берилген 6-сүрөткө тиешелүү Маугли менен Багиранын ортосундагы диалогду кунт коюп ук. “Сен эрезеге жетипсиң...” деген жыйынтык үчүн Мауглидеги кандай психикалык абалдар себеп болду?
5. Эмне үчүн адамдын өспүрүмдүк дооруна эң назик жана маанилүү доор катары каралат?










### Ой жүгүртүү үчүн


Сен учурда чоң турмуш жолунун башында турасың. Кээде келечек үчүн чоң пландар түзөсүң. Аларды ишке ашыруунун жолдорун издей баштайсың. Кээде таттуу ойлорго берилесиң, кээде болсо коркуп кетесиң.


Бат-бат күзгүгө карана турган болуп калдың. Кийимдериң да кудум өзүңө жарашпай тургандай туюлат.

Кээде баары сенин оюңа каршы тургандай болот. Мунун себеби эмнеде? ...

Албетте, сенин алдыңда чоң турмуштун океаны турат. Бул океанда сүзүү үчүн айрым жагдайларга ыңгайлашуу, чечкиндүүлүк, кайрат, ыйбаа, ар-намыс, чыгармачылдык сыяктуу бир канча сапаттар зарыл болот.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

*Группа менен аткар.*

Бардык группалар үчүн: сен окуган китептердин кайсы биринде жогорудагы сезимдер жөнүндө сөз болот?

1-группа үчүн: А.С. Пушкиндин “Капитан кызы” повестин окугансыңарбы? Чыгармадагы Маша Мироновага карата Пётр Гринёв менен Швабриндин мамилелерине баа бергиле.

2-группа үчүн: Абдулла Ариповдун “Бейишке жол” дастанын окугула. “Кыяматтык дос” деген мүнөздөмөнү чечмелегиле.

3-группа үчүн: өзбек акыны Зулфиянын мисалындагы берилгендик, туруктуулук, махабат сыяктуу сезимдерди мүнөздө.

Назик сезимдер

ишеним

махабат

достук

берилгендик

туруктуулук

...

...

...

...

Сөздөргө мүнөздөмө берип көр. Дагы кайсы сезимдерди адамга таандык назик сезимдер деп айта аласың? Жообуңду негизде

## Руханият казынасынан

“Эй, уулум! Акмак менен дос тутунуудан этият бол, анткени ал сага пайда берем деп, зыянын тийгизет. Сараң менен достошуудан этият бол, анткени ал сен эң муктаж болуп турган нерсени сенден алыстатат. Жалганчы менен достошуудан да этият бол, ал закымга окшойт, сага алысты жакын, жакынды алыс кылып көрсөтөт”.

*Али ибн Абу Талиб*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



Белгилүү футболчу Криштиану Роналду апасы менен жашайт. Интервьюлардан биринде андан сурашты: “Эмнеге апаңыз алиге чейин сиз менен жашайт? Эмне үчүн өзүнчө үй алып бербейсиз?

Рональду мындайча жооп берди: “Апам өз жашоосунан кечип, мени чоңойтту. Ал өзү жебей, мага жедирди. Мага бутса алып берүү үчүн аптасына 7 күн пол жуугуч болуп иштеди. Менин бардык ийгиликтерим ага арналган. Апам тирүү экен, дайыма жанымда болот”.



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Эненин сүйүүсүнө дагы кандай мисалдар келтире аласың?

2. Көңүл бургансыңбы, апаң сен же ага-иниң үчүн эрте таңдан тамак даярдаган, кийимдериңди жууган, үтүктөгөн учурларында кандай күрсүнүп койчу. Бул күрсүнүү эмненин белгиси деп ойлойсуң? Апаңа ыраазычылык билдиргенинде жүзүнө көңүл бургансыңбы? Бул кубанууну сүрөттөп бере аласыңбы?

3. Криштиану Рональдунун апасынын жүзүндөгү жылмаюуга кара. Сен да апаңа мына ушундай кубаныч тартуулай аласыңбы? Бул үчүн сенден эмне талап кылынат?

4. Төмөнкү сүрөттөрдөгү назик сезимдерди сөз менен туюнтууга аракет кыл.



“Байсун мадоннасы”, 1968-жыл. В. Бурмакин







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Анвар күнү бою Ранога ичиндеги сезимдерин билдирмекчи болуп, ыңгайлуу учурду көп издеди. Терезеден Рано чачтарын силкиткендей терменип турган мажүрүм талдын бутактарына карап ойго талды. Ал Рано жөнүндө ойлогон сайын жүрөгү опкоолжуп, кыялга батты. Анын ойлорун класс жетекчисинин: "Маале активдери менен "Маалебизди чогуу абат кылалы!" деген темада жолугушуу болот, эч ким кетип калбасын", – деген жарыясы бузуп жиберди.

Иш-чарадан соң Анвар "Ранога болгон мамилемди албетте апама айтышым керек, апам мага эң туура кеңешти берет. Анткени мен өзүмдүн гана эмес, о.э. Ранонун да ар-намысын, оброюн сакташым керек, калганын убакыт көрсөтөт" деген чечимге келди.

1. Мамилеңди билдир. Анвардын кайсы чечимдерин жактайсың? Себебин көрсөт.

2. Анвардын ордунда сен кандай жол тутат элең? Эмне үчүн?

Гүлжамал мектепке кирип келатып көздөрү менен кимдир бирөөнү издеди. Издегенин тапты, бирок чоң энесинин: "Кыз бала сырдуу сандык болот, ичиндеги сезим-туюмдарын бирөөгө эч качан билдирбейт, сыр бербейт", деген үгүттөрү эсине түштүбү, дароо өзүн колго алды.

а) "Кыз бала сырдуу сандык болот" деген ойду кандай түшүндүң? Гүлжамал кимден туура кеңеш алышы мүмкүн?

б) Гүлжамалга кандай кеңеш берген болот элең?

## Ой жүгүртүү үчүн

Илгери өткөн заманда бир падыша уулун үйлөнтмөкчү болот. Ошондо уулу:

– Эй ата, мен үй-жайды таза кармай билген, тыкан, тартиптүү кыз табылса гана үйлөнөм, – дейт.

Падышага уулунун бул сөзү абдан жагат. Өз кызматчылары менен кеңешип, бир сынак өткөрмөкчү болот. Ага ылайык, ар бир бой жеткен кыз үйүн шыпырып, шыпырындысын капка салып алып келүүсү айтылат. Бул кабарды уккан кыздар биринин артынан экинчиси үйлөрүн шыпырып, жыйнап, чыккан шыпырындыларын алып келип тапшырышат. Аягында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



бардык алып келинген шыпырындылар талдап чыгылат. Мына ошондо карашса, бир үйдүн кызы бир ууч да чыкпай турган шыпырынды тапшырган экен. Аны чакырып, суракка тутушат:

– Эй кыз, сага падышанын байгеси керек эмеспи? Эмне мынча аз шыпырынды тапшырдың?

– Уйүбүздү кайра-кайра шыпырсам да мындан башка шыпырынды чыкпаса аргам канча? – деп жооп берет кыз.

Бул жараянды байкап турган падыша кыздын жөнөкөйлүгү, тыкандыгы, чынчылдыгы жана адалдыгына мактоо айтып, аны өзүнө келин кылууну чечет.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бул уламышка кандай тема коёт элең? Эмне үчүн?
2. Падышага кыздын кайсы сапаттары жакты? Оюнду темага байланыштырып негизде.
3. Тыкан, сабырдуу болуунун маңызы эмнеде?

## Руханият казынасынан

Абдулла Каххарга Кибрияханымдай тыкан, акылдуу жубай насип кылган. Замандаштарынын эскерүүлөрүндө көп жолу жазылгандай, Абдулла Каххар үч-төрт ай өтпөй эле Кибрияханымга толук жөлөнүп калды – Кибрияханымсыз бир саам да өзүн коёорго жай таппайт эле, кайда барса Кибрияханымды, өзү айткандай, “наскабактай белине түйүп алчу эле”.

*Хуршид Давран*



Чынын айтканда, эң жакын адамымдан айрылгандан соң мындан ары көп жашай албасам керек деп ойлогом. Бирок Абдулла Каххардай сөз чебери менен өткөргөн чейрек кылымдык өмүрүмдүн нурлуу эскерүүлөрү мени ушул жашка чейин алып келди. Дилимдин түбүндө сактап келаткан жылуу эскерүүлөрдү адамдарга айтып берүү, убактысы келип, кагазга түшүрүү үчүн да жашашым керек, деп ойлодум…

*Кибрия Каххарова*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Сабактан оң жыйынтык чыгарып



1



2




3



4



5



6



7

?



8



9



10



11



12



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. “Көңүл бул – күзгү” темасында эссе жаз. Анда достук, сүйүү, ишеним, ыйбаа, туруктуулук, берилгендик жөнүндө баянда.

2. QR коддо берилген Кибрия Каххарованын “Чейрек кылым катарлаш” китебин окуп чык. Абдулла Каххар менен Кибрия Каххарованын ортосундагы жылуу сезимдерди кандай атаган болот элең?

3. 70-бетте берилген ар бир сүрөткө ат коюп, алардын негизинде аңгеме түз.

4. 2-, 3- жана 6-сүрөттөрдө кандай жалпылык бар?

5. 5-, 6- жана 7-сүрөттөргө көңүл бур. Алардын ортосунда кандай байланыш бар?

6. 7- жана 9-сүрөттүн негизинде пикир билдир.

7. Бул сүрөттөр сага эмнени эскертип жатат?

8. 11-сүрөттөгү балдардын ишине өз мамилеңди билдир. Алар эмне үчүн сүрөттү оздорунда сызып жатышат?

9. 8-, 10- жана 12-сүрөттө кандай сезимдер жашырынган?

10. Сүрөттөрдү берилген пикирлер менен байланыштыр. 3-тапшырманын аткарылуусу менен салыштыр. Апа: – Кайда болсоң да, саламат бол. Үй-бүлө ыйык. Сен үчүн дүйнөдө эч экиленбей өз жанынан кече ала турган адам. Ар кандай тоскоолдукту жеңе алабыз. Жүрөк менен акылды чеминде карма. Өз үстүңдө иштөөдөн токтобо. Падыша да, жөнөкөй адам да бир кутуга түштү. Дилиңди акылыңа баш ийдир. Тил жарааты кылыч жараатынан оор. Кең пейилдүүлүк. Кемчилдиктериңди толтуруп бар. Баалуулуктардан баш тартуу.

## 100 күндүн ичинде жеке сапаттарды өстүрүү:



Окууну каалаган, бирок баштай албаган кайсы бир китебиңди тандап, толук окуп чык.



Ар күнү жаңы нерсе үйрөн: гүлдөрдүн атын, алыскы мамлекеттердин борбор шаарларын жана башка. Ал эми кечинде күнү бою алган билимдериңди бышыкташың, сөздүк алып, жаңы сөздөрдү жатташың мүмкүн.



Эрте таңда оюңа келген ойлорду атайын “Таңкы барактар” дептерине жазып бар. Бул ойгонгонуңдан кийин кыла турган алгачкы иштериңден бири болсун.



Ар күнү бир барак кагазга жашооңдо сени кубанта турган 5–10 нерсени жазып кой. Ыраазычылык пикирлериңди жаз.



Негизгиси, бул көнүгүүлөрдү зор кызыгуу менен аткар. Мына ошондо алар 100 күндүн ичинде натыйжа берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 18-ТЕМА: КӨРКӨМДҮК ЖАНА РУХАНИЯТ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Көркөмдүктүн адамдын жашоосундагы орду эмнеде?
2. Кандай адамдарга карата көрктүү сөзүн иштетебиз?
3. Кооздукту сен кандай түшүнөсүң?
4. Ишкерлер, улуттук кол өнөрчүлөр тарабынан даярдалган буюмдарга карата “Көркөмдүк менен жасалыптыр” деген сөздү уккансыңбы?
5. Көркөмдүктүн руханият менен кандай байланышы бар?

## Ой жүгүртүү үчүн

Адамдардын мамилеси, сүйлөгөн сөзү, акылы, кийиниши, алардын канчалык сезимтал, назик диттүү экенинен кабар берет. Ошондуктан адамдын акылы, сырткы көрүнүшү, сүйлөгөн сөзү, жалпысынан, изги сапаттарынын айкалышуусу көркөмдүк деп аталат.

Адамга мүнөздүү болгон көркомдүк маданияты анын коомдогу активдүүлүгү жана орду, башкалар менен мамилеси, материалдык жана маданий мурасын өздөштүрүүгө да байланыштуу.

Адамдын кооз болушунда жагымдуу сырткы көрүнүшкө ээ болуу гана эмес, о.э. ички дүйнөсү, руханий-ахлактык сапаттары да өзгөчө мааниге ээ.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Адамда руханий-ахлактык сапаттардын калыптануусуна кандай факторлор таасир көрсөтөт? Жообуңду мисалдар менен негизде.

## Маалымат үчүн

Көркөмдүк – кооздуктун түрү.

Көркөмдүк – нерсе жана окуялардын сырткы көрүнүшүндөгү (формасы, түсү) өзүнчө жеткилеңдикти, шайкештикти туюнтат. Мисалы, спортчу кыз же жигиттин тулку-бою, түрдүү гүлдөрдүн түркүн-түстүүлүгү.

Адамдардын мамилеси, сөзү, акылы, кийинүүсүнө карата колдонула турган көркөмдүк түшүнүгү алардын сезимтал, назик диттүү экенин билдирет. Чыныгы коркөмдүктү, назиктикти жалган, алдамчы көркөмдүктөн ажырата билүү зарыл. Өзүндө бийик инсандык сапаттар, элди жактоочу идея, социалдык мазмун жана табигый кооздукту камтыган көркөмдүк гана чыныгы эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк




1. Эстеп көр. Англис жазуучусу Даниэль Дефонун дүйнөгө белгилүү “Робинзон Крузо” чыгармасынын башкы каарманы Робинзон жалгыз өзү ээн аралда канча жыл жашайт?

2. Робинзондун жалгыз өмүр сүрүшү анын адамдык сапаттарына канчалык таасир этет?

3. Арадан жылдар өтүп аралга келип токтогон кемени көргөндө дилинде кандай сезимдер өттү?

4. “Робинзон Крузо” чыгармасынын башкы каарманынын көркөмдүк менен кандай байланышы бар?

5. Берген жоопторуңду бул пикир менен байланыштырып көр. Мамиле маданияты ар бир адамдын өз ара мамилесин белгилөөчү фактор болуп эсептелет. Адамдын өз ара мамиледе ачыкка чыга турган сүйлөшүү маданияты жеке адамдын кулк-мүнөзүнүн коздугун чагылдыра турган руханий-ахлактык касиет болуп саналат.

## Ой жүгүртүү үчүн

Өз ара мамиледе жумшак мүнөздүк, сылыктык, жакшы сүйлөө, ачык көңүлдүүлүк сыяктуу ахлактык нормалар өз чечимин табат.

Жогорку маданияттуу адамдардын мамилесинде ыйбаа, уят, сылыктык даана байкалып турат.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Мамиле маданиятынын маанилүү сапаттарын санай аласыңбы?

2. Маанилүү деп эсептеген сапаттарыңды жадыбалга түшүр. Аларга мүнөздөмө бер.

3. Баштап парталашың менен, кийин чакан топтордо, андан соң чоң топтордо ойлоруңарды талдагыла, түгөл бир мүнөздөмөнү калыптандыргыла..

| | |
|---|---|
| Көркөмдүк | |
| | |

4. Төмөнкү терминдерди көркөмдүк менен байланыштырып түшүндүр.

Сөз өнөрү, тыкандык, сырткы көрүнүш, кийинүү маданияты, сөз устасы, чебер тигүүчү, мыкты кол өнөрчү, тажрыйбалуу...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Берилген сүрөттөрдү көркөмдүк түшүнүгү менен байланыштыр.

2. "Көркөмдүк жана искусствонун" өз ара байланыштуу жактары жөнүндө ой жүгүрт.

3. "Массалык маданият"тын көркөмдүккө кандай таасири бар?

4. Алишер Наваийнин "Hayrat ul-abror" дастанынан алынган үзүндүнү оку. Калемге берилген сүрөттөөнү көркөмдүк түшүнүгү менен байланыштыр. Ушул чыгарманы көркөмдүк менен жазылган десе болобу?







### Алишер Наваийнин "Hayrat ul-abror" дастанынан үзүндү

Бул кандай гана көркү келишимдүү, жагымдуу нерсе дейсиң, үнү да жакшы, кунт коюп кулак салсаң арзыйт. Учу маанилүү сөздөргө жасалга берет, **сызгычынын асма** жиптери анын тырмактары болуп саналат. Анын турпатыкушка окшоп көрүнөт; тумшугунан ар тарапка маанилүү сөздөрдү чачат. Ал өзү нурдун үстүнөн жай алган болсо да, тамагы – караңгылык; ак кагаздын үстүнө жыпар чачат. Анын кыймылдары ылдам жана бир калыпта, бирок учуу үчүн ага канат гана жетишпейт.

Жок, аны куш дебе, ал жыпар жыттуу бир жылан, жыпар жыттуу дебе, сыйкырдуу жылан. Анын (барактан баракка) кооз учуп өткөнү, кол, бутунун жашыруундугу буга далил болот. Ал тилин чыгарганда ар сапар бир укмуш көрсөтөт. Мындай укмушту кайсы бир жылан көрсөткөн?! Ал жылан да эмес, алтын казынанын үстүндөгү ажыдаар. Анын курсагында жүз түрдүү ажайып байлык жашынган. Оозунан түтүн бүркүйт. Түтүнүнүн арасынан ар бир шуру бир берметке окшойт.

Ал ажыдаар да эмес, анткени ал ийри; аны жакшысы Муса (пайгамбар) нын (сыйкырдуу) асасы деп ата. Антпесе, кантип ал бүткүл дүйнө сыйкырын, атүгүл анын маанисин жана сүрөттөө сыйкырын өз ичине жута алды? Тулкусунун салмагы жок эсеп; ал бул кыйынчылыктарды тартканда кыйналбайт! Аны аса да дебе, жөн эле калем деп атап кой; анын учун катка оймо түшүрүүчү де.

Ал дүйнөдө бардык нерседен мурда жаратылган...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ТААСИРЛҮҮ ЛЕКЦИЯ



Лекциялар ийгиликтүү чыгышы үчүн эмне кылуу керек?



Докладчы угуучулардын сезим-туюмдарына таасир этүү аркылуу алардын аң-сезимине лекциядагы пикирлерди сиңдириши зарыл.



Ар бир сөзгө чыгуу үчүн лекциянын текстин докладчынын жеке өзү даярдашы, негизги тезистерди жаттап алышы шарт.



Докладчынын эң жакшы сапаты анын кооз мамилеси жана жөнөкөйлүгү.



Жакшы докладчынын ажырагыс сапаттары – өзүнө ишениши, өзүн эркин тутушу жана достук маанайда сүйлөшү.



Бул сүрөттү кандай атаган болот элең?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Көпчүлүктүн алдында окула турган лекцияга коюла турган негизги талаптар төмөнкүлөр:

- башкы идеянын ачык-айкын болушу жана жалпы үчүн түшүнүктүү тилде, жөнөкөй жана бир кылка баяндоо;
- чечкиндүүлүк менен баштап, ишенимдүү пикирлердин жардамында бүтүрүү;
- сөздөрдү даана айтуу, лекцияны монолог түрүндө эмес, ачык маанайда, чын дилден баарлашуу жана маектешүү усулунда ишке ашыруу;
- терең эмоциларга берилбестен, тескерисинче, эмоцияларды ачыкка чыгаруучу далилдерди келтирүү;
- козголуп жаткан тема угуучуларга абдан керек экенин, докладчы болсо бул маалыматтарды жеткирүү үчүн астейдил аракет кылып жатканын көрсөтүү;
- угуучулар менен визуалдуу байланыш орнотуу.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE








Шашылуу же тескерисинче, ашыкча текебердене жүрүү, жүрүп баратып галстукту же чачты оңдоо, топчуларды кадоо мүмкүн эмес.



Жөлөнгүчкө жана чыканак койгучка жөлөнбөө, кол жана бутту чалыштырбоо, о.э., микрофондун үстүнө эңкейбөө зарыл.

Докладчынын өзүн-өзү акташы же кечирим сурашы угуучуларга рухий үстөмдүк берип, “авторитет” статусун жоготот, натыйжада лекция күтүлгөн эффектти бербейт.



Колду көкүрөк үстүнө коюп сүйлөп жатканда буттарды чалыштырып турбоо, о.э., колду чыканактар менен чалыштырбоо керек.



Сөөмөйдү жогоруга көтөрүп сүйлөбөө.

Кол менен кайра-кайра бети-башты кармалабоо жана башка (бул кыймылдарды адамдар эрксиз түрдө адатта калп сүйлөп жатканда колдонушат)



Жогорудагы талаптардын негизинде лекция даярда жана классташтарыңдын арасында чечендик тажрыйбаңды сынап көр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 19–20-ТЕМА: СЫРТКЫ КӨРҮНҮШ ЖАНА ИЧКИ ДҮЙНӨ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сырткы көрүнүш деген эмне? Ички дүйнөчү? Имиж дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Группанын имижи кандай жаратылат?
3. Жеке имиж, уюмдун имижи, окуучунун имижи дегенде эмне көздө тутулат? Кандай түспөлдөр көз алдыңа келет?
4. “Дресс-код” деген терминди уккансыңбы?
5. Жамаатчылык менен байланыштарды жолго коюунун негизинде группанын имижи кандай жаратылат?
6. Белгилүү бренддердин продукцияларын көз алдыңа келтир. Алардын продукцияларынын белгилери эмне үчүн өзгөрбөйт?

## Ой жүгүртүү үчүн

Имиж эмне үчүн керек?

Япон, араб, инди, түркмөн, каракалпак, казак дегенде кандай түспөлдөр көз алдыңа келет?

Кайсы бир улут эске алынса, алардын өзүнө мүнөздүү кийими, үрп-адаты көз алдыңа келиши анык. Өзбек дегендечи?

Имиж – адам, окуя, нерсени кеңири таанытуу, реклама кылуу максатында адамдарга сезимдик-рухий таасир тийгизүүнү көздөп калыптандырыла турган түспөл. Үгүттөө каражаттарынан бири.



Англисче “image” сөзү “көрүнүш”, “түспөл”, “жүз”, “символ” деген маанилерди билдирет.

## Руханият казынасынан



Сырткы көрүнүш дегенде беттин гана көрүнүшү, чачтын түсү жана ушул сыяктууларды гана эмес, о.э. адамдын жүрүү, угуу, сүйлөө, күлүү, ыйлоо сыяктуу сапаттарын да түшүнөм, анткени адамдын ички дүйнөсү кооз болсо, бул анын сырткы көрүнүшүндө да өз чечимин табат.

*Ф.Шаляпин*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Жагымдуу имижге ээ болбой, б.а. адамдардын дилинен орун албай туруп, чоң натыйжаларга жетишүү мүмкүн эмес.

Адамдардын алдындагы (продукция жана кызматтарды, саясий партиялар жана социалдык уюмдарды, лидерлер жана жетекчилерди) тандоо көйгөйүнүн кескиндешүүсүү жана бардык базарларда атаандаштыктын өсүүсү натыйжасында имижге болгон талап артууда.



Имиж өз ээси жөнүндө маалымат берет, бат өзгөрөт, адамдардын аң-сезимине, сезимдерине, ишмердигине жана иш-аракеттерине таасирин тийгизет, өзүнүн максаттуу аудиториясы канчалык коп кырдуу болсо, имиж да ушунчалык көп кырдуу болот.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк



















1. Берилген сүрөттөрдүн негизинде алардын ээлеринин имижине мүнөздөмө бер.
2. 5- жана 6-сүрөттүн ээлери үчүн имиж керекпи? Дагы кандай кесип ээлерине имиж керек деп ойлойсуң?
3. “Менин имижим” деген темада 10 даана факт жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**Группанын имижи деген эмне?**

Ар кандай группа өз имижине ээ болушу зарыл.




Группанын имижин жаратуу милдети группанын ар бир мүчөсүнүн мойнуна жүктөлөт.

Группанын имижин жаратуу үчүн жетекчилер өз кол астындагылар менен тез-тез маек уюштурушу, окуу семинарларын уюштурушу керек.





Окуу семинарларынын темалары болсо түрдүүчө болушу мүмкүн: катышуучуларды күтүп алуу, алар менен байланыш орнотуу, өз ишчилерине карата мамиле, сырткы корүнүшкө көңүл буруу жана башка...

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Өз имижиңди жаратууда негизинен эмнелерге көңүл бурасың?

2. Уюмдун имижи эмнелерден турган болушу керек?

3. Сен окуган билим берүү мекемесинин имижи кандай? Аны ким калыптандырат?

4. Берилген сүрөттөрдө уюмдардын имижине таасир этүүчү кайсы өзгөчөлүктөр чагылдырылган? Имиждин калыптанышы үчүн бул атрибуттардан сырткары дагы эмнелер керек? Оюңду негизде.







## Маалымат үчүн

Имиж адамдар үчүн гана эмес, о.э. уюмдар үчүн да зарыл. Уюм, фирма дүйнөлүк базардан орун алышы, аны узак убакыт сактап турушу үчүн да өз имиж(бренд)ине ээ болушу зарыл.

Сен да келечекте кайсы бир кесипти ээлейсиң. Иш жайың ишчилер, ошондой эле Сен калыптандырган имижге ээ болот.





*Книга предназначена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Кандайдыр бир уюмга негиз салсаң, анын имижин кандай калыптандырасың?

2. “Адамдын имижи анын көз карашы, руханиятынын күзгүсү” темасында презентация даярда

### Руханият казынасынан

Чыныгы жүзүң сыяктуу көрүн же көрүнгөнүң сыяктуу бол.

*Жалалиддин Румий*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Адамдар сен жөнүндө кандай пикирде болууларын каалайсың?

2. Адамдардын оюндагы түспөлүңдү күзгүдө көргөнсүңбү?

3. Группада урмат-сыйга ээ болуу үчүн эмне кылуу керек? Мында сен Жалалиддин Румийдин руханият казынасы рубрикасында берилген оюн канчалык аткарасың? 10 факт келтир.

4. Төмөнкү текстти оку. Наваийнин имижин аныкта.



Захириддин Мухаммад Бабур “Бабурнаама”да жазат: “Алишербек теңдеши жок адам эле. Түркий тилде ыр жазганга чейин эч ким алчалык көп жана жакшы жазган эмес. Алты кош саптуу китеп жазды, алардын беши “Хамса” эсебинде, дагы бири “Мантик ут-тайр” стилиндеги “Лисан ут-тайр” аттуу чыгарма. Казалдардан: “Gʻaroyib us-sigʻar”, “Navodir ush-shabbob”, “Badoyi ul-vasat”, “Favoyid ul-kibar” аттуу китептерден турган төрт жыйнак жазыптыр. Жакшы рубаилери да бар... Дагы “Mezon ul-avzon” аттуу аруз жазыптыр, bisyor madxuldur. Жыйырма төрт рубаий стилинде... Фарсий тилде да жыйнак жазыптыр. Фарсий поэзияда “Фаний” псевдонимин алыптыр, кээ бир жазгандары анчалык жаман эмес... Дагы музыкада жакшы нерселерди чыгармачылык кылыптыр. Жакшы оймолору жана жакшы киришүүлөрү бар.

Илим жана өнөр адамдарына Алишербекчелик тарбиячы жана колдоочу маалым эмес, андан жалаң гана пайда келиптир. Устат Кулмухаммад, Шайх Наий жана Хусайн Удийкимдердин ооматы келиптир. Бектин тарбиясы жана колдоосу менен кыйла өнүгүүгө жана урмат-сыйга татыктуу болушту. Устат Бекзат жана Шах Музаффар сүрөтчүлүктө бектин жакшылыгы жана колдоосу натыйжасында кыйла белгилүү жана таанымал болушту. Мынчалык көп имарат курган болсо аны да ал курдурду, мындайга саналуу гана адам жетише алат”.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Макалды оку. Анын мазмунун имиждин адамдар арасында ыңгайлашуу жагдайы менен байланыштырып түшүндүрүп көр.

Кийимиңе карап күтүп алышат, мамилеңе карап узатып коюшат.

## Ой жүгүртүү үчүн

"Дресс-код" термини англисчеден алынган болуп, "Кийим кодекси" деген маанини билдирет.

Дресс-код деген эмне?

Сырткы көрүнүшкө эмнелер кирет? Сенин оюңча сырткы көрүнүш кандай болушу керек? Эмнелерге көңүл буруу керек?

Кийимдер кандай тандалат?







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Бут кийим** айланандагылардын көзүнө байкалып турбастыгы жана ээсине ыңгайсыздык туудурбастыгы керек. Ыңгайлуулук жана чакандык бут кийим тандоодогу негизги өзгөчөлүктөрдөн саналат.







**Байпактардын** түсү бут кийимдин түсүнө ылайык келиши зарыл. Байпактарда түстүү сүрөттөрдүн болбогону оң.



**Расмий жагдайда** пиджактын топчулары кадалган абалда болгону оң. Таңкы тамак, түшкү тамак, кечки тамак маалында столго же столдун жанындагы креслого отурганда пиджактын топчулары чечип коюлат.





**Пиджак** же жакеттердин сырткы чөнтөктөрүнө ручка, калем, көз айнек, тарак жана башка буюмдарды көрүнө тургандай кылып салып жүрүү сунушталбайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Шым** алды жагынан бут кийимдин үстүнө бир аз жыйналып турушу, арт жагынан бут кийимдин таманынын четине же ортосуна жетишине көңүл бурулат. Шым сызык чыгарып жакшы үтүктөлгөн болушу керек.

**Кур** териден, кочкул түстүү жана жөнөкөй таралгага ээ болушу олуттуулуктун белгиси саналат.







**Көйнөк** бел айланасында түрүлүп калбастыгы, шишип турбастыгы жана курдун астынан чыгып кетпестиги керек. Ак жана бир түстүү көйнөктөр жакшы ta'b, аброй, потенциалдан кабар берет. Көйнөк костюмдагы эң кочкул түстөн ачыгыраак болушу зарыл.

**Жака** – кийимдеги эң маанилүү жер. Ал дайыма өлчөмгө төп келиши шарт. Жаканын бийиктиги жашка байланыштуу. Ал бырышкан болбостугу жана галстуктун түйүнү менен бирдиктүү бүтүндүктү түзүшү керек.


**Көйнөктүн манжеттери** билектен бир аз ылдыйыраак болушу жана пиджактын жеңинен 1 см чыгып турушу, колго тыгыз жабышкан болушу жана ошол эле маалда кол саатына кеңири кароого мүмкүнчүлүк бериши зарыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Галстуктун түйүнү көйнөктүн жакасына туура келиши керек.

**Галстук** костюмга ылайык келиши, көзгө ачык байкалып турбастыгы зарыл. Кышта каралжын кочкул түстөгү, жайда жаркын түстөгү галстук таккан оң. Галстуктагы негизги түс костюмдагы түстөрдөн бирине төп келгени абзел.




**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Галстук байлаганды үйрөн.
2. Галстукту дагы кандай усулдарда байлоого болот?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Аялдар үчүн иш кийими

**Маалымат үчүн**



Юбка узун да эмес, кыска да эмес, эң оптималдуу узундукта – тизеден ылдыйда болушу зарыл. Сумка жөнөкөй жана таза болушу керек. Эң жакшы сунуш – кочкул күрөң териден даярдалганы. Жакшы жабылсын десең, аны толтуруп жибербе.

**Туфли** костюмдун түсүнө ылайык келиши, алды жабык болушу керек. Чач түрмөгү татаал болбошу, бирок жакшы ойлонгон жана чачтын түсү табигый болушу зарыл. Косметика жөнөкөй, тырмактар түссүз же назик түстөрдө болушу керек. Жасалгалар ири жана жылтырак болбостугу жана 3 төн (сөйкө, шакек жана чынжыр) ашпастыгы керек.

**Портфельде** тартип болушу зарыл. Мойнуна ташталуучу жоолук же шарф болгону оң. Аялдар кийим тандоодо анын мезгил жана чөйрө менен шайкеш болушуна көңүл буруулары керек.



Аялдардын сулуу көрүнүшүндө дагы бир кичинекей сыр катылган. Бул алардан таралып туруучу жыт. Атырдын жыты ички жана сырткы сулуулукту айкалыштырып турат.

## Алтын эреже!

Эң негизгиси, кийим сенин турпатыңа жарашып турушу, өзүңө ыңгайлуу, таза жана ырааттуу болушу керек.





Адистердин оюу боюнча, аялдар үч түрдөгү атырдан пайдаланышы керек. Булар: ишкана, достор чөйрөсү, жакын адамы үчүн.











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Кооз сапат жана жагымдуу кулк-мүнөз кооздобогон адамды эч кандай кийим сулуу кыла албайт.


*Махмуд Замахшарий*

## Маалымат үчүн

Бүгүн тездик менен өнүгүп жаткан ылдам заманда жашап жатабыз. Ар тараптан маалыматтык чабуул, түрдүү чалгытуулар, керексиз жана кооптуу маалыматтар менен жаштарыбыздын аң-сезимин ээлөөгө умтулуулар бар... ошондой коркунучтардын бири “массалык маданият” болуп эсептелет. “Массалык маданият”тын максаты, оболу, материалдык байлык арттыруу, адамдарды бири-бирине карама-каршы коюп, бири-бирин жана о.э. өзүн өзү өлтүрүүгө чейин алып баруудан турат.



“Готтор” кыймылынын негизги идеясы болсо өлүмдү романтикалаштыруу, кыйналуу, азап-тозок, ыпыластыктан ыракаттануудан турат. Бул субмаданияттын өкүлдөрү кара түскө негизделген имижге таянышат, готтук музыкага кызыгышат, бүгүнкү күн менен жашашат. Готтор позитивдүү сезим-туюмдардан ырахаттануунун ордуна рухий азаптануу, үмүтсүздүк жана рухий кайгыдан ырахаттанышат.



Териңди тешип сүрөт чийбе – бул аддатар бутпарас элдерге таандык. Байыркы Убада (19:29).

Готтор да кара түскө негизделген “дресс-код”го баш ийишет. Кийинүү стилинин негизги элементтери кийимдеринде кара түстүн көп болушу, металлдан иштелген түрдүү жасалгаларды иштетүү болуп саналат.

Кийим-кеченин милдети адамды сууктан, жамгыр-кардан коргоо гана эмес, о.э, көңүл бурдуруу каражаты да болуп эсептелет.

Кийимдеги тартип жана тыкандык көбүнчө иштеги уюштуруучулукка салыштырылат. Тартипсиз же туура эмес байланган галстук, бут кийиминин кир экени, көйнөгүнүн бырыштыгына көңүл бурбаган адам жөнүндө “өзүнө карата талап койбойт” же “айланадагыларды урматтабайт” деген түшүнүк пайда болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сен билим алуучу мектепте дресс-код орнотулганбы? Дресс-код каерлерде орнотулушу керек деп ойлойсуң?

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

Группа болуп иштегиле.

1. Адамзаттын тарыхында качандан баштап кийимге зарылдык болгон? Дүйнө элдеринин улуттук кийимдеринин калыптанышына кандай шарттар себеп болгон?

2. Сен компаниянын жетекчисисиң. Ишчилериндин кийими жана сырткы көрүнүшүнө көңүл бурасыңбы? Эмне үчүн? Оюңду негизде. Сырткы көрүнүштөн башка дагы кандай талаптар коймоксуң?

3. Берген жоопторуңду жалпылап, дресс-код жана анын принциптерин иштеп чык.

4. Төмөнкү сүрөттөргө көңүл бур. Алардагы уюмдун ишчилери үчүн дресс-код керекпи? Оюңду негиздөө үчүн 5 факт келтир.

















## Руханият казынасынан

Адамдын кийиниши анын ички руханий дүйнөсүнүн сырттагы чагылышы болуп саналат. Кайсы адамда уят, сый, ар-намыс сыяктуу түшүнүктөр болсо, ошол адам өз аброюн сактай турган, башкалардын кыжырын келтирбей турган абалда кийинет.

*Шайх Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф,*
*"Социалдык адептер" китебинен*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21–22-ТЕМА: ЭТИКЕТ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Этикет жөнүндө уккансыңбы? Этикет адамдын руханиятында кандай орун тутат деп ойлойсуң? Этикетти үйрөнүү эмне үчүн керек?

2. Адеп-ахлак эрежелери менен этикеттин кандай байланышы бар?

3. Коомдо кабыл алынган тартип-эрежелерди “Этикеттин алтын эрежелери” деп аташ мүмкүнбү? Оюңду негизде.

## Ой жүгүртүү үчүн

Этикет белгилүү бир чөйрөлөрдө өзүн тутуунун эрежелерин өзүндө камтыган түшүнүк. Кенже класстарда сен этикеттин айрым эрежелери, аны сактоонун тартиптери менен таанышып өткөнсүң. Чоң турмуш босогосунда турганыңда коомдо өз ордуңду табууң үчүн да этикет эрежелерин сакташың шарт.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк



**Эки топко бөлүнгүлө.**

1. Уюмдун жетекчисин жана ишчилерин тандагыла. Уюмдардын ортосунда өз ара шериктештик келишимин түзүшүңөр керек. Келишүү жараянын уюштуруу боюнча программа түзгүлө. Программанын негизинде белгиленген милдеттерди шарттуу түрдө ишке ашыргыла.

2. Топтордун өз ара мамилелеринде кандай этикет эрежелери бузулганын аныктагыла.

3. Табылган кемчилдиктер боюнча сунуштарды бергиле.

4. Сунушуңарды тема менен салыштыргыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн


Натыйжалуу маектешүүнүн төмөнкү негизги элементтери бар:
– саламдашуу;
– таанышуу;
– кайрылуу;
– субординация (баскычма-баскыч мамилеге киришүү).

Байланышуу – мамиледе болуу дегени. Баарлашуу – кыймыл, сезим, ой-пикир, ички сезимдерди башкалар менен бөлүшүү дегени. Ал жеке инсандын сапаттарын, ички "мен"инин эң жакшы жактарын ачып көрсөтүүчү чыгармачылыктын түрү болуп саналат.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Берилген сүрөттөрдүн негизинде этикеттин кайсы эрежелери бузулганына түшүндүрмө бер.

2. Төмөнкү сүрөттөрдө кандай адеп-ахлак эрежелери бузулган? Оюңду негизде.



## Руханият казынасынан

Жашоодо ийгиликке жетүү үчүн үч нерсе керек: кунт, тартип жана аракет.

*Жалалиддин Румий*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Буларды билишиң жана сакташың зарыл



Топко келип кошулган адам салам берип кирет. Аны чакырган адам көпчүлүккө тааныштырат, кийин калгандарды жашына карап тааныштырат.

Адамдарды бири-бирине тааныштырылганда алар жөнүндө кыска маалымат берилет.



Мисалы, “Бул – менин досум Махабат, ал хирург болуп иштейт”, “Бул – менин классташ курбум Динара”. Муну менен сен топко жаңы кошулган таанышың менен кандай мамиледе экениңди билдиресиң.



Тааныштырып жаткан адамга болгон мамилеңди билдирүү максатында кол узатышың зарыл. Аялдар кол сунбаса, эркектер кол узатышпайт.

Баштап, эркектер аялдар менен тааныштырылат, саламдашылат. Кичүүлөр улууларга салам берет.



Эркек киши аял кишинин стулга олтурушуна жардам берет.

Аял жана эркектер көп чогулган жерде биринчи болуп аялдар сурашышат. Эркектер баштап аялдар менен, кийин өз ара саламдашуулары адептен болот.



Көчөдө жүргөндө аял киши эркек адамдын оң жагында жүрөт.

Транспорт каражаттарынан баштап эркектер түшүшү, чыгып жатканда болсо баштап аялдар чыгышы керек.



Башка дин өкүлдөрүнүн ынанымына сый мамиледе бол.

Эскалаторго чыкканыңда оң жакта тур. Сол жакты бош калтыр. Шашылып жаткандарга өтүп кетүүгө мүмкүнчүлүк бер.



Жамаат жайында каткырып күлүү, бийик үн менен сүйлөшүү адепсиздик саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Жадыбалды улант.

<table>
<tr><th colspan="2">Саламдашуу эрежелери</th></tr>
<tr><th>Кыз балдар үчүн</th><th>Уул балдар үчүн</th></tr>
<tr><td colspan="2">Оң колун көкүрөк тушка коюп, жылмаюу менен салам берет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кичүү жаштагы балдарга өрнөк катары салам берет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">“Ассалому алейкум” сөздөрү даана-даана кылып айтылат.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Алдыдан келаткан адамга ал жетип келгенге 3–4 кадам калганда салам берилет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Жашы улуураак аял же эркек кишиге ордунан туруп салам берилет.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ага-ини, эне-бала, эже-сиңдилер учурашканда кол узатып эмес, кучакташып, андан соң кол берип учурашышат.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Жетекчилер кол узатмайынча кол астында иштегендер кол сунушпайт.</td></tr>
<tr><td>Адатта башты бир аз ийип саламдашылат.</td><td>Учурашканда колду катуу кыспаш керек. Колду катуу кысуу же кыйлага чейин коё бербөө адепсиздик саналат.</td></tr>
<tr><td>Аял киши эркектер менен кол берип сурашуусу анын каалоосунда болот.</td><td>Эркектер аялдарга биринчи болуп кол узатпайт.</td></tr>
<tr><td></td><td>Жашы улуу карыялар менен кол берип көрүшкөндө эки колду да узатып учурашылат.</td></tr>
</table>

## Ой жүгүртүү үчүн

**Аңгемени оку жана төмөнкү суроолорго жооп бер.**

1. Ким биринчи салам бериши керек деп ойлойсуң?
2. Бул жагдайга өз оюңду билдир.
3. Сен бул жагдайда кандай жол тутат элең?

### Таанышыңбы?

Гүлнара дос кызы Саида менен сабактан кайтып жаткан. Саида автобус аялдамасында турган жашы 40 тар чамасындагы аялга салам берди. Гүлнара дос кызы салам бергени үчүн таанышы болсо керек деп ойлоп, ал да салам берди. Саида жолдо кезиккен өзүнөн улуу ар бир жолоочуга салам берип баратты. Буга Гүлнаранын кыжыры келип:

– Неге мынча салам бере бересиң, эмне, бардык учураган адамдар сенин тааныштарыңбы? деп сурады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



- Жок, деди Саида.

- Мына эми ошон үчүн кимдир алик алды, дагы кимдир сага бул кыз неге мага салам берди деп таңданып карап коюптур да?! Эй барчы, эми сени менен чогуу жүрбөйм, адамды уятка койдуң... деди, Гүлнара

**Руханият казынасынан**

Тамактануу алдынан колду жууш берекенин себепчиси болуп, алжакырлыкты кетирет. Тамактан кийин колду жууш болсо жемеленүүдөн арылтат.

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

Жигиттер менен кыздар өзүнчө жамааларга бөлүнүшөт:

## Ашта

*Уул балдар жамаасы үчүн*

Чоң атам:

– Кеч болуп калды, эртең эрте турушуң керек. Ашка барабыз, кийимдериңди даярдап кой! – деди.

Айтылган убакытта ашка жетип бардык. Чоң атам тойканага жетип баргычак дайыма айта бергенинен мен жаттап болгон эрежелерди дагы бир жолу эстетти. Мен кунт коюп уктум.



Жардамчылардын колу колуна тийбей жатты. Мен да чоң атамдын уруксаты менен алардын катарына кошулдум. Иш-чаранын аягында биз кызмат кылгандар бир столдо мейман болдук.

Тойканадан чыктык, чоң атам той ээлери менен коштошоордо мени кээ бир адамдар менен тааныштырып өттү. Мен бир четте адеп сактап турдум. Үй ээлери мага кол узатышып: “Таанышканыбыздан кубанычтабыз, биздикине конокко келиңиз”, – деп сый көрсөтүштү.

1. “Чоң атам тойканага жетип баргычак дайыма айта бергенинен мен жаттап болгон эрежелерди дагы бир жолу эстетти” деген сүйлөмдө кандай эрежелер жөнүндө сөз болгон деп ойлойсуң?

## Мейманда

*Кыз балдар жамаасы үчүн*

Тагамдыкына бешик тоюна бардык. Албетте, апам айткандай жөнөкөйүрөөк кийиндим. Мейманга бараарыбыз менен үй ээлери бизди ачык маанайда күтүп алышты. Үйгө кирээрибиз менен апамды ичкериге алып киришти. Менин буттарым болсо өз-өзүнөн ашкана жакка жүрдү. Ашканада мага теңдеш кыздарды көзгө көрүнбөгөн бир кол башкарып жатты. Баары билип-билип өз ишин кылып жатышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ошол маалда ичкериден чайнек көтөрүп бир аял чыкты, дароо чайнекти алдым. Газ плитасынын алдында турган таежем: “Кандай чай, көкпү-карабы?” – деди сергектик менен жана колумдагы чайнекти алды да, чай демдеп, колума карматты. Ал арада мени менен учурашканга да үлгүрүп, “Ичкериге кирип тамактанып ал, кийин аш салганга каралашасың”, – деп койду...

1. “ Ашканада мага теңдеш кыздарды көзгө көрүнбөгөн бир кол башкарып жатты. Баары билип-билип өз ишин кылып жатышты” деген сүйлөмдө кандай “көзгө көрүнбөгөн кол” жөнүндө айтылып жатат?

2. Сен мындай жагдайларда кандай жол тутасың?

Ар эки жамаага: Эмне үчүн бул эрежелерди сакташ керек? Ар бир эрежени туюнтуучу символдордун сүрөтүн тарт.

Эки жамаанын эрежелериндеги жалпы жана өзүнө мүнөздүү жактарын белгиле. Муну Вен диаграммасында сүрөттө.



Билесиңби?

Суу ичип жатканда адам бир дем менен эмес, акырын, үч бөлүп ичиши керек. Ичилип жаткан сууга үйлөбөө керек. Туруп же жүрүп суу ичкенден отуруп ичкен жакшыраак.

Дасторкондун бардык жерине кол созбостон, тамакты алдыңдан, аз-аздан алып жеш адептүүлүк саналат. Оозуңда тамак болсо, сүйлөбөгөнүң оң.

Дасторкондун тегерегинде башкалардын тамагына кароо, көңүлгө тие турган аракеттерди жасоо, каткырып күлүү, эриндерди чалпылдатуу жаман адат.

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. “Таанышыңбы?”, “Ашта” жана “Мейманда” аңгемелеринде кандай баалуулуктар катылган? Ар бир аңгемедеги сен үчүн маанилүү болгон баалуулуктардын тизмесин түз.

2. Дагы кандай эрежелерди кошо аласың?

3. Элестет, сен уюмдун жетекчисисиң. Уюмуңдун этикет эрежелерин иштеп чык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# IV БӨЛҮМ. ЖЕКЕ ӨНҮГҮҮ

## 23–24-ТЕМА: РЕНЕССАНСТЫН ПАЙДУБАЛЫ

### Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар



















1. Берилген сүрөттөр аркылуу эл жыргалчылыгына тиешелүү факторлорду аныкта. Жыргалчылыкка эмнелер негиз болот?

2. Сенин билимдүү, өз кесибинин чебер устасы болушуң мамлекеттин өнүгүүсүнө кандай таасир көрсөтөт?

3. Билим даражаңды өстүрүү үчүн бир күндө канча убакытты китеп окууга сарптайсың?

4. Энциклопедист окумуштуу Абу Али ибн Сина: “Акыл таразасында ченелбеген билим чыныгы билим эмес”, дейт. Эмне үчүн билимдерди акыл таразасында ченеш керек деп ойлойсуң?

5. Мамлекетибизде бүгүнкү күндө илим-билим жаатында алып барылып жаткан реформалардан кандай максаттар көздөлгөн?

6. Улуу жибек жолунун кесилишинде жайгашкан мамлекеттерге көңүл бур. Улуу жибек жолунун төмөнкүлөргө таасирин айтып бер:

- цивилизацияга;
- илимий-маданий мураска;
- мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнө;
- дипломатиялык мамилелерге;
- улуттук жана диний мамилелерге.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Ой жүгүртүү үчүн**

Архитектор Исмаил ибн Тахыр Мухаммад Исфаханий Мырза Улукбектин буютмасы менен 1417–1419-жылдарда Бухарада медресе курган.

Медресенин жыгач дарбазасына ***“Илимге умтулуу ар бир муслим жана муслима үчүн парз”*** деген хадиси шарифти араб тилинде оймолуу жазуулар менен жаздырган.

Дарбазанын темир алкагына өкүмдар Мырза Улукбектин максатына мүнөздүү болгон ушул жазууларды окумуштууну терең урматтаган жаш уста архитекторлордон бири жазып калтырган: ***“Илимдин берметтеринен татып көргөн адамдарга Алла тааланын ыраазычылык эшигин ачат”.***

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Төмөнкү текстти окуп, оюңду билдир.

Тынчтык жана туруктуулук болбосо, илим-билим тармагында эч кандай өсүү, өнүгүү болушу мүмкүн эмес. Тынчтык жана туруктуулук болсо гана илим-билим борборлору, академиялар, жогорку окуу жайлары пайда болот.

2. “Устат атаңдай улуу‘” деген накыл сөздү иш жүзүндө ишке ашыруу үчүн кандай сунуштар берет элең? Өзүң бул накыл сөзгө амал кыласыңбы? Эмне үчүн устаттын даражасы атага теңдештирилет?

**Маалымат үчүн**

## Заманбап Өзбекстанда илим-билим жана анын өнүгүшү чет элдик эксперттердин көз карашында

Өзбекстанда илим-билимди жаңы даражага көтөрүүгө багытталган идея-сунуштар мамлекетти дагы да өнүктүрүү позициясынан алганда өтө чоң мааниге ээ. Эл өзүнүн тарыхы, маданияты жана салттарын билиши керек. Антпесе, ал улуттугунан ажырап калат. Эгерде мамлекеттер бири-биринин тарыхын терең билсе, бүгүнкү глобалдашкан дүйнөдө тынчтык жана шериктештик чыңдалат.

Өз-өзүнөн маалым болгондой, билимдердин аламашуусун алып баруу, башка мамлекеттер, чет элдик илимий-изилдөө борборлору менен кошмо изилдөөлөр жана долбоорлорду ишке ашыруу өтө маанилүү болуп саналат.

*Антонио Алонсо Маркос, Сан Пабло-Мадрид университетинин профессору*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк









Текстти оку. Оюңду берилген сүрөттөрдүн негизинде чечмеле.

### Кайра жаралуу доорунун төрт таяныч устуну

Биз мектепке чейинки билим берүү жана мектеп, жогорку жана атайын орто билим берүү системасы жана илимий-маданий мекемелерди келечектеги Ренессанстын төрт үзгүлтүксүз алкагы деп билебиз. Балдар бакчасы тарбиячысы, мектеп мугалими, профессор-мугалимдер жана илимий-чыгармачыл окмуштууларыбызды болсо жаңы Кайра жаралуу доорунун төрт таяныч устуну деп эсептейбиз.

Мен, урматтуу ата-энелер бул демилгени албетте колдоп-кубаттап, жаңы Ренессанстын бешинчи алкагы, бешинчи устуну болот, деп терең ишенем. Ошондой эле бул руханий-агартуу жашообуздагы эң бекем устун болот десем, сиздер толук колдоп-кубаттайсыздар деп ойлойм.

*Шавкат Мирзиёев, Өзбекстан Республикасынын Президенти*

## Руханият казынасынан

“...Жаңы Өзбекстанды курууда эки бекем устунга таянабыз. Биринчиси – базар принциптерине негизделген күчтүү экономика. Экинчиси – ата-бабаларыбыздын бай мурасы жана улуттук баалуулуктарга негизделген күчтүү руханият”, – деп айтат мамлекетибиздин Президенти.

Күчтүү экономика менен күчтүү руханият биримдиги принциби бекем негизге ээ. Биз эки Ренессансты көргөн, курган улутпуз. “Жаңы Өзбекстан = күчтүү экономика + күчтүү руханият” формуласы Үчүнчү Ренессанстын пайдубалын түзөт. Мындай шайкештик коомдун өнүгүүсүнө кызмат кылып, адамдарды агартууну карай жетелейт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

Аалым Платондон сурашты: "Ушунча илимди кандай жараттың?". Ал мындай жооп берди: "Илим үйрөнүп жаткан убактарымда күйгүзгөн чырактын майынын каражатын эсептесең, жеп-ичкен нерселеримдин акчасынан көбүрөк болот". Демек, убакытты ашыкча жеп-ичүү жана оюн-күлкүгө эмес, илим алууга сарптоо зарыл.

Ар бир иштин илимин билүү аны аягына жеткирүү жана толук аткаруу негизги фактор болот. Илим жана ой-жүгүртүү адамдарга бул дүйнө жана акыретте эң туура жол көрсөтүүчү болуп саналат. Анын ээси болсо бардык мактоого татыктуу ахлакка жетишет.

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Текстте "ар бир иштин илимин билүү" дегенде эмне көздө тутулууда?
2. Текстте берилген "Анын ээси болсо бардык мактоого татыктуу ахлакка жетишет" деген пикирди "Жаңы Өзбекстан мектептин босогосунан башталат" текстинин мазмуну менен байланыштырып көр.
3. Токтомурат Жумаевдин чечкиндүүлүгү, өз ишинин илимин билиши, аны аягына жеткирүү жана мыктылап аткарууга негизги фактор боло алабы? Эмне үчүн?
4. Сен өз алдыңа койгон максаттарыңа жетишүү үчүн кандай аракет кылып жатасың?
5. "Мыктылап аткаруу" дегенде эмнени түшүндүң?

**Ой жүгүртүү үчүн**

## Жаңы Өзбекстан мектеп босогосунан башталат

Токтомурат Жумаев Бухаранын алыскы районунда жайгашкан жөнөкөй бир айыл мектебин өзүнүн тынымсыз изденүүсү, жаңы билим берүү методикасы менен республикалык даражадагы белгилүү билим берүү борборуна айландырды.

Жыл сайын мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн 95 пайыздан ашыгы жогорку окуу жайларына окууга кабыл алынат.

2020-жылы бул билим берүү борбору жетишип жаткан чоң ийгиликтерин эске алып, Эл аралык математика мектебине айландырылды.



Чебер педагог Токтомурат Жумаев таалим-тарбия багытында жетишкен чоң ийгиликтери жана үлгүлүү ишмердүүлүгү үчүн Президенттин указы менен мамлекетибиздин жогорку сыйлыгы – "Улуу кызматтары үчүн" ордени менен сыйланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Төмөнкү элдин макалды оку жана журтубуздун ойчулдарынын түрдүү багыттардагы илимдерди ээлөө үчүн канча кыйынчылык тарткандарын айтып бер:

"Илим менен алектенүү ийне менен кудук казганга тең".

2. Сен өз алдыңа илим жана өнөрдүн кайсы багыттарын ээлөөнү максат кылып койгонсуң?

3. Максатыңа жетүү үчүн кандай аракеттенип жатасың?



## Тарыхка назар



Мамлекетибиздин канчалык тез өнүгүшү, күч-кубатка толушу, дүйнөлүк коомчулукта өзүнүн татыктуу ордун ээлеши, оболу, сенин руханий билимиң, ар-намыс жана сыймыгың канчалык бийик болушуна байланыштуу.

IX–XII кылым – Имам Бухарий, Термезий, Абу Мансур Матуридий, Абу Наср Фарабий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Харезмий, Ахмад Ферганий, Бурханиддин Маргынанийлердин дүйнөлүк илимге кошкон чоң кызматы Маамун академиясынын Харезмдеги ишмердүүлүгү менен байланыштуу болсо, экинчи баскыч – Темурийлер Ренессансы доору XIV–XVI кылымдарга туура келет.

Амир Темур, Мырза Улукбек, Алишер Наваий, Бабур Мырзалардын илим-билим, маданияттын өнүгүшүндөгү кызматтары теңдешсиз.

Борбордук Азияда IX–XII жана XV кылымдарда болгон илим-билим, философия, адабият багытындагы өнүгүү Европа Ренессансына чоң таасир көрсөттү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Төмөндө берилген сүрөттөргө кунт коюп кара. Орто кылымдарда бул чиймелерди чийүү жана ой жүгүртүү үчүн кандай билимдерге ээ болуу керек эле?

2. 5-сүрөттөгү көрүнүштү Бухарадагы Улукбек медресесинин дарбазасынын маңдайына жазылган накыл сөз менен чечмеле.


3. Абу Али ибн Синанын XIV кылымда Италияда басылып чыккан “Медицинанын мыйзамдары” китебине иштелген гравюрага карап дүйнөлүк медицина илиминин өнүгүүсүнө Ибн Сина кошкон салым жөнүндө маалымат бер.



1 Кыбыланы аныктоонун схемасы. VIII кылым. Мухаммад ибн Муса Харезмий



2 Астролябиянын бир бөлүгү. X кылым. Ибн Ирак



3 Сүрүп чыгарылган суунун көлөмүн аныктоочу идиш. XI кылым



4 Медициналык аспаптар. XI кылым



5 Улукбек шакирттери менен. XVI кылым миниатюрасы



6 Абу Али ибн Синанын XIV кылымда Италияда басылып чыккан “Медицинаны мыйзамдары” китебине иштелген гравюра



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Руханият казынасынан

Илимдер көп. Алар замандын таалайы болуп, түрдүү ой жана эскерүүлөр кошулуп барса, көбөйөт. Адамдардын илимдерге кызыгуусу, илимдерди жана илим адамдарын урматтоо ошол таалайдын белгиси болуп саналат. Айрыкча, бийликтеги адамдардын илим адамдарын урматтоосу түрдүү илимдердин көбөйүшүнө себеп болот.

*Абу Райхан Беруний, Тандалган чыгармалар. 2-том*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Абу Райхан Берунийдин "... Бийликтеги адамдардын илим адамдарын урматтоосу түрдүү илимдердин көбөйүшүнө себеп болот" деген оюн мамлекетибизде илим-билимге берилип жаткан көңүл буруулар менен байланыштыр. Оюңду теңкурларыңдын түрдүү конкурстарда жетишкен ийгиликтери менен байланыштырып түшүндүр.

### Маалымат үчүн

## Стратосфера багындырылды



2021-жылы "Авиациялык жана космостук окуу-изилдөө лабораториясы"нын адиси Зиядулла Бутаханов эң заманбап курулмалардан пайдаланып, ири долбоорду ишке ашырууга жетишти.

Жерди 42 километр бийиктиктен сүрөткө тартууга жетишкен жаш аалымдын аракеттери менен журтубуздун тарыхында биринчи жолу мейкиндикке аэростат учурулду.

Өзбекстан биринчи жолу жакын космос, б.а. стратосфераны багынтты.

.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

### Группалык тапшырма:

1. Элибиз улуу руханий казынанын ээси. Сен ушул казынаны дагы да байытуу үчүн эмне кыла аласың?

2. Төмөндө берилген сүрөттө кандай багыттын ойчулдары сүрөттөлгөн? Алардын жашаган доорун аныкта жана тарыхый баа бер.

3. Чыгыш Кайра жаралуу доорунун ойчулдары калтырган илимий мурастын бүгүнкү заманбап илим-билимдин өнүгүшүндө кандай орду бар?

Багыттар боюнча анализде (ар бир группа илим-билимдин кандайдыр бир багытынын ийгиликтерин ойчулдардын иштери менен байланыштырган түрдө маалымат чогултат).

Ар бир группа берген маалыматтардан жалпы жана өзүнө мүнөздүү жактарын аныкта. “Чыгыш Кайра жаралуу доору жана илим-билимдин жаңы өнүгүшүндө менин салымым” деген темада презентация даярда.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

Инновация бул – келечек дегени. Биз улуу келечегибизди курууну дал ошол инновациялык идеялардын негизинде башташыбыз керек...

Анткени ылдам өнүгүп бараткан азыркы доордо ким жеңет? Жаңы ой, жаңы идеяга, инновацияга таянган мамлекет жеңет.

*Шавкат Мирзиёев, Өзбекстан Республикасынын Президенти*

– Сен ээлөөнү максат кылып койгон кесибиң кандай инновацияларга негизделет?

– “Өз кесибинин чебер устасы болуу” деген ой менен “Улуу келечегибизди курууну дал ошол инновациялык идеялардын негизинде башташыбыз керек” деген ойду байланыштырып түшүндүр.

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып


1. Орто кылым илим-билиминин өнүгүшү бүгүнкү күндөгү кайсы предметтердин өнүгүшүнө негиз болду? Кандай шартта илим-билим өнүгөт?

2. Борбордук Азиядан чыккан аалымдар илимдин кандай багыттарында иш жүргүзүшкөн?



3. Абу Райхан Беруний Колумб саякатынан 500 жыл мурда Тынч жана Атлантика океандарынын артында материк бар экендиги жөнүндөгү көз карашты илгери сүргөн. Ал кандай билимдерге негизделген? Сен бул билимдерди ээлешиң үчүн кандай шарттар бар? Сен андан туура пайдаланып жатасыңбы? Оюңду негизде.

*Кана, кызым, айтчы!*
*Эмне үчүн окууну токтоттуң? Окуу-жазууну билип алдыңбы? Мага өз колуң менен кат жазып жибер. Бир сүрөтүңдү да жибергин, макулбу? Унутпа.*
*Фахри.*
*1944-жыл 4-декабрь*



4. Фронттон кызына кат жазган ата кандай милдетти аткарууда?

5. Эмне үчүн согуш очогунда жүргөн ата баласы үчүн билим алууну бардык нерселерден көрө зарыл деп эсептөөдө?

6. Эркин Вахидовдун “Nido” дастанындагы “44-жыл сентябрдын таңы атты...” деп баштала турган бөлүмдү оку. Аны каттагы ойлор менен салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 25–26-ТЕМА: АДАЛДЫК ВАКЦИНАСЫ

**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар**

1. "Адалдык вакцинасын" сен кандай түшүнөсүң? Аны менен кандай эмделүүгө болот?
2. Сен "адалдык вакцинасы" менен эмделгенсиңби? Оюңду негизде.
3. Төмөнкү кейстерди кунт коюп оку.

**Ой жүгүртүү үчүн**

## Бул күндүн өтүшү кыйын болду

Азизбек бүгүн башчысынан тил уккандыктан колу ишке барбады. "Ээ.., иштесең да ушу акыбал, иштебесең да!". Ал күнү бою компьютерде түрдүү оюндар ойноп, социалдык тармактарда кимдир бирөөлөр менен жазышты... Азизбек үчүн бул күндүн өтүшү өтө кыйын болду. Ал улам-улам саатка карап, сааттын жебелери кудум бир жерде токтоп калгандай эле. Мына, акыры сааттын жебелери 18:00 гө жетип, иш убактысы аяктаганын көрсөттү. Азизбек иш столун иреттеп, кесиптештери менен коштошту да көчөнү көздөй басты.



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Эмне себептен Азизбек үчүн "бул күндүн өтүшү кыйын болду?"
2. Сен Азизбектин ордунда кандай жол туткан болот элең?
3. Азизбек кандайдыр бир нерсени жоготтубу? Анын маанайы иштин өнүмүнө канчалык таасир кылды?

**Ой жүгүртүү үчүн**

## Кесиптик жоопкерчилик

Зарифа мааледеги үй-бүлөлүк поликлиникада медайым болуп иштейт. Бүгүн ага бириктирилген аймактагы көчөлөрдө жашоочу балдарды кезектеги текшерүүдөн өткөрүүгө чакырышы керек. Телефон чалып байланыша албаган үй-бүлөлөрдүн үйлөрүнө баруугa туура келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Айрым үй-бүлөлөр Зарифаны убара кылгандыктары үчүн кечирим сураштты. Назира апанын короосуна киргенде оболу аны жылуу күтүп алышты. Медициналык текшерүү жөнүндө сөз баштаган эле, Назира апанын ачуусу келип: "Эмне кылууну бизге үйрөтпө. Өзүбүз билебиз, качан эмне иш кылууну!" – деп Зарифаны сыртка узатып койду.



### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. "Медициналык текшерүү" эмне үчүн керек? Андан ким көбүрөк кызыкдар?
2. "Эмне кылууну бизге үйрөтпө. Өзүбүз билебиз качан эмне иш кылууну!" Бул сөздү 2020-жылы бүткүл дүйнө бойлоп кеңири тараган пандемия менен байланыштырып түшүндүр.

### Ой жүгүртүү үчүн

**Дүкөндө**

"Шоколаддардын кутусунда жазылган жарамдуулук мөөнөтү аяктап калыптыр. Буларды эми эмне кылабыз?" – деп сурады Айгүл иш башкаруучудан.

Иш башкаруучу: "Аа, ушундай болуптурбу? Анда бардык шоколаддарды таңгагынан ачып чыккыла", – деди.



Айгүл менен башка кыздар иштен соң калып, жарамдуулук мөөнөтү бүткөн шоколаддардын таңгагын ачып чыгышты. Иш башкаруучу аларга иштен соң иштегендиктери үчүн кошумча акы берди. Эртеси күндөн баштап, таңгактан ачылган шоколаддар дүкөндө килограммадап сатууга коюлду.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Дүкөн иш башкаруучусунун өз ишине жоопкерчилиги кандай даражада калыптанган?
2. Иш башкаруучуга "адалдык вакцинасы" керек деп ойлойсуңбу? Эмне үчүн?
3. "Адалдык вакцинасы" сенин келечегиң үчүн канчалык маанилүү деп ойлойсуң?

### Руханият казынасынан

Коррупцияга каршы күрөшүүдө калктын бардык катмарлары, эң жакшы адистер тартылмайын, коомубуздун бардык мүчөлөрү, башка сөз менен айтканда, "адалдык вакцинасы" менен эмделмейин, өз алдыбызга койгон жогорку маралларга жетише албайбыз.

*Шавкат Мирзиёев, Өзбекстан Республикасынын Президенти*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Маалымат үчүн

Жалпы адамзаттык баалуулуктарга көрө, адал-арам маселесинде эрктүү болуп, аларды бири-биринен ажыратып алуу жеткилең инсанга мүнөздүү белги болуп эсептелет. Кайсы бир адам бирөөнүн акысынан коркcо, кесип тандоо, ырыскы табууда арамдан качса, демек, ал адалдыкка умтулуптур.

Маани берип карасак, элибизде адалдык жана арамдык жөнүндөгү үлгүлүү накыл сөздөр көп. Мына ушундай эки карама-каршы көз караштын негизинде пайда болуучу оор суроолор адамзат аң-сезимдүү жашай баштаган замандардан бери аны ойлонтуп кыйнап келет.

Адалдыктын өзү сыяктуу достору көп: жакшылык, береке, бейпилдик, тынчтык. Эгерде көңүл бурсаң, адал адамдын дили жана жолу туура, даражасы улук болот.

### Ой жүгүртүү үчүн

Бузулган көпүрө үчүн жооп

Абдуллах ибн Умар өз атасына айткан экен:

– Эй ата, дүйнөдөн кайтыш болсоңуз, сизди экинчи же үчүнчү кечеде түшүмдө көрүүнү каалаймын.

Өлүмүнөн он эки жыл өтсө да атасы түшүнө кирбептир. Он эки жылдан кийин түшүндө атасын көрүптүр. Түшүндө уулу андан сураптыр:

– Ата, сиз мага үч кечеден кийин түшүңө киремин, деген элеңизго!

Атасы жооп бериптир:

– Нахарванда бир көпүрө бузулган жана кызматчылар аны оңдошпогон экен. Койлор ошол көпүрөдөн өтүп жатканда биринин буту тешикке түшүп сыныптыр. Азырга чейин ошонун жообун бердим дептир.

*Низамулмүлк, "Саясатнаама"*

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Аңгемедеги жагдайды жоопкерчилик, адалдык жана бурч сыяктуу сапаттар менен байланыштырып анализде.
2. Сен өз мойнуңдагы милдеттерге кандай мамиледе болосуң? Аларды өз убагында жана көңүлдөгүдөй аткарамын деп ойлойсуңбу?
3. Күнү бою натыйжалуу сарптаган убактыңды эсепте (буга түнкү 7–8 сааттуу уйкуну да кош). Бир күндүк аныктаган убактыңдын эсебин бир айга көбөйт. Аны жылдарга көбөйтүп көрчү?
4. Иштериңди пландаштырууга адаттан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Акмал банк академиясын эптеп аяктады. Окуу учурунда атасынын урматы үчүн мугалимдери аралык жана жыйынтыктоочу экзамендин бааларын коюп бериштi. Атасы тааныштарына айттырып, Акмалды абройлуу банктардын бирине ишке орноштуруп койду.

Тексттеги “банк академиясынын” ордуна “медицина академиясы”, “педагогика университети”, “техника университети”; “банктардан” сөзүнүн ордуна “ооруканалардан”, “билим берүү мекемелеринен”, “чоң курулуштардан” сыяктуу сөздөрдү коюп көрчү.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Жогорудагы жагдайлардын кесепети кандай болушу мүмкүн?

2. Өзбекстан Республикасынын Кылмыш кодексинен бул жагдайды тескөөчү статьяны тап жана жоопкерчилигин белгиле.

3. Мындай адистердин иш-аракетинде укуктук жоопкерчиликтен сырткары дагы кандай кесепеттер болушу мүмкүн?

4. Иштериңди тездик менен бүтүрүү үчүн кандай жол тутууну туура көрөсүң? Эмне үчүн? Кыйынчылыксыз, мыкты билим жана тажрыйбага ээ болбостон татыктуу кесип тандоо мүмкүнбү?

### Ой жүгүртүү үчүн

## Азык

Бир илим адамы курма сатылуучу дүкөндүн алдында балдардын оюндарын күзөтүп турат. Курма сатуучу колунда бир нече курма алып чыгып балдарга берди. “Бул курмаларды каерден алдыңыз?” – деп сурады аалым. Курма сатуучу: “Азыр бир кишиге курма саткан элем, анын баштыгынан түшүп калыптыр”, – деп жооп берди. Илим адамы: “Ал кишини тааныйсызбы?” – деп сурады. Курма сатуучу: “Ооба”, – деди.

Аалымдын маанайы бузулганы жүзүнөн көрүнүп турду. Курма сатуучу: “Эмне үчүн мындай суроо бердиңиз?” – деп сурады.

Ал жооп берди: “курманын ээсин таап, аны ыраазы кылып коюңуз. Эмне үчүн балдарды арам азык менен тамактандырдыңыз?”.

Катасын түшүнүп жеткен курма сатуучу: “Мындан кийин бирөөнүн акысын өздөштүрбөймүн”, – деп ант ичти.

### Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бул аңгеменин мазмуну сага кандайдыр бир турмуштук окуяны эстеттиби?

2. Курма сатуучунун катасы эмнеде эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. “Курманын ээсип таап, аны ыраазы кылып коюңуз”, дегенде аалым эмнени назарда туткан эле?

4. “Арам азык” жашооңдун жыргалчылыгына кандай таасир кылат?

**Маалымат үчүн**

### Өз шамымды күйгүздүм

Бир күнү бир киши Умар ибн Хаттабдын кабыл алуусуна келди. Салам берди да, күтүп турду. Умар ибн Хаттаб күйүп турган шамды өчүрүп, соң башкасын күйгүздү. Бул жагдай коноктун көңүлүн бурду.

Конок:

– Алдыңызда шам күйүп турган болчу, аны өчүрдүңүз. Дагы ага окшош башка шамды күйгүздүңүз. Мунун кандай мааниси бар? – деди.

Умар ибн Хаттаб жылмаюу менен:

– Өчүргөнүм мамлекеттин шамы (мүлкү). Күйгүзгөнүм болсо өзүмдүн шамым, өз акчама алганмын. Мамлекеттин иштерин кылганымда мамлекеттин шамын күйгүзөм. Азыр сени менен маектешип отурганымда мамлекеттин шамын күйгүзүшүм адалдык болбойт, ошондуктан аны өчүрдүм, өз шамымды күйгүздүм, – деди.



**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Умар ибн Хаттаб кимдин акысынан коркту? Эмне үчүн?

2. Т. аттуу адамдын үй телефону бузулуп калды. Эртеси Т. бузук аппаратты ишканасындагы ушуга окшо телефон аппаратына алмаштырып келди... Бул жагдайды Умар ибн Хаттабдын иш-аракети менен салыштыр.

**Ой жүгүртүү үчүн**

**Коррупция сенин жеткилең өсүшүңө тоскоолдук кылат жана бактысыздыкка себепчи болот!**



Мыйзамга ылайык коррупция адамдын өз кызмат абалын жеке кызыкчылыктарын же башка адамдардын кызыкчылыктарын көздөп материалдык же материалдык эмес пайда алуу максатында мыйзамга каршы түрдө пайдаланууcу, кудум ушундай пайданы мыйзамга каршы түрдө сунуштоосу болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн



### Шибегеге айланган төөнөгүч

“Уулуңуз ар күнү шибеге менен мештеримди тешип жатат. Сиздей улуу адамдын баласына ушул иш татыктуубу?” Даанышман кыжаалат болуп, кечирим сурап, мештердин акысын төлөйт да, аялын чакырып окуяны айтып берет.

Соң: “Биз балабызга мындай тарбия бербеген элек. Тамагына арам аралашып калбады бекен?” – деп сурайт. Аялы бир аз ойлонуп: “Сиз эмне таап келген болсоңуз, биз ошону гана жейбиз. Бизден күмөн кылышыңыз орунсуз”, – дейт.

Ата: “Мен үйгө арам тамак алып келгенимди эстей албай жатам. Таңга чейин дагы ойлоп көрөлү”, – дейт.

Таңда аялы айыптуу адамдын жалбарыңкы үнү менен минтет: “... бир окуяны кокусунан эстедим: ушул балага кош бойлуу экенимде конокко барган элем. Дасторкон дүйүм тамакка мол эле. Андагы апельсин табитимди кытыгылап, напсимди өзүнө баш ийдирип койду.

Кош бойлуу кезде аял жегиси келген нерседен татып көрө албаса, баласы кемчиликтүү болуп төрөлүшү мүмкүн экен деп уккам. Үй ээси негедир:



“Ал, же”, – дебеди. Напсим болсо тынчыбады.

Акыры үй ээси чыгып кеткенде апельсинди колума алып, төөнөгүчтүн учу менен акырын тештим да, бир тамчы шербетин шимидим. Сурап алынбагандыктан, балким, ошол тамак арам болгондур?”

Аялынын моюнга алган бул сөзүн уккан эр: “Ооба, баракелде! Түшүнүп жетипсиң. Тезинен ошол үйгө барып, окуяны айтып берип, ошол бир тамчы шербет үчүн ыраазылык ал”, – деген экен.

*Тахыр Малик, “Босого”*

Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бүгүн апельсин – мешке, төөнөгүч – шибегеге айланган болсо жана бул жагдай өз жайынча таштап коюлса, дагы бир нече жыл өткөндөн соң, алар эмнеге айланышы мүмкүн? Оюңду негизде.

2. “Арам оокаттын азы да, көбү да болбойт – бардыгы адамды бактысыз кылат” деген накыл сөздү темага байланыштырып түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Руханият казынасынан**

Бардык изгиликтердин, жакшы иштердин башы адалдык болуп саналат. Адалдык бар жерде айлакерлик чегинет, арамдын жолу бекилет.

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Бир окуучу сабакка тоскоол болду. Темадан сырткары суроолор менен мугалимдин убактысын алды. Класстагы калган 34 окуучу 15 минут бул жараянды күзөтүп отурду. Ошол күнү мугалим окуучулардан үй тапшырмасын сураганга үлгүрбөдү. Бул жерде кимдин эмнеси уурдалды? Мунун акысын ким төлөйт? Сенин классыңда да ушундай окуялар болобу? Сенин бул жагдайга мамилең кандай?

2. Күрөштө атаандашынын эки ийинин эч кандай айла иштетпей жерге тийгизген балбандардын жеңиши кайсы термин менен жарыяланат? Эмне үчүн бардык балбандар ушул сөзду угуу үмүтү менен майданга түшүшөт? Өзбек күрөшүндөгү кайсы эреже эл аралык мелдештерде баалоо катары кабыл алынган?

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Ар бир кейсти адалдык жана жоопкерчилик, бурч менен байланыштырып көр.

2. Адалдыкка көңүл буруу үчүн эмнелер зарыл экени жөнүндө кыскача эссе жаз.

3. Аңгеме каармандарынын кайсы бирине "адалдык вакцинасын" берген болот элең? Эмне үчүн?

4. Дүкөнчү сенден соода кылган нерселериңдин акчасын анын картасына өткөрүп беришин сурады. Сен кандай жол тутасың?

5. Дүкөнчүнүн тапкан пайдасынын отчётун аз көрсөттү. Бул иши туурабы? Эмне үчүн?

6. Л. аттуу адам үйүнүн электр жана газ, суу эсептегичтеринин көрсөткүчүн атайын артка айландырып койду. Л. кимдин акысына кыянат кылды? Анын бул ишине "Мамлекет жана укуктун негиздери" предметинен алган билимдериңе таянып укуктук жана руханий баа бер.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 27–28-ТЕМА: СУКТАН ЖАНА АЛДЫГА УМТУЛ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сен чоңдордон "Суктан жана алдыга умтул" деген сөздү уккансыңбы? Мындай сөздөр кандай жагдайларда айтылат?

2. Кимдир бирөөнү иштеги ийгилигинен кабар тапканыңда "Мен да ушундай кыла аламын", "Эмне үчүн мен кыла албастыгым керек?", "Эмне үчүн мен эмес?" деген ойлордон кайсы бири биринчи болуп келет? Мунун себебин ойлоп көргөнсүңбү?

## Ой жүгүртүү үчүн

### Көрө албастык балееси

Көрө албастык кээ бир адамдардын канында айланып жүрүүчү эски дарт. Тилекке каршы, кылымдар бою бул дарттын дабасы табылбаган. Одоно окшотуу үчүн кечирим сураган түрдө муну айткыбыз келет: көрө албастык кутурган итке окшойт. Бир гана айырмасы, кутурган ит алдынан чыккан адамды кабат. Көрө албас болсо эл тааныган, эң жакшы адамдарды "тандап" абройсуз кылат. Ит түз эле келип кабат. Көрө албас болсо тымызын иш кылат. Бирөөнү жаманатты кылуу үчүн миң бирдей арам "усул"дан пайдаланат.

Көрө албастарды эки түргө бөлүү мүмкүн. Өзүн бирөө таанybай турган, "Баланча болбосо, менин ишим жүрүшүп кетет, ал эмес, мен белгилүү инсан болот элем", – деп ичинен эзилет. Дагы бир түрү бар: көпчүлүккө таанылган, аброю да жайында. Бирок эч кимди жанына жолоткусу келбейт. "Баланча менден озуп кетпесин, менден башка эч ким өспөсүн", деп ичи күйө берет. Баарынан шексине берет...

"...көңүлүңдү кеңирээк кылсаңчы, бай болгур!" деген сөз оюна келбейт.

*Өткүр Хашимов, Дептердин жээгиндеги жазуулар*

## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Өткүр Хашимовдун пикирлерине дагы эмнелерди кошкон болот элең?

2. Көрө албас адам кимге көбүрөк зыян келтирет?

3. "Көрө албастын багы көгөрбөйт" деген макалды кандай түшүнөсүң? Эмне үчүн көрө албастын багы көгөрбөйт?

4. "Көрө албастык өсүп өсүп ич күйдүлүккө, ич күйдүлүк кутумга айланат. Ал эми кутум ар кандай караөзгөйлүктүн энеси", деген пикирге турмуштан мисал келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

Искандар Румий заманында бир жаныбар пайда болду, ага ким туш келсе, дароо курман болчу. Искандардын даанышмандары бул балээни жоготуу үчүн ар канча аракеттенишпесин, эч нерсе кыла алышпады.

Акыры, бул балээни жоготуу чарасын ойчул Аристотель тапты.



Аристотель кандай амал ойлогон же бул иштин чарасын тапкан? Сен эмне кылган болот элең?



Анын буйругу менен өтө чоң күзгү даярдашты, ал күзгүнүн артында бир-эки киши жашынып отурушу мүмкүн эле. Ошол күзгү батарлык өтө чоң араба даярдап, аны арабага көтөрүп койду. Аристотель күзгүнүн артында бекинип отурду. Арабаны ал жаныбар турган жерге жакыныраак алпарып коюшту.

Жаныбар адамдын жытын билип, арабаны көздөй келе баштады. Арабага жакын келгенде көзү күзгүгө түштү, күзгүдө өзүнүн сүрөтүн көрүп, дароо жыгылып өлдү. Искандар бул иштен абдан таңыркап Аристотелден мунун сырын сурады. Аристотель муну мындайча түшүндүрдү:

Аристотелдин жообу кандай болгон деп ойлойсуң?

– Эй Искандар, бул жаныбар жер астында көп жыл жаткан жагымсыз буулардан пайда болгон, анын көзүндө өлтүрүүчү уусу бар эле, кимге көзү түшсө, ал адам дароо өлчү. Мен алдына күзгү алып бардым, анын сүрөттөлүшү күзгүдө пайда болду, көзү ага түштү. Ал көз бул сүрөттөлүш аркылуу анын өзүнө кайтты жана өз назарынын кусуру өзүнө уруп өлдү.

*Искандар Аристотелге алкыш айтты.*

**Руханият казынасынан**

Дүйнөдө баарынан көрө албастын жүгү оор, анткени ал байкуш бүткүл дүйнөдөгү шат жана кубанган адамдардын кайгыларын өз үстүнө жүктөп алат.

*Аристотель*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Төмөнкүлөрдөн көрө албастыкты келтирип чыгаруучу илдеттерди бөлүп көрсөт:

– башка адамдардын ийгиликтерине кыжыры келет;
– эмне үчүн менде мындай мүмкүнчүлүк жок, менин эмнем кем дейт;
– ич күйдүлүк кылат;
– мен да ушундай кыла алам дейт жана аракет кылат;
– ишенимди актабайт (сөзүндө турбайт);
– натыйжага жетишүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке салат;
– душман аркылуу зыян тийгизет;
– ийгиликке жетишкендердин тажрыйбаларын үйрөнөт жана алардан пайдаланат;
– жакшылыкты танат.

2. Жогоруда берилген пикирлердин тескерисин айтып көр.

3. Жадыбалды дептериңе сыз. Берилген сөздөрдүн антонимдерин тап. Аларды кулк-мүнөзгө айландыр. Сенде ушул кулк-мүнөздөрдүн кайсы бири калыптанган? Бул жөнүндө ойлоп көр. Жыйынтыгыңды эч кимге айтпа. Эгерде туура көрсөң, мектеп психологу менен кеңеш.

Окуган чыгармаларыңдагы каармандардын символунда ушул сапаттарга мисал келтир.

| Терс сапаттар | Карама-каршы мааниси | мисал |
|---|---|---|
| кыжырдануу | | |
| ич күйдүлүк | | |
| жамандык | | |
| зыян | | |
| ичи тардык | | |
| жалган | | |
| душман | | |

4. “Руханият казынасынан” рубрикасында берилген пикирлердин негизинде көрө албастыктан кутулуу жолдору жөнүндө инфографика даярда.

## Руханият казынасынан

Эй адамдар, достук жана мээр-акыбет ууруларынан сактангыла! Мындай ууруларга ушакчы жана ырбаткычтар кирет. Уурулар мал урдаса, мындай кишилер адамдардын арасындагы достукту, тынчтыкты, мээрим жана сүйүүнү уурдап, чыр чыгарышат.

*Каюм Насирий, татар жазуучусу*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Ой жүгүртүү үчүн**

## Ниетиң – жолдошуң

Уламышта айтылгандай, Иса алайхиссалам өлгөн адамды тирилткенден соң, анын жактоочулары сыяктуу көрө албас душмандары да көбөйүп кетет. Ошондойлордон бири: "Өлгөн адамды тирилте турган дубаны мага да үйрөтөсүң", деп туруп алат. Иса масих бул адамдын ниети жамандыгын билгендиктен каршы болот. Тиги адам жалынып-жалбарып, миң жолу суранат... Иса масих: "Кел, ушул да үмүтсүз болбосун", деп дубаны үйрөтөт.

Баягы адам жолдо баратып, Иса мени баары бир алдады, үйрөткөн дубасы жалган деп ойлойт. Караса, жерде бир бөлүк сөөк жаткан экен. Дубанын күчүн сыноо үчүн окуган экен, сөөк дароо чоң арстанга айланыптыр да, аны тытып салыптыр...

Жакшылыктан жамандык издөөнүн жазасы ушул болсо керек...

*Өткүр Хашимов*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Уламыш эмне үчүн "Ниетиң – жолдошуң" деп аталган?
2. "Ар бир адам өз мүмкүнчүлүгүн туура баалашы зарыл" дегенде эмнени түшүнөсүң? Мисал келтир.
3. "Адамдын жакшы ниети – ийгиликтердин башталышы жана таяныч чекити" деген түшүнүктү уламыш менен байланыштырып өз оюңду билдир.

**Маалымат үчүн**

1. Көрө албастык өз ээсинин психо-физиологиялык өнүгүүсүнө терс таасир көрсөтөт. Бирөөнүн ийгилигин көрө албастык, ошол адамга жамандык кылууну ойлоо тынымсыз тынчсызданууга алып келет. Бул жараянда адам өзүнөн терс (негативдүү) энергия чыгарат. Организм өзүн өзү ууландыра баштайт. Мындай рухий оордук кант оорусу, бронхиалдык астма, инфаркт жана башка бир топ ооруларды келтирип чыгарышы мүмкүн.
2. Көрө албастыктын дабасы: шүгүр кылуу, сабыр, кечиримдүү болуу, кек санабоо, кичипейил, суктануу жана жакшылык менен алдыга умтулуу. Жакшылыкты укканда жакшылык ээсине кайрымдуулук билдирип коюу. Мүмкүн болсо, "Сен үчүн өтө кубандым, ооматыңды берсин", деш керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Ой жүгүртүү үчүн**

## Максатка айланган суктануу

Таякемдин мени менен бирге чоңойгон уулу Өзбекстан Улуттук университетинин тарых факультетинин археология бөлүмүндө окуйт эле. Ал мугалимдери менен тез-тез археологиялык экспедицияларга барчу жана көргөндөрү жөнүндө бизге берилип айтып берет эле. Мен болсо ага абдан суктанып, археолог болууну эңсечүмүн. Ошол кездерде кыялымда байыркы эстеликтерди казууда катышып, мамлекетибиздин өтмүшү жөнүндө көптөгөн маалымат бере алуучу баа жеткис буюмдар, тыйындар таап жаткандай элем. Кызыгууларымдын күчтүүлүгүнөн археология жана тарых багытында окудум. Аман Ташмухамедов, Светлана Лунина, Замира Усманова сыяктуу көптөгөн устаттардын кызыктуу лекцияларын угуу мен үчүн өтө жагымдуу эле! Күздө экспедицияга жол алдык. Эңсегеним ишке ашып жатканынан өтө кубанып жаттым. Экспедиция учурунда журтубуздун тарыхы канчалык бай экенин түшүндүм.

Биз байыркы Шахрисабздагы эстеликтер, байыркы Марв шаарын казуу иштеринде катыштык. Беш жыл бою түрдүү аймактарда: Самарканд, Кашкадарыя, Аккоргондогу казылмаларга бардым. Ошол археологиялык экспедициялар мага тарыхты жазма булактардан үйрөнүүнү гана эмес, о.э, материалдык далилдер аркылуу терең анализдөө мүмкүнчүлүгү бар экенин көрсөттү.

Мен өз ишимде дайыма устаттарым М. Массон, Э. Ртвеладзе, Б. Лунин, Р. Раджапова, Р. Аминовага суктандым.

Жогорку окуу жайын аяктап, Өзбекстан Республикасы Илимдер академиясынын Тарых институтуна ишке бардым. Бул илим очогунда кыйладан бери жолугушууну эңсеген аалымдар менен тааныштым. Алардан бири Өзбекстан археологиясынын атасы эсептелген улуу аалым, академик Яхё Гуламов эле. Бул жолугушуулар, тынымсыз эмгек жана мамлекетибиздин тарыхы жана археологиясына абдан кызыгышым илимдин доктору, профессор болушума, лаборанттыктан Тарых институтунун директору даражасына чейин болгон татаал, бирок сыймыктуу кызмат орундарында иш алып барышыма мүмкүнчүлүк берди.

Адам эңсегенине жетишүү үчүн дайыма өз үстүндө иштеши, билим алышы өтө зарыл. Бирок жакшы аалым болуу үчүн адам жакшы инсандык сапаттардын ээси болушу керек, о.э, өз Мекенин жана анын тарыхын жакшы көрүшү керек. Ошондо гана ал илим чокусуна чыгат!

*Диларам Алимова, тарыхчы аалым*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Суктануу кандай натыйжаларга жетелейт?
2. Максатка жетишүү үчүн суктануунун өзү жетиштүүбү?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

## Суктан жана аракет кыл

13 жашар бала элем. 2007-жылы Чикагодо бокс боюнча дүйнө чемпионаты үчүн күрөш баруда. Үй-бүлөбүз менен телевизордон алыстабай Аббас Атаевдин рингдеги кыймылдарын күзөтүп жаттык. Финалда боксчубуз Казакстандык Эркабулан Шиналиев жана россиялык Артур Бетербиевдерди жеңип, алтын медалга ээ болду. Рингди кунт коюп күзөтүп, Аббас агама суктандым. Бул суктануумду көргөн атам мага: “Сен албетте чемпион болосуң, алга гана умтул, аракет кыл, эмгектен коркпо!” деди. Ошол күндөн баштап, спорт менен олуттуу машыга баштадым.

Суктандым жана алдыга умтулдум. Натыйжада 2019-жылы мага да бокс боюнча дүйнө чемпиондугу насип кылды.

Токио –2020 Олимпиада оюндарында бокс боюнча алтын медалга ээ болдум. Суктан жана аракет кыл, эңсегениңе албетте жетесиң.

*Бахадыр Жалалов*



Эрк – адамдын өз ишмердүүлүгү жана психикалык жараяндарын башкарууда байкалуучу жөндөмү. Адам эрктүү аракетин ишке ашырып, өзүнө басым жасаган керектөө жана каалоолоруна каршы турат. Эрк үчүн “мен каалаймын” деген текшерүү эмес, тескерисинче “керек”, “аткарышым шарт” деген текшерүү мүнөздүү.

**Руханият казынасынан**

Аракетке берекет.

Эрктин маанилүү сапаттары: өзүн тута билүү, кайраттуулук, туруктуулук, чыдам жана такаат, принципиалдуулук, өз алдынчалык. Эрктин күчү ушул сапаттардын кандай даражада көрүнүшүнө карап белгиленет. Киши жогорку идеяларга негизделген аң-сезимдүү туруктуулук жана чыдамдуулук менен өз аракети жолундагы тосколдуктарды жеңсе, ал күчтүү эрктин ээси болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн

## Буттарыңда көйгөй болсо, билегиңде күч бар го!

2004-жылы бактысыз окуянын натыйжасында сол бутум тиземден ампутация кылынды. Бир бутумдун жок экенин көргөндөн соң, оюма биринчи болуп эми жашоом эч качан мурдагыдай болбойт, деген сөз келди. Күндөн күнгө соо бутумдан да күч кете баштады. Агам Улукбек сол бутун бириктирип алып, оң бутубузду күчтөнтөбүз деп мени менен бирге машыкчу. Анткени мектеп менен үйүбүздүн ортосундагы аралык кыйла алыс, жөө барууга туура келчү.



2011-жылы Ташкент шаарындагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адистештирилген республикалык өнөр-кесиптик коллежге окууга бардым. Коллеждин атынын өзү да мени үмүтсүздүккө салды. Бул маанайымдан кабардар болгон дене тарбия мугалимим мага таш көтөрүү боюнча өзүмдү сынап көрүүнү сунуштады. “Буттарыңда көйгөй болсо, билегиңде күч бар го! Аракет кыл, чемпион болосуң!” деди. Мына, жыйынтыгында 2013-жылы Малайзияда жаштар арасында өткөрүлгөн Азия оюндарында, 2014-жылы Дубайда өткөрүлгөн Эл аралык гран-при мелдешинде дүйнөлүк рекордду жаңылап, алтын, 2021-жылы Манчестерде өткөн дүйнөлүк кубок, Грузияда өткөн дүйнөлүк кубокто алтын медалдарга жетиштим.




*Фархад Умрзаков*

### Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. “Суктан жана алдыга умтул” темасында эссе жаз.
2. Чекиттердин ордуна туура келүүчү сөздөрдү тап.

*Мындай ууруларга ... жана ...лар кирет.*

*Уурулар мал уурдаса, мындай кишилер адамдардын арасындагы ..., ..., ... жана ...нү уурдап, чыр чыгарышат.*

*Ар бир ... өз ...га туура ... зарыл.*

3. Сен эмнелерге суктанасың? Максатка жетишүү үчүн суктануунун өзү жетиштүүбү? Эңсеген тилекти ишке ашыруу үчүн адам өз мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алышы керекпи? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 29-ТЕМА: ЭМГЕГИНЕН БАКЫТ ТАПКАНДАР

**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар**

1. Аялдарды мүнөздөөчү 2 сапатты айт.
Аял аткара турган милдеттер жөнүндө 3 сапатты айт.
"Аял" сөзү катышкан сүйлөм же сөз бирикмесин айт.
"Аял" сөзүнүн маанилештерин санап бер.
2. Эркти чыңдоо үчүн кандай көнүгүүлөрдү жасоо керек?
3. "Бакытка жетишүү үчүн эркиң бекем болушу керек" деген ойго кандай карайсың?
4. "Эрки бекем", "эрктүү", "эрки сынбас" деген сөздөр кандай адамдарга карата айтылат?

**Ой жүгүртүү үчүн**

## Жыл адамы

Мен 1994-жылы Харезм облусунда төрөлгөнмүн. Кичинекей кезимде дары реакция берип, оң бутум иштебей калган. Ошондон улам майып болуп калдым. 2010-жылы Ташкент шаарындагы Мүмкүнчүгү чектелген адамдар үчүн адистештирилген Республикалык өнөр-кесиптик коллежине окууга кирдим. Дене тарбия мугалимибиздин колдоп-кубаттоолору натыйжасында спорттун паурлифтинг (таш көтөрүү) түрү менен машыга баштадым. Аракеттерим текке кетпеди. 2013-жылы Дубайда өткөн Эл аралык гран-при турниринде бронза медалына ээ болдум. Бул менин чоң спортко алгачкы кадамым эле. 2016-, 2018-жылдары Азия чемпионаты, 2018-жылы Жакартада өткөн ПараАзия оюндарында, 2021-жылы Тбилиси шаарында өткөн дүйнөлүк кубокто алтын медалдарды колго киргиздим.



ПараАзия оюндарынын рекордун жаңыладым. Токио – 2020 паралимпиа оюндарында болсо күмүш медалдын ээси болдум.

Спорт эркти бекемдей тургандыгына ынандым. Менин мүмкүнчүлүгүм чектелбеген, тескерисинче мүмкүнчүлүктөрүм чексиз.

*Козуева Роза, Өзбекстан паралимпиада курама командасынын мүчөсү*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачыл ишмердүүлүк

1. Ой жүгүртүү үчүн берилген тексттерден пайдаланып төмөнкүлөр жөнүндө ой жүгүрт.

Мен өз алдыма ... максат койдум.

Максатыма жетүү үчүн ... кылдым.

... иштерди улантамын.

... сыяктуу көйгөйлөрдү ... жогото аламын.

... колумдан келет.

2. Берилген сүрөттөрдүн негизинде "сынбас эрк" жөнүндө пикир билдир.







Мавлюда Абдуназарова эки колу жок болсо да живопись жана килем токууну исскуство даражасына көтөрө алды.

Гүлшада бала кезинде бактысыз окуянын натыйжасында буттарынан айрылган. Бирок ал жашоого умтулуусу натыйжасында тигүүчүлүктү үйрөндү. 2020-жылы мамлекеттен 80 миллион сум кредит алып, өз бизнесин баштады.

## Руханият казынасынан

Бир уламышта айтылгандай, хаварийлер Иса алайхисаламдан "Эй Рухуллах! Бүгүн жер жүзүндө сизге окшогон киши барбы?", деп сурашты. Ал мындай жооп берди: "Кимдин сөзү зикир, сүкүтү пикир жана назары үлгү болсо, албетте, ал мага окшоптур".

Хасан Басрий: "Кимдин сөзү накыл сөз болбосо, ал ларв (пайдасыз) болот, кимдин сүкүтү ой жүгүртүү болбосо, ал ката, кимдин назары үлгү алуу болбосо, ал лахв (пайдасыз амал) болот", деген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

## Чыныгы адис бул – түбөлүк окуучу

Өмүрүн кесибине арнаган, “Улуу кызматтары үчүн” ордени, “Алтын калем” улуттук сыйлыгынын ээси, жогорку категориялуу диктор, Өзбекстан эл артисти Галина Мельникова менен болгон маек темасындагы пикирди тастыктаса, таң калбаймын...



“Ооматтуу кокустук себеп бул тармакка кадам койгом. Медицина институтунда эң жакшы бааларга окучумун. Тилегим педиатр болуу эле. Ноябрда бир экзаменди тапшырып, азыркы Ташкент медицина академиясынын коридорунда досторум менен сейилдеп жүргөн элек. Ошол учурда телевидениенин эки режиссёру алдыма келип, конкурста катышууну сунуштаган. Ошондо “Эмне ал телевидение?” деп да сураган элем, билбейт элем да. Досторум мени конкурста катышууга көндүрүшкөн. Оомат күлүп, конкурстан өткөм. 6-ноябрда телевидение ачылган болсо, 26-декабрдан расмий түрдө ушул мекеменин ишчисине айланганмын.

Бир жылдан соң жетекчилик окуумду өзгөртүү талабын койгон. Медицина институтун үчүнчү курстан токтотуп, ошол уучурдагы Чет тилдери педагогика институтунун англис тили факультетинде окугам.

Дикторду “каска жана калкансыз”, ката кетирүүгө акысы жок аскерге окшотом. Анткени, дайыма күтүлбөгөн жагдай болот, качан, каерде, кандай көрсөтүүнү алып бараарыңды, кимден интервью алышыңды алдын ала билбейсиң.

Балалыгымдан бардык ишим мыкты даражада болушуна адаттангам. Мектепте үч албоо үчүн таңкы саат 06:00 да ойгонуп, сабактарымды кайталачумун. Ушул жашка чейин тынымсыз өз үстүмдө иштөөдөн токтогон эмесмин. Азыркы жашымда жарым күнүм бош, бирок бардык газеталарды окуп, жаңылыктар менен таанышам, саясий программаларды калтырбай көрөм. Отуз беш жашымда мени Москвага ишке чакырышкан, үй-жай кылып берүүлөрүн айтышкан, макул болгон эмесмин. Себеби Мекеним – Өзбекстан!”

*“Даракчи газетасы”нан*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. “Каска жана калкансыз” дегенде эмнени түшүндүң? Дагы кайсы кесип ээлерине карата бул сөздү колдонуу мүмкүн?
2. Профессионал диктор болуу үчүн адам кандай сапаттарга ээ болушу керек? Оюңду негизде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Ой жүгүртүү үчүн**

1948-жылы үй-бүлөбүз менен Ташкентке көчүп келдик. Ташкенттин өзүнө мүнөздүүлүгү, бийик дөңсөөлөрү, бактары мени өзүнө тартты. Айрыкча, узак Сибирден келген кызга бул өлкөнүн табы адамдарынын мээрими менен бири-бирине айкалышып кеткендей туюлат эле.

Досторум менен дөңсөөлөрдүн үстүндө ойносок, чоңдор: “Ай, этият болгула, бул дөңсөөлөрдүн астында бүт бир аалам бар”, дешсе, таң калчумун. Апам болсо: “Бул дөңсөөлөрдө тарых жашырынган, аларды археологдор аныкташат, эгерде мектепте жакшы окусаң, алар сага өз сырларын ачат”, деп мага түшүндүрчү. Бул эңсөөм максатка айланды. Апам айткандай, 1954-жылы мектепти алтын медалга аяктадым жана Орто Азия Мамлекеттик университети (азыркы Өзбекстан Улуттук университети)нин археология багытына окууга кирдим. Бул менин максатыма карай дагы бир кадам эле. Илимий изилдөөлөрүмдө Ташкенттин Ханабад шаары, Шаштепа, Чиланзар актепасы, Юнусабад актепасы, Миңөрүк тарыхый эстеликтерин үйрөнүп, Ташкент шаарынын 2200 жылдык тарыхка ээ экенин негиздей алдым.

Жаштыгымдагы эңсөөлөрүм жашоомдун максатына айланды. Иштерим болсо, өзбек элинин улуттук тарыхын ачып берүүгө кызмат кылды. Бул арзыбас эмгектерим, албетте, мамлекет тарабынан көңүл сыртында калтырылбады. Илим-техника багытында Беруний атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болдум, “Достук” ордени, “Шухрат” медалы, Франциянын “Академик пальма” ордени менен сыйландым.

*Маргарита Филонович, тарыхчы аалым*

**Чыгармачыл ишмердүүлүк**

1. Заманбап дүйнөдө археолог кесиби канчалык олуттуу? Эмне үчүн?
2. Археолог үчүн тарых предметин билүүнүн өзү жетиштүүбү, анын тарбиялык маанисичи? Оюңду негизде.
3. Төмөндө берилген текстти оку жана мамиле билдир. Жообуңду теманын аты менен байланыштыр.

**Ой жүгүртүү үчүн**

Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев “Элдердин достугу” күнү майрамында жолдогон майрамдык куттуктоосуна мамлекетибизде жашап, Мекенибиздин өнүгүүсү жолунда ак дилден эмгектенип жаткан түрдүү улут жана эл өкүлдөрү жөнүндө өзүнчө токтолуп, Маргарита Филонович, Галина Мельникова, Виктория Акилова, Гүландам Субханова, Ханифа Салихова, Кайкеп Алиева сыяктуу жаш муунубузга өрнөк болуп келаткан атактуу коомдук ишмерлердин аттарын атады.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Маалымат үчүн



Дүйнөдөгү эң байыркы, ошону менен бирге, үзгүлтүксүз иштеген университет Ал-Каровин жогорку окуу мекемеси болуп саналат. Бул жогорку окуу жайы Марокконун Фас шаарында жайгашкан болуп, ага б.з.ч. 859-жылы Фатима ал-Фихрий аттуу аял негиз салган. Бул илимдүү аял бай соодагердин үй-бүлөсүнөн болгон. Бул университет дал ошол үй-бүлөнүн каражаттарынын эсебине курулган.

Университетте диний билимдер, чыгаша жана синтаксис илимдери, чечендик өнөрү, логика, медициналык тартип, математика, астрономия, химия, тарых жана география сыяктуу предметтерден сабак өтүлгөн.

Ал-Каровин эң байыркы жана ишин токтоосуз улантып келаткан университет экенин ЮНЕСКО да таанытан. Эң байыркы жогорку окуу жайы катары Гиннестин рекорддор китебине киргизилген.

### Сабактан оң жыйынтык чыгарып

1. Бир күндө канча чечим кабыл алышыңа көңүл бургансыңбы? Мисалы, бүгүн сабак кылайынбы же жокпу? Баштап кайсы ишти кылышым керек? Колумдан келет бекен? Эмне кылсам экен?

2. Кабыл алган чечимиң жашоонду бүткүл өзгөртүп жибериши мүмкүндүгүн ойлоп көргөнсүңбү?

3. Алдыңа койгон максаттарыңды ишке ашыруу үчүн кандай чечимдер кабыл алышың керек? Кабыл алышың мүмкүн болгон чечимдердин тизмесин түз. Аларды үй-бүлө мүчөлөрүң менен талкуула.

4. Өз чечимиңди коргоо үчүн негиздүү далилдер келтир. Мында өзүңдө мүмкүнчүлүктөр жетиштүү экенин далилдеп бер. Мисалы, чет тилин жакшы билем жана ушул багытта билим алышым мүмкүн. Наабайлык колумдан келет, өзүмдүн наабайканамды ачамын...

5. Ал-Каровин университетинин ачылышына эмне себеп болгон?

6. Бүгүнкү темабыздын каармандарын бириктирүүчү жактары жана сапаттары жөнүндө ой жүгүрт.

7. Темадагы каармандар өзүнө мүнөздүү сапаттары менен дагы кандай кесиптерди ээлеши мүмкүн эле деп ойлойсуң? Эмне үчүн?

8. Тарыхта жана бүгүнкү күндө ийгиликке жеткен аялдар жөнүндө презентация даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 30-ТЕМА. МЕН ТАНДАГАН ЖОЛ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Жогорку руханияттуу адамга таандык болгон сапаттарды санап бер.
2. Чыгыш даанышмандарынын "Эң чоң байлык – бул акыл-эс жана илим, эң чоң мурас – бул жакшы тарбия, эң чоң жакырдык – бул билимсиздик!" деген накыл сөзү сенин жашооңдо кандай мааниге ээ?
3. Максаттарыңды ишке ашырууда алдыңа кандай максаттар койдуң? Сенин максаттарың үй-бүлөңдүн жыргалчылыгы үчүн канчалык маанилүү?

## Ой жүгүртүү үчүн

Ардактуу окуучу!

Сен 11 жыл бою дилинде, жүрөгүндө кайраттуулук сезими өтө күчтүү болгон, ар кандай татаал жагдайда да өзүн аябай, Мекени үчүн үлгүлүү иштерди аткарган адамдардын жашоосу менен тааныштың. Дал ошондой адамдардын руханий сапаттары себеп изги сезим-туюмдар, ыйык жана улуу түшүнүктөр дүйнөдө алигече жашап келүүдө.

Бүгүнкү күндө түрдүү идеялык чабуулдарга каршы туруу, адал жашоо, өз үй-бүлөсү жана ошол аркылуу мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошуу, Мекендин тагдырына тиешелүү болуунун өзү чоң эрдик болуп саналат. Албетте, ылдам өзгөрүп жаткан дүйнөдө өздүгүн асырап калып, "Азирети Адам" деген атка ээ болуу оңой эмес. Ал үчүн ар минутта берилген болуу, ар бир баштаган ишке жоопкерчилик менен мамиле кылуу, адал жашоо, ыймандын буйругун жашоо принцибине айландыруунун өзү жетиштүү. Адалдык ушундай бир сыйкырдуу ачкыч дейсиң, дал ал өнүгүү эшиктерин ачат. Ал адам ыйманынын сакчысы, рухун тазалайт, жеткилеңдикке баштайт, эркин чыңдоочу чоң күч болуп саналат.

Ошондо гана ар кандай чокуларды ээлөө, үчүнчү Ренессансты ишке ашыруу колуңдан келет.

## Руханият казынасынан

жүрөк жана баатыр адамдар келечекте боло турган кыйынчылыктардан коркпойт.

*Абу Али ибн Сина*

## Сабактан оң жыйынтык чыгарып

Жашооңдо төмөнкү аз болсо да, чоң мааниге ээ болгон эрежелерге көңүл бур:

– Менменсинбе. Дайыма урматта болосуң.

– Эч кимге көрө албастык кылба. Жыргалчылык жана бейпилдик табасың.

– Бирөөнүн акысына кыянат кылба. Бакыт жана таалайга жетишесиң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**БИЛИП КОЙ, СЕНИ ДАЙЫМ МЕКЕНИҢ КҮТӨТ!**

*Гафур Гулам*

Натыйжа
Эрк
Максат
Тилек
Билим
Сапат

*Сен бүгүн класста дилиң кубанып,*
*Экзамен кезегин турасың күтүп.*
*Мыкты мамлекеттин мыкты перзенти,*
*Билип кой, сени дайым Мекениң күтөт.*

*Глобуста болгон ар бир чекитти*
*Миллиондоп адамдар жүрөт Мекендеп.*
*Бактылуу элибиз жашайт түбөлүк*
*Билип кой, сени дайым Мекениң күтөт.*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ырбы, лирикабы, же жөнөкөй тил,*
*Элдердин тилдери бирдей эмес, бил!*
*Дипломат болорсуң, сен бүгүн балким,*
*Билип кой, сени дайым Мекениң күтөт.*

*Илимдер көп, билимдер бар үйрөнүүгө күч*
*Жерде жүр, сууда сүз, асманында уч.*
*Баарынан мыкты бол, баарынан озгун,*
*Билип кой, сени дайым Мекениң күтөт.*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАР

1-тема: Мекендин өнүгүшүнө мен да жооптуумун........................4
2-тема: Эркин жана жыргал турмуштун мазмуну........................10
3–4-тема: Чечкиндүү кадамдар менен чоң турмушту карай...14
5-тема: Үй-бүлөнүн жоопкерчилиги, аброю жана баркы..........21

## II БӨЛҮМ. АДАМ РУХАНИЯТЫ

6-тема: Үлгүнүн турагы..............................................................25
7-тема: Кең пейилдүүлүк ...............................................................29
8–9-тема: Ксенофобия ...................................................................36
10–11-тема: Миссионерлик – жаштардын келечегине коркунуч ...................................................................................42
12–13-тема: Кибермейкиндикте маалыматты пайдалануу маданияты ...........................................................50
14–15-тема: Дүйнө диндеринде тынчтык идеясы .......................57

## III БӨЛҮМ. КООЗ САПАТТАР

16–17-тема: Сезимдердин ар түрдүүлүгү..........................................65
18-тема: Көркөмдүк жана руханият..................................................72
19–20-тема: Сырткы дүйнө жана ички дүйнө.................................78
21–22-тема: Этикет...........................................................................89

## IV БӨЛҮМ. ЖЕКЕ ӨНҮГҮҮ

23–24-тема: Ренессанстын пайдубалы...........................................95
25–26-тема: Адалдык вакцинасы.....................................................104
27–28-тема: Суктан жана алдыга умтул.........................................111
29-тема: Эмгектен бакыт тапкандар..............................................118
30-тема: Мен тандаган жол............................................................123



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

D. Kenjayev, N. Ismatova, Z. Islomov, D. Rahimjonov, D. Ruziyeva,
Z. Zamonov, O. Mahmudov, S. Shermuhammedova, S. Akkulova,
N. Xolmuxamedova, Z. Jabborova

# TARBIYA 11

BAXT VA MUVAFFAQIYAT SIRLARI

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
11-sinf o‘quvchilari uchun darslik
(Qirg‘iz tilida)

Yangi nashr

Которгон *Айнура Зулпихорова*
Редактор *Кайратбек Токтобаев*
Компьютерде беттөөчү-дизайнер *Равшан Маликов*
Корректор *Анваржон Зулпихоров*
Сүрөтчүсү *Бехзад Зуфаров*
Техникалык редактору *Акмал Сулайманов*

Басууга 2021-жылдын 21-декабрында уруксат берилди.
Форматы 60x84 1/8. Офсеттик кагаз. “Cambria”
гарнитурасында офсеттик ыкмада басылды. Шарттуу басма
табагы 14,88. Эсептик басма табагы 11,82. Тиражы
нускада. Буйрутма № ____.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде тотурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE